КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ДИН ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# Дин маданиятынын тарыхы

**БИШКЕК-2016**

# КИРИШ СӨЗ

Ардактуу балдар, силер мектепте, айланадагы чөйрө, табият, коом жана анын баалулууктарынын түзүлүшү сыяктуу ар кандай билимдердин негиздерин үйрөнөсүңөр. Бул билимдер силерге ар тараптан өнүккөн жана билимдүү адам болуу, ошондой эле практикалык ишмердүүлүк үчүн керек болот. Бул билимдерден тышкары ар бир адамдын инсан катары калыптануусу, анын ички дүйнөсүнүн жана маданиятынын түзүлүүсү үчүн маанилүү болгон түшүнүктөр, ойлор жана ар кандай маалыматтар дагы бар. “Дин маданиятынын тарыхы” курсу дагы ушундай түрдөгү билимди үйрөткөн тармактардын бири болуп саналат.

Дүйнөлүк маданияттагы, адабияттагы, көркөм чыгармачылыктагы, искусстводогу, саясаттагы жетишкендиктер, адамдын сезимдерин, ойлорун жана иш-аракеттерин ар дайым коштоп жүргөн жалпы адамдык этикалык баалуулуктар күнүмдүк жашоодо алгач диний баалуулуктардын негизинде өнүгүп башташкандыгын белгилеп кетүү керек. Дин кудайга ишенген адамдардын диний кызыкчылыктарын, моралдуулугун, адептүүлүгүн, ошондой эле жакшылык жана жамандык жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандырат. Дин – адамдын коомдук күнүмдүк жашоосунун ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат, себеби ал анын сезимдерине, ойлоруна жана иш-аракеттерине таянат.

Дин маанилүү орун ээлеген дүйнөнү түшүнбөстөн башка адамдар менен ынтымакта жашоо мүмкүн эмес. Бул биздин өлкөгө өзгөчө тиешелүү, себеби Кыргызстанда ар кандай диндерди карманган 100ден ашык этностун өкүлдөрү жашайт, алар түрдүү диндерди тутушат, анын ичинде Кыргызстандын аймагында мурун таралбагандарды да бар.

Китептин автордук тобу, бул курсту окуп-үйрөнүүдө диний маданияттын жетишкендиктерин кабыл алуу менен чектелбестен диний концепцияларды, искусство чыгармачылыктарын, салттарды, ырым-жырымдарды жана ар-кандай элдердин ой-жүгүртүүсүн түшүнүшөт деп үмүттөнүшөт. Ошондой эле көп улуттуу жана көп конфессионалдуу чөйрөдө тынчтык жана ынтымак орнотуу максатында эки тарапты урматтоо жана диалогдун негизинде баарлашуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берет деп ишенишет.

Бул курсту окуп - үйрөнүүдө, силер диндин теоретикалык негизги түшүнүктөрү, анын маңызы, коомдогу динге берилген орду менен таанышасынар. Ошондой эле кыргыз элинин азыркы жана өткөн чактагы диний салттары, өлкөдөгү диний кырдаалды окуп-үйрөнөсүңөр.

Дүйнөдөгү түрдүү диндер кандай өнүккөндүгүн, планетадагы адамдардын жашоо турмушуна кандай таасир эткендигин, алардын маданиятынын диний ишенимдеринин өзгөчөлүктөрү тууралуу билимдерди аласыздар.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу учурда Кыргызстанда орун алган динге байланыштуу көйгөйлөрдү эске алуу менен түзүлүп, аларды чечүүгө көмөк көрсөтүүгө багытталган.

Ардактуу балдар, силерге билимдерди алууда ак жол каалайбыз!

Силерге ийгилик каалоо менен, автордук топ.

# ТЕМА 1. ДИН МАДАНИЯТЫНЫН ФЕНОМЕНИ

**Маданият жана дин жөнүндө түшүнүк.** Азыркы учурда маданият түшүнүгүнө ар кыл көптөгөн аныктамалар берилип келет. Маданият бул жаратылыштын, коомдун өзгөрүүсүнө алып келген, адамдардын колунун жана акыл эмгегинин натыйжасында жаралган материалдык өндүрүш, искусство, адабият, философиялык жана теологиялык концепциялар белги системасынын жаралышы, аларды колдоно билүү жана аларды толуктап жаратуу.

***Эсиңерде болсун! Маданияттын кеңири мааниси бул – адамдын (коомдун) кыймыл аракетинин жана акыл эмгегинин натыйжасында жаралган нерселер. Маданияттын кууш мааниси – адамдын (коомдун) жашоосунун материалдык шарты аныктаган жана анын турмуш тиричиликте, тарбияда, илимдин жетишкендиктеринде, искусстводо, адабиятта ж.б. чагылдырылган адеп-ахлактык абалы.***

***Материалдык маданият*** бул– адамдын колунан жаралган руханий байлык, энергетикалык жана чийки ресурстар, эмгектин куралы, имараттар жана курулуштар, коммуникациялык жана транспорт каражаттары, сейилдөө бактары, адамдын колу менен түзүлгөн ландшафттар ж.б.

***Руханий маданият*** – коомдун материалдык-техникалык өнүгүүсү менен тыгыз байланышкан, руханий ишмердүүлүктүн өзү жана анын натыйжасынын жыйындысы. Бул- искусство, дин, адеп, илимий билимдер, идеалдар, баалуулуктар ж.б. Бул адамдын талыкпаган руханий интеллектуалдык өнүгүүсүнүн натыйжасы.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Маданият** *материалдык* жана … болуп бөлүнөт.
Материалдык маданият бул – …
Руханий маданият бул – …

*Материалдык жана руханий маданияттын айырмасын ар кыл багыттарда изилдеп карасак болот.* Мисалы: эмгек куралына караганда руханий маданияттын баалуулугу (искусство) эч качан эскирбейт. Андан сырткары руханий байлык бир гана предметтик формада болбостон (китептер, картиналар ж.б.) *ишмердүүлүктүн аракети* катары да жаралат. Мисалы: скрипкачынын ойноосу, актердун сахнада роль жаратышы ж.б.



Ошондой эле, руханий байлыкта аны жараткан инсандын - акын, ырчы, сүрөтчү, обончунун ички дүйнөсү дагы чагылдырылат. Из калтырган инсандар алардын түзүүчүлөрү. Автордун кайталангыс өзгөчөлүгү бизге мазмундуу гана чыгарма тартуулабастан, эмоционалдык күчтүү сезимдерди жаратып, философиялык ойлордун, диндеги системалардын маңызын түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Материалдык жетишкендиктин деңгээлинин чеги болот, ал эми адамдын жан дүйнө баалуулугуна болгон керектөөсүнүн суроо-талабынын чеги жок. Руханий маданияттын көрүнүштөрү болуп үрп-адат, салт жана коом тиричилигиндеги каада болуп белгиленген тартиптер эсептелет.

**Маданият баалуулуктары.** Маданияттын негизги элементтерине – тил, социалдык баалуулуктар, социалдык тартип жана ырым-жырымдар, каада - салт, үрп-адаттар кирет.

**1.** ***Тил*** *– белгилүү бир мааниге ээ болгон белгилердин жана символдордун системасы,* анын жардамы менен маалыматтар түзүлөт, сакталат жана жеткирилет, адамдар бири-бири менен пикир алмашып сүйлөшүшөт. Тил адамдын социалдык жүрүш-турушун камсыз кылат. Тилдин жардамы менен адамдар айлана-чөйрөнү таанып билип, ой жүгүртө алышат.

**2.** ***Социалдык баалуулук*** *бул – адамдын эмнеге умтулуш керек экендигин тастыктап, социалдык жактан жактырылган жана кабыл алынган ишенимдердин катышы.* Социалдык баалуулуктун негизинде коомдо жана үй-бүлөдө келишүү жана ынтымак орнойт. Муну менен катар жалпы адамзаттык баалуулуктар дагы бар. Мисалы: тынчтык, эркиндик, тең укуктуулук, адамдын кадыр-баркы, бирин бири сыйлоосу, жарандык милдет, жан дүйнө байлыгы, материалдык жактан жетишкендик ж.б. Андан сырткары адамдын белгилүү бир багыт алуусун чагылдырган жеке баалуулуктарды-(ден-соолук, карьера, байлык, адилеттүүлүк, ак ниеттүүлүк ж.б.) айтса болот.

***3. Социалдык нормалар*** *– бул эреже, белгилүү бир маданият баалуулугуна дал келип, адамдардын өз ара аракетенүүсүн жөнгө салган жүрүм-турум стандарттары жана үлгүлөрү. Алар укуктук жана моралдык деп бөлүнөт.* Социалдык нормалар маданияттын дагы бир маанилүү компонентин түзгөн каада- салттарга, ырым-жырымдарга, үрп-адаттарга таянышы мүмкүн.

***4. Үрп-адаттар, каада-салт, ырым-жырымдар*** *– бул адамдардын өткөндөн калган (ата-бабадан) жүрүм- турумун жөнгө салган социалдык нормалар.*

***Үрп-адат*** – бул ата-бабалардан калган, тарыхый калыптанган, аткарууга милдеттүү болгон көптөгөн кыймыл-аракеттердин үлгүсү. Башкача

айтканда, жүрүм-турумдун жазылбаган эрежелери. Аларды бузгандарга эскертүү, жактырбоо жана башка амалдар колдонулат. Моралдык мааниси бар үрп-адаттар салттарды түзүшөт. Бул түшүнүк адамдардын жүрүм-турум ченемдерине мүнөздөмө берет. Мисалы: азыркы коомдо колдонулуп жатабы же адеп-ахлактык сынга кабылдыбы, ушулардын бардыгына аныктама берет. Эгерде үрп-адат бир муундан экинчи муунга өтсө салт катары колдонула баштайт.

***Каада-салт*** – бул муундан муунга өтүп сакталып келе жаткан маданият мурасынын бир элементи жана жалпы эле коомду же социалдык тайпаларды бириктирүүгө өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда айрым каада салттарды так орундай берүү консерватизмге алып келип, коомдун жашоосун артка тартат.

***Ырым-жырымдар*** – бул каада-салт жана үрп-адат менен шартталган өзүнө белгилүү бир эрежени жана баалуулукту камтыган, биргелешкен кыймыл аракеттердин символикалык түрүндөгү жыйындысы. Ырым-жырымдар адамзаттын өмүрүндөгү эң манилүү күндөрүн коштоп жүрөт: төрөлүү, ымыркайга ат коюу, куда түшүү, үйлөнүү той, адамды акыркы сапарга узатуу аземи, кошок айтуу ж.б. Ырым жырымдын күчү анын адамдардын жүрүм –турумуна эмоционалдык-психологиялык жактан таасир берүүсүндө.

Ырым жырым менен шаан-шөкөттөр жана ритуалдар тыгыз байланышкан. Шаан-шөкөт дегенде белгилүү бир символикалык кыймыл аракеттин бир тизмек менен аткарылышын түшүнөбүз (үйлөнүү той, сыйлык алуу, ымыркайдын төрөлүүсү, акыркы сапарга узатуу).

Жогоруда белгиленген элементтер адамдын жүрүм-турумун жөнгө салган баалуулук болуп калыптанган система катары социалдык маданияттын өзөгүн түзөт. Коомдо белгилүү бир функцияны аткарган маданияттын башка элементтери да бар. Аларга көнүмүш адаттар, тигил же бул окуядагы жүрүм-турумдардан калыпка түшүп калган көз караштар, божомолдор, жүрүм-турумдун сырткы көрүнүштөрүна, айланасындагылардын сын көз менен карашы, этикет (жүрүм-турумдун социалдык чөйрөдө кабыл алынган өзгөчө эрежеси) мода (өзүнүн жеке өзгөчүлүгүн жаратуу) жана өзүнүн социалдык келечегин колдооого умтулуу.

Ошентип, маданият өзүнчө бири-бири менен байланышкан функционалдык татаал элементтердин системасы, адамдын ишмердүүлүгүнүн маанилүү механизми катары социалдык абалын аныктап, жашоо жана жан дүйнөсүнүн негизги багыты болуп эсептелет.

***Бул кызыктуу!*** *Азыркы кыргыздар үчүн мурункудай эле маанилүү баалуулук- бул үй-бүлө, балдары, жакындарынын, туугандарынын аман-эсендиги, күйөө менен аялдын бири-бирин түшүнүп сыйлоосу.*

*Көптөгөн элдик каада салттын, үрп адаттын жана ырым-жырымдардын элементтери өзгөрүп турганга ийкемдүү, айрымдары бүтүндөй унутулуп колдонулбай калган. Мисалы: бүгүнкү күндө*

*кыргыздардын үй-бүлөсүндө келиндин көз карандылыгы жоюлган, үй-бүлөлөр достук мамиледе болушуп келинге жаңы үй-бүлөдө үстөмдүк кылбаган, кысымсыз мамиле кылышат, анын өзүнүн калыптануусуна жана карьерасынын өсүшүнө шарт түзүлөт. Кызды ала качуу мурда элдик үрп-адат болуп эсептелсе, азыркы күндө мыйзам тарабынан жоопко тартылат, никеге туруу шарттары – өзүнүн эркинин болушу, эки тараптуу сезимдер жана бул маселени өз алдынча жаштардын чечүүсү.*

*Салттуу үрп адаттардан азыркыга чейин келин көрүү, сеп көрүү, жаштардын үстүнө ширииндик чачуу, тиричилик ырларын ырдоо, кудалардын макулдашуусу, кызга сеп берүү, ымыркайдын төрөлүшүндөгү ырым-жырымдар («бешикке салуу», «кыркын чыгаруу», «тушоо кесүү», «сүннөткө отургузуу»), ислам дини менен байланышкан каадалар сакталып калган,*

*Социологдордун изилдөөсүндө социалдык абалы, теги жактан тең эмес үй бүлөлөр туруктуу эмес. Кыргыздардагы дагы бир өзгөчүлүк- бул үй-бүлө ичиндеги мурасчынын мураска ээ болушу кызыктуу жана маанилүү, салт боюнча кичүү уулу атасынын үйүндө калып мурасчы болот жана ага аны менен кошо карыган ата-энесин багуу милдети жүктөлөт.*

**Дин жөнүндө түшүнүк.** Адамдар дин деген эмне деген суроого дайыма жооп издеп келишкен. Бирок ар бир доордун, ар бир муундун элдери динди өз алдынча ар кандай түшүнүп келишкен.

***Эсиңерде болсун!* *Дин – бул дүйнөнү аңдап билүү, укмуштуудай ишеним менен шартталган, өзүнө моралдык ченемдерди, үрп-адаттарды, культтук аракеттерди камтыган жана адамдарды бир бүтүндүккө бириктирүүчү курал болуп саналат.***

Диндин түшүндүрүүдө ар кандай аныктамалар бар .

**Теологиялык -** кудай бары чын жана адам аны менен сүйлөшөт

**Философиялык жактан маданият таануучулук -** кудайдын бар экенине ишенүү же ишенбөө. Кудайга ишенүү же ишенбөөсүнүн натыйжасында коомдун жашоосунда диндин орду келип чыгат.

**Социалдык-психологиялык -** диндин социалдык жана психологиялык абалга тийгизген таасири каралат

Адамдардын руханий ишмердүүлүгүнүн өзгөчө формасы менен дин

тыгыз байланышкан жана коомдук системанын башка элементтери (саясат, экономика, маданият ж.б.) менен бирге аракеттенип, аларга өз таасирин тийгизе алат. Ошондой эле ушул тармакта иштеген топтордун, мекеме, уюмдардын ишмердүүлүгү аркылуу дин *экономикага, саясатка, мамлекетке, этнос аралык мамилелерге, үй-бүлөгө, маданиятка ж.б.* таасирин тийгизип алар менен тыгыз байланышта.

| | |
|---|---|
| **Дин** (лат. Religare – бириктирүү) | - болуп көрбөгөндөй, укмуштуудай ишеним, ага негизделген дүйнө тааным, дүйнөлүк көз караш жана ага дал келген жүрүм турумдар |
| | - көз караштардын жана элестетүүлөрдүн жыйындысы, кудайга ишенүүнүн, үрп-адаттардын, ырым-жырымдардын, аларга сыйынуу иш аракеттеринин системасы. |
| | - адамдардын ишенимдин негизинде бир бүтүндүккө биригүүсү (мечит, чиркөө, диний коомдор ж.б.) |
| | - руханий керектөөнү канааттандыруу формасы |

Диндин таасиринин деңгээли анын коомдогу ордуна көз каранды.

***Эсиңерде болсун! Клерикализация – бул диндик мекеме уюмдардын диндин өзүнө гана тиешелүү чектөөлөрдөн чыгып коомдун жашоосунун бул же башка жактарына таасир тийгизүүгө аракеттенүүсү.***
***Секуляризация – бул диндин коомдогу таасирин алсыздатуу***

Көрсөтүлгөн клерикализация жана секуляризация процесси Азиянын, Американын, Африканын, Европанын мамлекеттеринде жана аймактарында бири-бирине карама-каршы жана тең ченемдүү эмес.

Тарых тастыктагандай *диндик мекеме уюмдар ар кандай көз караштарды ээлеши мүмкүн, алар: прогрессивдүү, консервативдүү, регрессивдүү.*

Азыркы шартта ишмердүүлүктүн маанилүүлүгү институттардын, тайпалардын, партиялардын, анын ичинде диндик мекеме уюмдардын жалпы адамзатка тиешелүү болгон адамгерчилик баалуулукка кызмат кылгандыгы менен аныкталат.


***Эсиңерде болсун! Дин маданияты* азыркы заманда жашап жаткан ар кыл элдердин жашоосунун маанилүү элементин өзүнө камтыйт, себеби, *дин тарыхта маданияттын калыптануусун жана мамлекеттүүлүктүн, өлкөлөрдүн, элдердин өз ара мамилелеринин өнүгүүсүн аныктаган фактор болуп эсептелген.***

Бүгүнкү күндөгү дүйнөдөгү маданиятта, архитектурада, адабиятта, көркөм өнөрдө, саясаттагы жетишкендиктер, андан сырткары, адамды

дайыма коштогон ыйман, адеп-ахлактык сезимдер, ойлор жана кылган иштерине жоопкерчиликтүү болуу диний баалуулуктардын таасири аркылуу жаралган десек болот.

Ошол эле мезгилде, *дин – коомдун ынтасы, жигерсиз (пассивдүү) натыйжасы дегенге дагы болбойт.* Анткени дин дүйнөнү руханий өздөштүрүүнүн ыкмасы катары өздүк өндүрүштүк жөндөмдүүлүккө ээ, ой-максаттарды, түшүнүктөрдү, көрүнүштөрдү, ченемдерди, баалуулуктарды жана ар түрдүү материалдык дүнүйө жаратууга өбөлгө түзөт.

**Диндин структурасы жана классификациясы.** Жогорудагы аныктамаларга таянып диндин структурасын карап чыгалы. Төмөндөгү схемада диндин структуралык планын бирдиктүү биргелешкен бекем элементтер түзөт: диндик эс тутум, диндик мекемелер, уюмдар, диний ырым-жырымдардын жыйнагы (культ), диний мамилелер ж.б.




*Диний аң-сезим* жогорку күчтүн бар экендигине бекем ишенүүгө негизделип, анын булактары ыйык китептер -Куран, Талмуд, Библия, ж.б. болуп келген. Ыйык китептерде кудай, жаратылыш, коом жана адам жөнүндө баяндалып жазылган.

*Диний ишмердүүлүк* бул кудайга кызмат кылуу: курмандыкка чалуу, ырым жырымдар, зыярат кылуу ж.б. Ар бир диндин өзүнө гана таандык эрежелери түзүлүп, динге ишенгендер качан, кантип, эмнени жасаш керек экендиги көрсөтүлгөн. Бул аткарыш керек болгон жөнөкөй эле сыйынуу актыларынан (жүгүнүү, тизелеп туруу, крест белгиси) же андан татаалыраак (курмандыкка чалуу, ырым-жырымдарды кармануу, кудайга жалынуу дубаларын айтуу, майрамдар).

Сыйынуу (культтук) ишмердүүлүгүндө *диний мамилелер түзүлүп*, динге ишенгендер бири-бири менен сүйлөшө алышат жана ал диндеги тайпалардын достошуусуна каражат болуп берет. Кудайга кызмат кылуу убагында эстетикалык керектөөлөр канааттандырылат. Мунун бардыгы адамдын динге болгон сезимин күчөтүп, аларды бириктирет жана жан дүйнөсүнүн байышына жардам берет.

*Өзүңдү сынап көр!*

| Дин кийинки элементтерден турат, алар:… |
| --- |
| |

*Диний уюмдар* башкаларга караганда салыштырмалуу мүнөзгө ээ болуп өзгөрүп турушат. Диний түшүнүктөр, кабыл алынуусу жана иш аракеттери кийинки этаптарда диндин өнүгүүсү, диний уюмдар бирдиктүү диний комплекс катары калыптанып, анын элементтери ажырагыс болуп байланышып турат. Бул элементтердин жыйындысы дин деген атайын бир өзгөчө социалдык көрүнүштү жаратат.

***Эсиңерде болсун!* Динди социалдык көрүнүш катары изилдеп жана анализ кылуу үчүн уюмдардын классификациясынын негизин түзгөн мамлекеттик, укуктук статус, статистикалык талдоо, этникалык белгилери, жаралуу убагы, өзгөчөлүктөрү ж.б. ар түрдүү белгилер.**

**Илимде диндин көптөгөн ар кыл классификациясы бар:**

***Улуттук диндер*** (*иудаизм, индуизм, конфуцианство, даосизм, синтоизм ж.б.)* аталышынан эле көрүнүп тургандай кандайдыр бир деңгээлде, кайсы бир эл, этнос жана улут менен байланышкан. Мындай улуттук тиешелүүлүк тарых менен байланыштуу болуп, аларга геосаясаттык абал, доктриналык себептер, этникалык маданияттын ар түрдүүлүгү ж.б. таасир эткен.

Ушул эле себептерден улам, ар кыл элдердин арасында кеңири жайылган жана сыртка багытталган **дүйнөлүк диндер**. жаралган. Алар болгону үчөө: *буддизм* – өзүнө эки негизги багытты камтыйт – хинаяна жана махаяна; *христианство* – үч негизги багыты бар – католицизм, православие жана протестантизм; *ислам* – эки багыты бар – суннизм жана шиизм.

*Өзүңдү сынап көр!*

| Дүйнөлүк диндер – бул … |
| --- |

Мындан тышкары диндин классификациясы ишенүүгө чакырган белгилери менен негизделген. Ал динди монотеисттик, политеисттик, дуалисттик, кудайсыз дин жана синкреттик кылып бөлөт.

***Эсиңерде болсун!***

***Монотеисттик*** диндин башкы айырмасы- жалгыз бир кудайга сыйынуу (христианство, ислам, иудаизм).

***Политеисттик*** динде көп кудайдын бардыгына ишенүүгө негизделген дин (Байыркы Египетте, Грециянын, Индиянын ж.б.

***Дуалисттик*** диндин негизинде эки бири-бирине карама-каршы аракеттенген кудайларга ишенүү кирет (зороастризм, маздаизм).

***Кудайы жок дин (нетеисттик)*** **–** абстрактуу идеалдарга ишенүү

көрүнүшү: жогорку мыйзам, акыл-эс, адамгерчилик ж.б. (байыркы буддизм, джайнизм).

***Синкреттик ишеним*** ар түрдүү диндерди жана анын элементтерин бириктирүүгө аракет кылат (манихейство, бахаизм, теософия ж.б.).

**Адам жашоосундагы ишенич менен диндин орду.** Кандай гана дин болбосун анын негизин жогорку бир күч, укмуштуудай Кудайдын бар экендигине ыинануу түзөт, бирок эмнеге таянып бул ишенич келип чыкты? Биринчиден: дин жөнүндөгү мифтердин мазмунун жана ыйык китептердин (Библия, Коран ж.б.) негизинде пайда болгон. Көп кылымдардан бери дин таануучулар кудайдын бар экенине ынандырууга аракет кылып келишкен. Ошондой болсо дагы немец философу И. Кант өзүнүн ой жүгүртүүсүндө: «Логикалык жол менен кудайдын жок экенин же бар экенин такташ мүмкүн эмес, ишенүү гана керек» – деп кесе айта алган.

***Дин кудайга ишенүүдөн башка төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт:***
- *моралдык нормалар, б.а. адеп, калыпка* түшүп калган тартипти аткаруу, эгерде бул эрежелер аткарылбаса же бузулса күнөө болот, демек ал жактырылбайт жана жазаланат дегендик;
- *белгилүү бир юридикалык мыйзамдар жана нормаларды* кудайга ишенген мыйзам чыгаруучуларга, падышаларга ж.б. башкаруучуларга кудай тарабынан берилген аян катары кабыл алуу - б*ул же башка динге кызмат кылган ыйык адамдарга, пайгамбар деп атап,* ыйык тутуп ишенүү ж.б. (мисалы: исламда Мухаммед пайгамбар, католицизмде – рим атасы кудайдын жердеги өкүлү болуп эсептелет);
- *адамдын жан дүйнөсүн сактап калчу күчтөргө* ишенүү (Кудайга ишенген адамдар ыйык китептерде жазылгандарды же дин кызматкерлердин айтканын кылышат (нике, сүннөт, сыйынуу, орозо ж.б. ритуалдык иш аракеттер);
- кайсыл бир динди жактоочу *диний жамааттын кудайга багыттылган ишмердүүлүгүнө ынануу.*

Жыйынтыктап айтканда, диндин өзгөчөлүгү ошол ишенимдин өзүнүн бар болуусу, адамдардын оюн, кыймыл аракетин, ишин башкарып турган Ааламдын жаратуучусу Кудай бар экенине ишенүү. Ошондой болсо дагы заманбап диндик окууларга ылайык, адамды Кудай эркин, тандоого өз эрки менен барган жана өзүнүн кылган ишине өзү жооп бергендей кылып жараткан.

Дин адамдын жана коомдун жашоосунда маанилүү ролду ойноп, ар кандай ***функцияларды*** аткарат. Эң негизги кызматы төмөнкүлөр:

***Айланага көз караш*** кызмат*ынын* жардамы менен адам айлана-чөйрө, андагы болуп жаткан кубулуштар, адамдын ички дүйнөсүнүн мазмунун, өмүрүнүн маанисин түшүнөт жана башкаларга дагы туюнтуп бере алат.

Динге ишенген адамдар диндин ***компенсатордук кызматынын (функциясынын)***жардамы менен адамзаттын өмүрүндөгү кыйынчылыктарды оңой башынан кечире алышат. Бул жерде психологиялык аспект маанилүү, дин социалдык «дарылоонун» ролун аткарып, стрессти жоготот.

Диндин ***коммуникациялык функциясы*** ишенгендердин өз ара аракеттенүү процессин камсыздайт, баарлашуу, жеткирүүлөр, алмашуу, диндеги маалыматтарды кабыл алуу жана ишенгендердин бири-бири менен болгон байланышы.

Диндеги ой-максаттар, баалуулуктар, жайгаштыруулар, стереотиптер, культтук ишмердүүлүк жана байланышкан мекеме уюмдар адамдын жүрүм-турумун жөнгө салуу аркылуу калыптанат.

Дин ***коомду жана тайпаларды бириктирүүчү*** фактор катары аны туруктуу кылууга же «өздөр» жана «жаттар» кылып бөлүүгө таасир тийгизе алышы мүмкүн.

Андан сырткары дин адамдын жашоосунда ***маданият чагылдыруучу ролду*** аткарат, ал адамга маданият баалуулуктарын жана салтына жеткирүүгө көмөк көрсөтүп, аныктоочу, тастыктоочу же негизги ролду аткармак. Ал этностук маданиятынын бүтүндүүлүгүн, кат тааныгандык, китеп бастыруу, искусствону сактап турат. Андан сырткары дин өзүнө тиешелүү баалуулуктарын сактоого, тажырыйбанын муундан муунга өтүүсүнө катышат.

Ошол себептүү дин маданияттын феномени катары адамдын жана коомдун жашоосунда маанилүү ролду ойнойт.

**Диндин дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүндөгү ролу.** Тарыхта, дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүндө дүйнөлүк буддизм, христианство жана ислам диндери өзгөчө маанини ойношкон.

***Буддизм*** жалпы диндик компонент катары Индиядан Жапонияга чейин Чыгыштын ар кыл цивилизацияларына- архитектура, скульптура, музыка, бий, театр жана сүрөт искусствосуна чоң таасирин тийгизген. Буддизмдин жайылуусу менен көп сандаган буддистик храмдар, монастырлар, зор үңкүрлүү жана аскалуу комплекстер түзүлгөн. Буддистик монастырлар кылымдар бою Ыраакы Чыгыш өлкөлөрүнүн маданиятынын бирден бир негизги очогу болуп келген. Бул жерде убагында илхам издеген акындар, сүрөтчүлөр, окмуштуулар жана философтор өз чыгармаларын жаратышкан. Монастырдын китепканаларынын архивинде баа жеткис жазма маданиятынын берметтери сакталып, ар дайым эмгекчил котормочу, монахтар көчүрүп жазып жана көбөйтүп, муундан муунга сакталып келген.

*Буддизмдин маданиятка болгон таасири окумуштуулардын оюнда түбөлүктүү адамзаттык чындык, сүйүү жана сулуулук идеалдардын өнүгүүсү жана алардын сакталып калуусу, анткени булар болбосо маданият деген түшүнүк дагы болушу мүмкүн эмес.*

***Христианство*** дагы өзүнө Байыркы Грециянын, Римдин маданий мурастарын камтып, Европа элдеринин баалуулуктар системасына жана ой жүгүртүүсүнө чоң таасирин тийгизди. Ал Библия, библиялык каармандар жана анын сюжети кылымдардан бери алдыңкы болуп келе жаткан батыш Европанын маданиятынын калыптанышына чоң салым кошту (сүрөт искусствосуна, скульптура, адабият, музыка жана архитектурасына).

Булардан сырткары *христианство дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүнө салым кошкондугу бул жалгыз Кудайга ишенип жана дүйнөнүн десакрализациясына илимий изилдөөлөргө жол ачып, дүйнөнү таанып билүүгө жана техникалык прогресске негиз түздү.* Өзүнүн түшүнүгү аркылуу адам эркин жана жоопкерчиликтүү экенин түшүндүрүп христианство адам укугунун доктринасынын жаралышына мүмкүндүк берди. Бөлүнүү жана айырмасы аркылуу дин жана светтик бийликтин ортосунда христианство жарандык коомду жана индивидуалдуу эркиндикти калыптандыруу мүмкүн экенин далилдей алды.

***Ислам*** башка дүйнөлүк диндердей эле дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүндө эбегейсиз чоң ролду аткарды. Ал дүйнөгө мыкты мамлекеттик ишмерлерди, музыканттарды, акындарды, философторду жана архитекторлорду берди, алардын жетишкендиктери азыркы илимдин жана маданияттын абалына чоң салым кошту.

Мусулмандар рух менен материя, ишенич менен илим аралашкан укмуштуудай цивилизацияны курууга жетишти. *«Алтын кылым» доорунда мусулман цивилизациясы дүйнөгө өзүнүн жакшылыктарын берди. Ислам негиздеген университетке Европадан жана дүйнөнүн түбүнөн окуганга келишкен. Ушул цивилизациянын жардамы менен эксперименталдуу ой жүгүртүү жана таанып билүүнүн илимий методу пайда болгон. Бул жерде кайталангыс түрдө дин менен илим, этикет жана искусство аралашкан.*

Ошол себептүү, дин руханий маданияттын тармагы катары адамдын жашоосунда эң маанилүү ролду ойнойт. Диндин жардамы менен адам дүйнөнү аңдап билди, жана өзүнүн бул турмушта ордун тапты, дин адамзатынан тышкары эмнелер бар экенин түшүндүрүүгө аракеттенди: өлүп калуу коркунучун жана өмүрүн узартуу каалоосун жок кылды.

***Эсиңерде болсун! Дин адамдардын руханий байлыгынын кызыкчылыгын канааттандырат, баалуулуктардын системасын, адеп-ахлакты, ак жана караны, жаман менен жакшыны айырмалоого үйрөтөт. Диндин мааниси, таасири күчтүү, ал гумманисттик заманбап дүйнөнүн баалуулуктарын, коомдун кулк-мүнөзүн чыңдап, ар түрдүү көз караштагы адамдардын макулдашуусун камсыз кылат.***

## ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТТЕР

→Дин түшүнүгүнө аныктама берүү аракеттери башталган….
→Динди «эл үчүн опиум» деп аташкан….
→Тил, социалдык баалуулуктар, каада-салт, үрп-адат, ырым-жырымдар…
→Дин маданиятка ушулар аркылуу таасирин тийгизет….
→Динчилдиктин негизи бул….
→Дүйнөлүк диндердин улуттук диндерден айырмаланышы....
→Диндик иш аракеттердин каражаты же анын функциясы болуп....
→Дин бул – ....
→Диндин маданияттын өнүгүшүндөгү орду ….

→Буддалык маданияттын өнүгүшүнө тийгизген таасирин ....
→Христианствонун дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүндө....
→Ислам дүйнөлүк маданияттын тарыхында ....

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. «Маданият» деген түшүнүккө аныктама бергиле.
2. «Маданият» менен «диндин» кандай байланышы бар?
3. Маданияттын кандай баалуулуктарын билесиңер?
4. Диндин коомдогу кандай иш аракеттерин жана анын кандай функцияларын билесиңер?
5. Кандай диндер дүйнөлүк болуп саналат жана аларды келип чыгуу тартиби менен атагыла. Дүйнөлүк диндер улуттук динден эмнеси менен айырмаланат?
6. Дүйнөлүк тилдер жалпы адамзатка тиешелүү кандай баалуулуктарды камсыз кылат?
7. Дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүндө диндин орду кандай?
8. Эмне үчүн азыркы убакка чейин окмуштуулар коомдун жашоосундагы диндин орду жана ролу жөнүндө бирдиктүү бир жыйынтыкка келе албай келишет? (түшүндүргүлө)
9. Динди гумандуулукка каршы колдонуунун тарыхта көптөгөн мисалдар күбө боло алат. Бул диндин ички мазмуну бышык экенинен кабар береби?
10. Кандай ойлойсуңар, адамдын тарыхы динсиз түзүлмөкпү же жокпу? Өзүңөрдүн көз карашыңардын пайдасына аргументтерди келтиргиле.

**Практикалык тапшырма**

1. Дал келтиргиле:

| | |
|---|---|
| 1. Маданият | а) адамды социалдашуу процесси |
| 2. Билим | б) мифологиялык ой жүгүртүүнүн негизи |
| 3. Илим | в) көркөм элестерде ой жүгүртүү |
| 4. Дин | г) мыйзам жана түшүнүк чегинде ой жүгүртүү |
| 5. Искусство | д) материалдык жана руханий баалуулук |

2. Кандай ойлойсуңар, акыркы жылдагы адамдардын динге маани бериши анын кадыр-баркынын көтөрүлүшүн түшүндүрөбү же башка себептен ишене башташтыбы?
3. «Макулмун» же «каршымын» деп аргументтерди келтиргиле: ***«Диний адам» - бул руханий жактан бай, адамгерчиликтүү, адеп-ахлактуу адам.***

## 2-ТЕМА. АЛГАЧКЫ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕР (1 *саат*).

**Тотемизм** *(гр.— башталыш, негиз деген мааниде, түндүк америкалык индеецтердин* of-ofet *деген сөзүнөн, “анын уруусу” дегенди билдирет)* — ***адамзат коомунун өнүгүшүнүн алгачкы баскычындагы элдин мифологиялык түшүнүгү.*** Анын негизги өзгөчөлүгү катары адамдардын тигил же бул уруунун, айбанаттардын пайда болушун, тегин, айрым жаныбарлар, өсүмдүктөр менен тикеден-тике байланышта түшүндүрүү, анын ыйыктыгына, кереметтүүлүгүнө ишенүү болуп саналат. Кыргыздардын ишениминде сакталып калган алгачкы диний көз караштардын катарына тотемизм менен байланышкан диний элестөөлөрдү кошууга болот.

**Тотемизм** — *уруучулук коомдогу диний ишенимдердин жана каадалардын жыйындысы, диндин байыркы формасы.* Тотемдик түшүнүктөр уруулук коом үчүн гана мүнөздүү болгон. Ошондуктан, тотемизм байыркы убакта дүйнөдөгү көп элдерге тарап, алардын материалдык жана маданий турмушуна өз таасирин тийгизген. Бир ***тотемдин тукуму делинип*** эсептелген уруу же топ ***өз ич ара кыз алып, кыз беришпейт.*** Кээ бир элдер тотем ***жандыктын этин*** жешпейт. Айрым элдерде тескерисинче, тотем ***жандыктын эти касиеттүү күч-кубат берет*** деген ишеним бар. Мына ушундай көз караштардын чагылдырылышы түрк, моңгол, иран урууларында ***жылкы, бука, ит, бөрү, төө, бугу, буура, короз*** жана башка жаныбарлардын культу менен тыгыз байланышкан.

Байыркы чыгыш түрк — Орхон-Энесай жазууларында кыргыз жана башка түрк элдери тарабынан тотем катарында урматталган ***илбирс, карышкыр*** жана башка жаныбарлар айтылат. Манастын туруктуу эпитеттеринин бири ***«көк жал», «көк бөрү»*** болуп берилет.



Түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин эпикалык эстеликтеринде, анын ичинде «Манаста» оор акыбалда калган каармандарга адамча сүйлөп, кеп-кеңешин айткан акылдуу аттын образы эң эле кенен тараган. ***Аттын куйрук-жалы, көкүлү, эти*** адамдарга күч-кубат, кайрат берчү касиетке ээ дешип аны **тумар (көз тумар)** катары пайдаланышкан. Кыргыздардын түшүнүгүндө, көз карашында тотемизм туруктуу түрдө орун алып, фольклордук чыгармалардын эпос, жомок, санжыра, уламыш өңдүү жанрларында, алардын идеялык-тематикалык мазмунунда чагылдырылган. Бугу жөнүндөгү бул байыркы түшүнүк көп кылымдардан бери сакталып келе жатат. Ошондуктан урууларды ***бугу, бөрү, багыш*** ж. б. деп аташкан. Уламыштар боюнча, Бугу уруусунун түпкү теги, бугудан чыккан, бугулардын, аркар-кулжалардын, тоо эчкилеринин ж.б. ыйык колдоочусунун кызы- мүйүздүү аял болгон.

Мисалы,“Манас” эпосунда *Семетей* менен *Чыйырдыны* алып Букарга качып бараткан жолдо ыйык Байтерекке токтогондо тотемдик дарактын жана Бугунун колдоо көрсөткөн учуру эпосто мындайча сүрөттөлөт:

Атасынан баласын
Колдоп эле жүргөн пири экен,
Ошондо он эки айры ак бугу,
Чуркап жетип келди эле,
Бешиктеги беренин —
Семетейди көрдү эле.
Эмчегин берип ал бугу,
Мойнун гана бөлөк буруптур,
Бу баланын өзүнө
Эмчегин берип туруптур *(Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 52).*

Тотемдик аталышы бар этнонимдердин катарына ***жагалмайды*** кошууга болот. Бул мунгуш уруусунун эки бутагынын бири.

Кыргыздардын тотемдик түшүнүгүндө ***Кайберен - эчки-теке, элик, аркар-кулжа, бугулардын*** пири, колдоочусу болуп саналат. Бул тотемдик түшүнүктөр биздин элдин оозеки чыгармачылыгында, “Манас” эпосунда жана кенже эпосторубузда кеңири колдонулган.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Тотемизм – бул...**

**Эсте сакта!*****Тотемизм***-гр. башталыш, түндүк америкалык индеецтердин ***of-ofem*** деген сөзүнөн, ***“анын уруусу”*** дегенди билдирет.



**Анимизм** *(лат. animus — жан, рух)* — ***материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө ээ, аларды үстүнөн башкарып турган жандардын бар экенине карата болгон ишеним.*** Анимисттик көз караш боюнча бүт табигат ***ак санатай*** же ***кара санатай рухтар*** менен курчалган, ал эми табияттын кара күчтөрү фантастикалык рухий күч катары эсептелет. Адамдар ***тоо-ташка, бадалдарга, дарактарга, аска-чокуларга, күнгө, ай-жылдызга, жерге, сууга, отко, булактарга*** жана башкаларга сыйынышкан, алардын ээсине арнап курмандык чалышкан.

***Анимизмдин негизги жоболорунун бири***: асман, жер жана суу ээсине,

анын колдоочулугуна, зыян келтирүүчүлүгүнө ишенүү.

Кыргыздар ***айды*** жана ***күндү*** асмандын ажырагыс бөлүгү катары карашкан, алар сыйынуунун объектиси болгон. Кыргыздар жаңырган айды көргөндө үч жолу башты жерге ийе салам айткан жана жайында ийилип саламдашкан жердин чөбүнөн жулуп алып, үйүнө келгенде отко ыргыткан. Кыргыздар айда кемпир бар деп айтышкан, кирпиктерин санап койбосун деп, айды узакка кароодон коркушкан, эгерде ушундай болуп калса, анда адам өлөт деген түшүнүк кеңири тараган. Дегеле, ай тууралуу урматтоо менен айтышат. Кыргыздарда көрсөтүлгөн себептерден улам, кемпир чачты санап койбосун деп коркушуп, жылаңбаш ай алдында укташкан эмес, антсе адам өлүп калышы мүмкүн деп санашкан. **Ф.Поярков** кыргыздардын ай менен байланышкан көз караштарына токтолуп: ***«Айды көрүп, ар бир кыргыз, эркеги да, аялы да ага бата тилейт»*** деп жазган. Кыргыздар Жердеги бардык жандыктар бири-бири менен өз ара байланышкан жана алардын бардыгы ***Күнгө көз каранды*** деп эсептешкен. Кыргыздар Күндү ардакташып, аны таза тосуу үчүн, Күн чыкканга чейин жуунушкан.

Кыргыздарда, ар бир адамдын өзүнүн ***жылдызы*** бар, анын жылдызы канчалык жогору болсо жана башка жылдыздардан канчалык көбүрөөк айырмаланса, ал адамдын турмуштагы жолу ошончолук ийгиликтүү болот деп ойлошкон. Ийгилик коштоп жүргөн жагымдуу, жүзү жылуу адамды кыргыздар ***жылдызы бар киши*** же ***жылдыздуу адам*** деп аташкан. Кокус ал асмандан анын жылдызы кандай кулап бара жатканын көрүп калса, ал өлүп калат деп, асмандан учуп бара жаткан жылдызды карап туруп, кыргыз акырын гана, анын жылдызы жогоркусу деген сөздөрдү айткан. Кыргыздар эзелтен бери эле түнкү асманга байкоо жүргүзүп, бири-биринен өзгөчө белгилери менен айырмаланган, аз эмес нерселерди таанып билип гана чектелбестен, ошондой эле дүйнөнүн тараптары боюнча да багыт алууну жакшы билишкен. Кыргыздар өздөрүнө кырсык алып келет деп эсептешип, эч качан жылдыздар тарапты карай жолго аттанышкан эмес. Эгерде алар айдын тогузунда кайдадыр бир жакка жолго чыкса, аты ооруп калышы мүмкүн дегенге ишенишкен. Ушундан улам, кыргыздарда онунчу сан гана ийгиликти жана жыргалчылыкты алып келет деген ишеним кеңири тараган жана ушул күнү кайда болсо да жолго чыгууга болот деген ишеним тараган.

Кыргыздардын диний ишенүүлөрүнүн чоң бөлүгү дарылык касиети бар булактар ***(арашан, кайнар булактар (башат),*** менен байланышкан. Булактын ***Рух-колдоочусунун урматына*** курмандык чалышкан. Бул жерлерде курмандыкка чалуу үчүн кой союшуп, этин бышырып жешкен жана сөөгүн көрүнүктүү жерге иреттеп жыйнап коюшкан. XX к. башында Ак-Суу өрөөнүндөгү (Ысык-Көл) Алмалуу мазарында мал союшуп, нан бышырышып, булактан суу ичишкен, ал суу толтурган чуңкурга жуунушкан. Ал булактын ээси ак тайлак деп эсептешкен. Кыргыздарда азыркыга чейин көрүнбөгөн Рух-колдоочулардын ***(пир)*** — ар жаратылыштык кубулуштун ээсинин бар экендиги тууралуу ишеним жашап келет. Мисалы, **Рух-колдоочу** – башаттардын, кайнар булактардын жана суулардын ээси - ***Сулайман,*** жапайы туяктуу жаныбарлардын ээси-***Кайберен,*** канаттуулардыкы-

***Буудайык,*** иттердики-***Кумайык,*** жырткычтардын ээси-***Жабыр баян,*** жылкылардын ээси -***Камбар-Ата,*** койлордуку-***Чолпон-Ата,*** эчкилердики-***Чычаң-Ата,*** төөлөрдүкү-***Ойсул-Ата,*** уйлардыкы-***Зеңги-Баба,*** дыйкандардын колдоочусу-***Баба-Дыйкан*** жана башкалардын ээлери бар деп аларга сыйынышкан. Адамдын да ушундай ээси бар ***(Адамдын ээси).*** Мисалы, адам өлсө, ээси алып кетти де эсептешкен.

Мазарларга, кээде азыр да жаныбарлардын сөөктөрүн жана баш сөөктөрүн, тоо эчкилердин, аркарлардын мүйүздөрүн коюшуп, топоздун куйруктарын шыргыйга байлашып, дарактарга кездеменин кесиндилерин, кебездин үзүндүлөрүн илип коюшкан. Кандайдыр-бир табигый кырсыктар ***(кургакчылык, малдын ылаңы ж.б.)*** же мусулмандык майрамдар учурунда ***курмандыкка чалуулар (түлөө)*** коштогон, коомдук сыйынуулар уюштурулган. Үй-бүлөдөн кимдир-бирөө ооруп калган же малы ылаңдаган, ошондой эле, балалуу болбогон учурда, мындай мазарларда жекече курмандыктарды чалышкан. Курмандыкка чалуу учурунда, исламга эч тиешеси жок дубаларды да окушкан.

Мазарлар Кыргызстандын бүткүл аймагында бар. Бул жерде алар үйүлгөн таштар, таш коргондор, кээде кыштан курулган коргондор түрүндө да кездешет. Эреже катары, ал жакка тоо эчкилердин, аркарлардын мүйүздөрүн чогултушуп, белгиленген бир жерде шыргыйга топоздун куйругун же тутам жүн, кездеменин кесиндисин байлашкан. Дарактарга болсо, кездемелердин кесиндилерин, кебездин тутамын, жиптерди байлашкан ж.б. Аларга атактуу ***Арсланбабты, Каракол-Атаны (Каракол ш. жанындагы, Каракол д. жээгинде), Чеч-Дөбө (Ат-Башы өрөөнүндө), Шың-Ата (Ысык-Көлдүн түндүк бөлүгүндө, Светлый Мыстагы айыл чарба техникумуна жакын жерде), Чолпон-Атаны (Ысык-Көлдүн түндүк бөлүгүндөгү күмбөз тургузулган жерде), Манжылы-Атаны (Ысык-Көлдүн түштүк бөлүгүндө, Кажы-Сайга жакын), Кочкор-Атаны (Кочкор өрөөнүндө)*** кошууга болот.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Анимизм – бул...**

Эсте сакта! ***Анимизм***- *лат.****“animus”*** — ***“жан, рух”***

**Фетишизм** *(фр. fetiche – идол, талисман, амулет)* – ***өзгөчө, табигаттын тышкаркы күчкө, сыйкырга ээ, жансыз предметтердин (фетиштер) культу, аларга сыйынуу, ишенүү.*** Байыркы доорлордогу бардык эле элдерге мүнөздүү. анын сакталган калдыктары катары – тумар, көз мончок коргоочу күчүнө ишенүүчүлүк саналат.

**Фетиш** нерселердин ***(мисалы, тумар, крест)*** адам тагдырына таасир

берүүчү кереметине ишенүүдөн көрүнөт. ***Ошондой эле байыркы адамдардын дүйнө таануу жана түшүнүү жаатындагы мифологиялык-фантастикалык ой жүгүртүүгө негизделген идеологиянын өзгөчө бир формасы болуп эсептелет.*** Ал адамдарга гана мүнөздүү сапаттарды тигил же бул буюмга, нерсеге таандык кылып, алардын адаттан тыш керемети бар деген диний ишенимге таянган көз караш катары пайда болгон жана жашаган. Фетишизм көптөгөн элдердин коомдук аң-сезиминде туруктуу орун алып, алардын материалдык жана маданий өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген. Диний-мифологиялык мындай түшүнүктөр менен ишенимдер кыргыз элинде да жашап келген жана анын калдыктарын ***«Манас»*** эпосунан кеңири жолуктурууга болот.

Байыркы адамдар буюмдун жана нерсенин керемет күчүнө табынышы жана ал ишенимдин бир айныксыз фактысы катарында эпикалык душмандардын ***бутка же бурканга (табына турган сүрөт же тулку, идол)*** сыйынгандыгын көрсөтүүгө болот. Буттун көрүнүшүндө ***«анын бултуюп, эки уурту дулдуюп»*** турушу, ***келбетин жана башын алтындан, көзүн көөхардан, колдорун забар менен зерден, тиштерин инжиден, эрди-мурду зумуруттан жасалгандыгы сыпатталат да, ага башын уруп, анын «айтканын» жасап турууга*** милдеттүү экендиги баяндалат.




Ал эми аны жамандоо, ага терс мамиле жасоо адам баласына жамандык, кырсык алып келиши мүмкүн экендиги эскертилет. Адамдын башына келген түрдүү оор, кысталыш учурларда ***бут же буркан*** өз керемети менен аларды сактап кала тургандыгы жөнүндө ишеним айтылат.

Байыркы кыргыздардын аң-сезиминде далынын, ***куттун кереметине*** ишенүү салты туруктуу орун алып келгендигин жана алар эпостун жалпы мазмунуна тиешелүү таасир тийгизгендигин белгилөөгө болот. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында кырк чородон **Агыдай** ***«далы көрүүчү, акыр заман оодарып, ашкере айтып берүүчү»,*** **Төлөк** ***«төгүн айтпаган мыкты төлгөчү»*** катарында башкалардан айырмаланып турушат.

***Жай таш*** фетиштик түшүнүк катарында Азия элдеринин диний аң-сезиминде кеңири учурайт. Анын эпостун идеялык, көркөм-эстетикалык мазмунуна тийгизген таасири кыйла жана туруктуу өзгөчөлүктөрдөн болуп саналат. **Сагымбай Орозбаков** менен **Саякбай Каралаевдин** вариантында жайчылык өнөр Алмамбеттин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири катары көрсөтүлгөн. ***Жай таш*** кандай гана кырдаалда, окуяда колдонулбасын анын керемети окуянын жүрүшүнө, каармандардын мүнөзүнө таасир тийгизиши мүмкүн деп, магиялык ырым-жырымдар менен коштолот. ***Жай таштын керемети*** аркылуу - жай мезгилин кыш мезгилине өткөрүүгө, ооштуруу

мүмкүнчүлүгү менен бурганактаган алай-дүлөй бороон, күн көрүнбөгөн түнгө алмашуу, суулар тоңуп, сасык туман каптап, алаамат түшүрүүгө болот дешкен.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Фетишизм – бул...**

Эсте сакта! **Фетишизм** - *фр. "**fetiche – идол, талисман, амулет**"*



**Мифология. Кыргыз мифологиясында - *адамга жана анын байлыгына, көчмөндөрдүн мал-жанына зыян келтирүүгө жөндөмдүү болгон, түрдүү жин-шайтандар чоң орунду ээлейт.*** Ошондуктан, алар өзгөчө аңчыларга кол салган, жез тумшуктуу жана жез тырмактуу аял ***(жез тырмак),*** адамдын согончогунун канын соргон кемпир (***мастан кемпир***), ошондой эле, жаңы төрөй турган аялдарга коркунуч келтире турган аял (***албарсты***) кейпин кийген жандуу нерселерге ишенишкен. ***Сары*** жана ***кара*** деп бөлүнгөн ***жиндерге*** ишенүү өзгөчө орунду ээлеген. Аларды адамдарда жана жаныбарларда, түрдүү ооруларды, биринчи кезекте, жин ооруударын, эпилепсияны жана башка нерв ооруударын пайда кылган майда чиркей жана чымын келбетинде элестетишкен.

Кыргыздардын арасында, көп сандаган магиялык аракеттер жана ырым-жырымдар менен коштолгон, ыйык токойлорду, дарактарды, булактарды, таштарды ж.б. ардактоо кеңири тараган. Ал тоолордун, дарыялардын, ашуулардын, жаныбарлардын жана канаттуулардын ар кандай түрлөрүнүн ээлери тууралуу элестөөлөрдүн цикли менен байланышкан. Алардын айрымдары өткөндө уруулук табынуунун объектилеринен болгон. Ал биринчи кезекте, тоолорду ардактоого байланыштуу. Мисалы,***Чүй дарыясынын башындагы Күңгүрөмө, Текес тарабындагы Көк-Суу бугу уруусунун, Кочкор-Ата сарыбагыштардын*** ыйык тоосу деп эсептелген. Ар бир уруунун ушундай ыйык тоосу болгон.

**Андан тышкары, ата-бабанын арбагына сыйынуу** – ***ата бабаларынын сөөгү коюулган жерлерди коргоо жана ал жерлерди ыйык тутуу кеңири тараган.***

Өлгөн адамдар жөнүндө жаман пикир айтпаш керек, өлүк коюлган күмбөз, мүрзөлөр ***"ыйык жерлер"*** деп эсептелген. Ал жерлерге ата-бабаларга арнап жаныбарлар курмандыкка чалынган.

Ата-бабалардын арбактарына сыйынуунун негизин алар анык бар деген көз карашы түзөт. Ата-бабалардын арбактары өздөрү өлсө дагы,

түрүүлөрдүн турмушун байкап, өзүнүн укум-тукумун колдоп турат дешкен.

Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында дагы ***“арбактарга арнап соёлу”, “ата-баба арбагы бизди колдой көр”***-деген саптар кездешет. Кыргыздарда адам өлгөнү менен аны түбөлүк жашайт деп эсептешкен. Мисалы, **“Манас”** эпосунда

*“Көбүктөнгөн көк түтүн,*
*Чыга түштү бур этип,*
*Чымын жаны чыркырап,*
*Чыга түштү чыр этип,*
*Кандан мурда жан кетип,*
*Каныкей жатып калды эми”* – деп айтылат.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Мифология – бул...**

**Ата-бабалардын арбагына сыйынуу -**

**Шаманизм. «Шаман»** сөзү ***(«ша-ман» деп айтылат)***. **Уде** дарыясынын боюнда жашаган **тунгустардын** тилинен келген. Кыргыз тилине которгондо, ал ***«акылман адам», «бир нерсени билген адам»*** дегенди билдирет. ***Өз денесинин чектөөлөрүнөн чыгып, акыл-эсинин чектерин кеңейтип, өзгөчө касиеттерге ээ болгон жана терең рухий тажрыйбаны башынан өткөргөн адам* - шаман** деп эсептелген. **«Шаман»** сөзү ***диний кызматкер*** маанисинде биринчи жолу Россияда, тунгустардан угуп, кабарланып XVII к. Сибирдеги аскер кызматындагы адамдардын жазма маалыматтарында пайда болгон. Ал илимде кеңири тараган **«шаманизм»** же **«шаманчылык»** деген аталыштын негизин түзүп калды.

Байыркы түрктөр да, азыркы алтай-саян элдери да **«шаман»** термини менен тааныш болушкан эмес. Аларды **«кам»** деп аташат. Камдардын өз көз караштары, өз философиясы, ички дүйнөсү болгон. Айрымдары дарыгерлик, көзү ачыктык касиеттерге да ээ болушкан, ошондуктан аларды “***рухтардын өкүлдөрү”*** деп эсептешкен.

Көчмөндөрдө шамандар көзү ачыктын ролун аткарууга жана жоокерлерге урушта жеңишке жетишүүгө ишенимдүүлүк сезимдерин пайда кылууга тийиш болгон. Шамандар катардагы жоокерлерди эмдеп-домдошкон жана аларга каган менен бирдикте зарыл медициналык жана руханий жардамдарды көрсөткөн.

Шаман болууга тийиш болгон адам, бала чагынан өзгөчө касиеттерге, башкалардан айырмалап турган белгилерге ээ болгон деп эсептелген. Келечектеги шаманга түшүндө же өңүндө **Рух-колдоочу** келген жана шаман болууга аргасыз кылган. **«Тандалгандар»** шамандык касиетти алууга каршылык көрсөтүшкөн жана моюн сунбагандарды жазалоо катары кыйноо жана өлүм коркунучу астында рухтардын кыстоосуна көнүшкөн. Баш тарткан учурда, оор дартка кабылып, кээде өлүп калышы да мүмкүн болгон.

Сыноолордон ийигиликтүү өткөндөн кийин гана, шаман өз милдеттерин аткарууга кирише алган.

Жин-колдоочулар оорулууларга зыян кылган жана шамандык таасир этүүнүн башкы объектиси болгон. Кыргыздар, жиндер ээн талааларда, тоо капчыгайларында, адамдардын көзүнө азыраак чалдыккан, караңгы жерлерде – бейиттерде, оттун күлүндө жашайт деп эсептешкен. Алар дарыялардан жана андан соң баткактуу чөөттөрдөн сан жеткис жиндерди көрүшкөн. Ушул себептен улам, кыргыздар күн баткандан кийин сууга баруудан качышкан, ал эми түн ичинде аялдардын сууга барышы таптакыр жол берилгис нерсе катары эсептелген. Ушул эле себептер боюнча, кыргыздарды эч кандай күч күлдү басууга аргасыз кыла алган эмес.



Ар бир шамандын өз – жини, өзүнүн ыйык жаныбары: аты, ити, чымчыгы болгон жана алар курмандыкка чалынуучу жаныбарлардын катарына да кирген. Сыйынуу учурунда шаман рухтарга, өз жинине, ыйыктарга жана башкаларга, адамдарды оорулардан арылтуу, жин-шайтандарды кубалоо, бата алуу максатында ыр-сөз менен кайрылган. Ушуну менен бирге, ал комузда жана дапта өзү ойногон..

Өзүн камчы менен сабап, оорулууну, айланасындагыларын камчы менен урган, жылаңайлак абдан ысыган темирдин үстүндө баскан. Ал жиндерди курмандыкка чалынган жаныбарлардын эти менен сыйлаган.

Кыргыздар эркек шамандарды ***(бакшы),*** аялдарын ***(бүбү-бакшы)*** деп аташкан. ***Шамандар эки категорияга:*** **кара** жана **ак бакшыларга** бөлүнүшкөн. **Кара бакшылары** эң кубаттуулары деп эсептелген. Анткени, алар кара жиндерди кубалай алышып, ошондой эле, кааласа аларды башка адамдын же жаныбардын денесине жөнөтө алган. **Ак бакшылар** өсүмдүк, жаныбар жана минералдык тектеги дарылоо каражаттарын ийгиликтүү пайдаланышкан. **Ак бакшылар** бөтөнчө бир күчтүү психологдор болгондуктан, өлүүгө тийиш болгон оорулууга барышкан эмес. Алар бул тууралуу айтышкан эмес, бирок алдын ала билишкен. Тынчтандыруучу магиянын элементтери бар ак бакшылардын ырымдары — ***көз тийүүнү алып салуу, жолун ачуу, балдардын атын которуу жана башка дубаларды окуу, тумар чийүү*** иштерин жасашкан. Кыргыз бакшылары ***көз, тиш, кол жана бут ооруларын, ичеги-карын ооруларын, шал оорусун жана нерв-психикалык ооруларды*** дарылай алышкан.

Байыркы түрк шамандары ***күнгө, асманга, жылдыздарга*** жардам сурап кайрылышкан. ***Кудайдын*** урматына майрам уюштурушуп, тоодо курмандык чалышкан. Маркумдарды ошол жерге коюшкан. Булардын бардыгы кыргыз бакшыларында да сакталган.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Шаман – бул...**

***Таяныч конспект***

Тотемизм — адамзат коомунун өнүгүшүнүн алгачкы баскычындагы...

тотемдик түшүнүктөр **...**

"Манас" эпосунда Семетей менен Чыйырды...Түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин эпикалык эстеликтеринин баарында...

Анимизм (лат. animus — жан, рух) —

Анимизмдин негизги жоболорунун бири:

Ф.Поярков кыргыздардын ай менен байланышкан...

Кыргыздарда, ар бир адамдын өзүнүн жылдызы бар...

Кыргыздарда азыркыга чейин көрүнбөгөн Рух-колдоочулардын (пир)...

Фетишизм (фр. fetiche – идол, талисман, амулет)

Фетиш нерселердин....

Байыркы кыргыздардын аң-сезиминде...

Ата-бабанын арбагына сыйынуу, "ыйык жерлер"

«Шаман», шаманизм...

Кыргыздар, жиндер ээн талааларда, тоо капчыгайларында...

Кыргыздар эркек шамандарды...

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. Тотемизмдин негизги өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Тотемдик салттарды атагыла?
3. "Манас" жана кенже эпостордон тотемдик көз краштардан мисал келтиргиле?
4. Анимистик көз караште адамдар эмнеге сыйынышкан?
5. «Айды көрүп, ар бир кыргыз, эркеги да, аялы да ага бата тилейт» деген сөз кимге тиешелүү?
6. Кыргыздар жылдыздарды жана мазарларды ыйык тутууларын айтып бергиле?

# 3-ТЕМА. БАЙЫРКЫ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕР

**Зороастризм. Б.з.ч. 1-миң жылдыкта** Орто Азияда зорастризм деп аталган дин кеңири тараган. Бул дин адамдар жаратылышты ыйыкташтырган мезгилде эле пайда боло баштаган. Зарострizмдин жактоочулары ***отко (Күн), топуракка, сууга, айга, жылдызга сыйынышкан,*** аларды ыйык тутушкан.

**“Зороастризм”** сөзү да **Зороастр *(түрдүү тилдерде Заратуштра, Зардуш)*** атынан улам пайда болгон. Ал **б.з.ч. 1-миң** жылдыктын биринчи жарымында жашап өткөн инсан.

Кийинчерээк Грецияда бул пайгамбардын аты **“Зороастр”** деп айтыла баштаган ***(грекче “астрон” – “жылдыз” сөзүнөн алынган),*** анткени Грецияда аны биринчи орунда даанышман, жылдыз таануучу, астроном катары билишкен.

Зороастризмдин жаралышы жөнүндө төмөндөгүдөй уламыш бар. Күндөрдүн биринде таң заарда **Зороастр** суу алуу үчүн дарыянын жээгине барат. Тунук сууда ал **Ахурамазданын** элчилеринин биринин элесин көрүп калат, элес нур аркылуу кайсы жакка барууга жол көрсөтөт. Ал нур Зорастрды жогорку жактагы кудайларга алып барат. Ахурамазда ага кудай **Ахурамазда** жана анын изги иштери жөнүндөгү билимдерди таратуу үчүн тандап алынганын айтат. Ошентип **Зороастр 30** жашында жаңы диний окуунун **пайгамбарына** айланат.



**Зороастр**

Заратуштра үйдөгү беш баланын үчүнчүсү болуп төрөлгөн жана 15 жашында дин кызматкери наамына ээ болгон. 20 жашында ал үйүнөн кетип, 10 жыл мекенин кыдырып, акыйкат издеген жана адамдардын диний ишенимдерине кызыккан.

Андан кийин, өзүнүн туулган айылына келип зороастризмге үгүттөй баштаган Заратуштра коомду мыйзам эмес, күч башкарганына кескин каршы чыккан.

**«Авеста»** деп аталган, диний жана юридикалык көрсөтмөлөрдүн, дубалардын, диний ырлардын, гимндердин жыйнагын камтыган, Ыйык жазуулардын китебин түзүүнү Заратуштрага таандык кылып жүрүшөт. Мунун алгачкы бөлүгү **б.з.ч. IX-VIII кк.** пайда болуп бардык тексттери б.з.ч. **III к. 21 китепке** чогултулган.

Зороастризмдин чоң сый урматка татыктуу болгон кудайлары – булар **Ахурамазда, Митра** жана **Анахита. Ахурамазда** - зорастризмди жактоочулардын улуу жана даанышман жогорку кудайы саналган. **Митра** - Күн менен жарыктын кудайы, дыйкандар менен малчыларга мол түшүм, жыргал турмуш жана дүнүйнө берген демөөрчү. Митра Ахурамазда менен адамдардын ортосунда башкы ортомчу болгон. Митра өспүрүм жоокер көрүнүшүндө сүрөттөлгөн. Күн баштуу Митра Кыргызстандагы Саймалы-

Таш өрөөнүндөгү петроглифтерде образдуу көрсөтүлгөн. Алты чагылгандын жардамында ал кара өзгөйлүктүн жана өлүмдүн кудайы - **Ахриман** менен согушат. **Анахита** -зороастризмде түшүмдүүлүктүн жана суунун кудайы эсептелген. Зороастризмдин диний окуусу жалпы адамзаттын **<u>Жакшылык</u>** жана **<u>Жамандык</u>** жөнүндөгү дуалисттик көз караштардын өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизген.


**Ахурамазда**


**Митра**


**Анахита**



**Ахриман**

***Өзүңдү сынап көр!***

**Ахурамазда – бул...Митра – бул…**

**Ахриман – бул…   Анахита – бул…**

<u>Эсинде сакта!</u> **Зороастр** - зороастризм динин негиздөөчү.

Зороастризм окуусу боюнча бүткүл Аалам жана бизди курчап турган бардык нерсе эки башаттан, башкача айтканда *жакшылык* жана *жамандыктан* түзүлгөн. Жакышлык менен жамандыктын ортосунда токтоосуз күрөш жүрүп турат. Мисалы, ***жарык караңгы менен, жашоо өлүм менен, укук укуксуздук менен күрөшөт.***

Зороастризмди жактоочулар жашоонун түпкү маңызы ж***акшылык иш, жакшы сөз, жакшы ойдон*** туруп, адам баласынын негизги милдети - ***адилеттүү турмуш*** мүнөзү гана болушу керек деп эсептешкен. Жамандык менен болгон күрөштө жакшылыкка жардам берүү керек: ***калп сүйлөбөө, алдабоо, убаданы аткаруу, жалаң жакшылык иштерди жасоо.***

Зороастризм окуусу боюнча адам баласы өз жолун өзү тандайт, кимге жан тартууну жана кимди коргоону да өзү чечет.

*Жалынды, топуракты, сууну* жана *абаны* зороастризмдин жактоочулары ыйык санашкан, аларды жамандыкты туюнткан буюмдар менен чаташтырбоо керектигин белгилешкен.

Жер жүзүндө эң коркунучтуу жамандык болуп ***өлүм*** эсептелет. Ошондуктан зороастризмде дүйнөдөн кайткан адамдын сөөгүн коюу боюнча өзүнчө салт пайда болгон. Адам кайтыш болгондо бул абал ага жамандыктын башаты – өлүмдүн көчүп өткөнүн туюнтат, бул жамандык менен жакшылыктын символу болгон топуракты булгабаш керек, маркумдун сөөгүн жерге берүүгө да, отто күйдүрүүгө да, суулга таштоого да болбойт деп, сөөктү канаттуулар менен айбанаттар жеп кетиши үчүн атайын курулмада калтырышкан. Жамгырда жуулуп, күндө кургаган сөөктөр атайын чопо табытчаларда – *оссуарийлерде* жерге беришкен.



**Оссуарий**

Эсте сакта! **Зороастризмди** жактоочулар жашоонун түпкү маңызы ж***акшылык иш, жакшы сөз, жакшы ойдон*** туруп, адам баласынын негизги милдети -***адилеттүү турмуш*** мүнөзү гана болушу керек деп эсептешкен. Жамандык менен болгон күрөштө жакшылыкка жардам берүү керек: ***калп сүйлөбөө, алдабоо, убаданы аткаруу, жалаң жакшылык иштерди жасоо.***

Иран тайпак тоолорунун чыгыш аймактарында пайда болгон, зороастризм Жакынкы жана Ортоңку Чыгыш өлкөлөрүндө кеңири тараган жана Сасанилер империясынын үстөмдүк кылуучу дини болгон.

**Акбешим, Красная Речка** шаарчаларынан, **Кожобакырган-Сайдын** жээгинен табылган көрүстөндөрдөгү сөөк коюу ырымы да Кыргызстанда зороастризмдин таралышынын күбөсү болуп саналат. Алар ***оссуарийлерде*** – сөөк үчүн атайын идиштердин, чоң кумара жана карапа идиштерден көрүнөт.

**Ноoруз — жаңы жылды тосуу,** — жаратылыштын түбөлүк жаңылануусунун символу, зороастризмдин эң салтанаттуу жана урматтаган майрамы катары эсептелген. **7 саны** зороастрийлер үчүн – ыйык сан. **«Магиялык» жетилик** — дүйнөнүн көп мифологияларындагы эң таралган сан. Ал тууралуу көз караштар Айдын жети күндүк фазасы менен өз ара байланышына негизделген. Зороастрийлер майрамдык столго ***Лорка*** деп аталган жети тамакты: *бадам, мисте, грек жаңгагы, курма, анжир, жүзүм жана анар* коюшкан. Алар ***жети кудайды, жети жылдызды, асмандын жети кабатын, жети осуятты*** урматташып, ал эми 13 санын алар бактысыз деп эсептешкен. Бул күнү Ахриман жана жин-шайтандар аларга жана алардын турак-жайына зыян келтирбеси үчүн бардык зороастрийчилер өз үйлөрүн таштап кетишкен.

Зороастрийчилер үчүн ***от*** *тазалыктын, тазалануну, жамандыктан куткаруунун* символу. От түрдүү көрүнүштө: асман оту, чагылгандын оту, жылуулук жана адамдын денесине жашоо берген от, жана храмдарда

жагылган ыйык жогорку от сыяктуу түрлөрдө болгон. Дене тазалыгына алар абдан чоң маани беришкен, анын ритуалдык маңызы- ар кандай ыпластык – бул караңгылыктын жана жамандыктын элементи дегенди билдирген.

***Отко сыйынуу*** - коломтого сыйынуу, демек, үй-бүлөлүк, уруулук сыйынуу деп билишкен. Коломтого байланышкан бир катар ырым-жырымдар болгон. Алар кыргыздарда бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган *отко киргизүү* ырымы байыркы отко сыйынуу жөрөлгөсү от менен тазалануу түрүндө ***(аластоо),*** кыргыздардын турмушунун түрдүү жактарынан байкалат. Алсак, жайлоодон күзүндө кайра кайтып келгенде, кыштоону жана малды сөзсүз аластоо ырымы колдонулган. Кыштоодон көчүп жатканда бүт малды эки катар жагылган оттун ортосунан айдап өтүшкөн же кайтып келе жатканда, кыштоого күйүп жаткан шам чырак менен киришкен. Отко сыйынуу үй-бүлөлүк тиричиликте өтө ардакталган. Үйлөнүп жаткан жаш жубайлар, ***«отко май куюу»*** ырымын сакташкан. Кыздын атасыныкына киргенде күйөө бала, күйөөсүнүн үйүнө келгенде – келин, алгач жүгүнүп, ***«от энеден»*** коргоо суранып, алардын очогуна май куйган. Отко түкүрүүгө, отту айланууга, отту суу менен өчүрүүгө, оттун үстүнөн секирүүгө, оттун күлү калган жерди кечүүгө тыюу салынган. Кеч күүгүмдө кошунасына от беришчү эмес. Оттун жардамы менен ооруну айыктырып ***(учуктоо),*** жин-шайтандарды кубалашкан ***(албарстыны кубалоо)*** ж.б. Отту мындай урматтоо, анын дарылык жана тазалоочу касиеттери тууралуу эң байыркы элестөөлөр менен байланышкан.

***Муну билүү сага кызыктуу:***




*Негизги кудай жакшылыктын жеңишин даңазалоочу – Ахурамазда. Анын Заратуштрага айткандары ыйык китеп “Авестада” жазылган. Жамандыктын башталышынын кудайы –Азирман; түшүмдүүлүктүн кудайы ит-куштун кейпиндеги – Сенмурва; сүйүүнүн жана жердин кудайы – сулуу Анахита эсептелген. Фаравахар – Зорастризм динин негизги символу. Анын мааниси:*

*1. Борбордо турган карыя кишинин элеси акылмандыкты билдирет;*

*2. Эки канаттын учтары, “жакшы ой, жакшы сөз жана жакшы иштu” түшүндүрүп, ал учуунун жана өнүгүүнүн символу;*

*3. Астыңкы канаты адамды кыйналууга жана бактысыздыкка алып келүүчү “жаман ой, жаман сөз, жаман иштu” билдирет;*

*4. Эки жакка кайрылган белгилер оң жана терс күчтөрдү түшүндүрөт.Ал жамандыктан кутулуп, жакшылыкка умтулууну үгүттөйт;*

*5. Борбордук шакек адамдын чексиздигин жана дүйнөнүн улуулугун түшүндүрөт;*

*6. Карыянын бир колунун жогору көтөрүлүшү, бул жашоону тандоо жана*

*алдыга умтулууну билдирет. Экинчи колунда кармап турган шакек бирилгендикти жана чынчылдыкты далазалайт.*

**Манихейчилик.** Вавилондуктун жана зороастризмди туткан, бирок ирандык **Паттицийдин иудо-христиандык** сектасына кирген, атактуу ирандык аялдын үй-бүлөсүндө, **216-ж. 14-апрелинде уулу Мани (216-277-жж.),** манихейчиликтин негиздөөчүсү жана пайгамбары төрөлгөн. Мани төрөлгөн **Ктесифон шаары, III к. Парфия** мамлекетинин, андан кийин – **Сасани династиясынын** персиялык падышаларынын борбору болуп калды. Мани энеси жагынан аристократтык парфяндык урууга кирген.



**Мани**

Мани жаш кезинде, көп саякат жасап, Орто Азия өлкөлөрүнө жана Индияга барган, ал жерде жергиликтүү диндер, христианчылык, брахманизм, буддизм менен да ынтаасын коюп таанышкан. Мани 24 жаш курагында жаңы динди – **манихейчиликти** сунуш кылган. Бул үчүн ал бир аз тарапкерлери менен общинадан куулду. Иранга отурукташып жана өзүнүн окуусуна зороастризмди негиз кылып, Мани өзүнө бардык башка диндердин эң жакшы нерселерин сиңирип алып, буга чейинкилердин бардыгын алмаштырган, универсалдуу дүйнөлүк динди түзүүгө умтулган.

Манихейлик диндин окуулары боюнча, дүйнөлүк тартиптин негизин жер-жерлерде ***үч улуу пайгамбар: Чыгышта- Будда, Иранда - Заратуштра, Батышта - Иисус Христос*** салтанаттуу жарыялаган бир гана чындык - **(Жарык)** түзөт. Мани түзгөн бул диний илим абдан туруктуу болуп, Европадан Кытайга чейинки аралыкта миң жылга чейин жашап келди.

Мани жарыялаган диний окууда ***жарыктын чындыгы*** - *бирдиктүү, эч нерсе менен караңгыланбаган, эң мыкты* жана *мейкиндикте универсалдуу деп айтылган* жана анын рационалдуу жана алгылыктуу нерселери болуп, кыйла маанилүү жергиликтүү кудайлардын бар экендиги эске алынат. Аны айырмалоочу жана жагымдуу жагы – бул диндин демократиялуулугу жана баяндоонун мифологиялык эпостуулугу аркылуу чыгышка, ошонун ичинде, түрк элдери ээлеген жерлерге жылышына жардам берген. Ошону менен катар эле, Мани өзүнүн дининин бардык мурункулардан артыкчылыгын ырастаган.

Мани түзгөн дин окуусу миң жылга жакын жашап, Европадан Кытайга чейинки көп өлкөлөрдө тарап, жашоого кыйла жөндөмдүү болуп чыкты. **Манихейлик диндин негизги принциби:** үстөмдүк кылуучу дуализм, күрөштүн түбөлүктүүлүгү. Анын мааниси: бизди курчап турган дүйнөнүн – эки башталыштын, жакшылыктын жана жамандыктын, жарыкчылыктын жана караңгылыктын, руханий жана материалдык башаттардын айыгышкан күрөшү. Бирок манихейлик дуализм зороастрийликтен айырмаланып, анда

***жарыкчылыктын*** жана ***жакшылыктын дүйнөсүн руханий, жамандыктын жана караңгылыктын дүйнөсүн – материалдык башаттар*** менен байланыштырган. Бизди курчап турган материалдык дүйнө – бул жамандыктын дүйнөсү деген көз караш мына ушундан келип чыгып олтурат.

Манихейлик окуунун негизги китептерин жазуу **240-242-**жылдарга тиешелүү. **277-ж.** Гундишапурда, Иран шахынын резиденциясында, ойчул жана жазуучу Мани өлтүрүлгөндөн кийин, Зороастрий дин кызматкерлери тарабынан манихейчилик динге каршы окуу деп жарыяланган. Кийинчерээк Мани, анын жолун жолдоочулары тарабынан ыйыктардын катарына кошулган, ошондон кийин, Иранда манихейлик чиркөөнү куугунтуктоолордун толкуну башталды жана ал бүткүл сасани доорунда улантылды. Манинин жолун жолдоочулары Ирандан качууга, батышта манихейчилик токтоосуз куугунтукка алынганы үчүн, алар жашыруун жашоого аргасыз болушту.

Чыгышта манихейлер Мавераннахрда жана Улуу Жибек жолунун жээгине баш калкалашты. Арабдык басып алууларга чейин манихейчилик Орто Азиянын диний жана маданий турмушунда маанилүү роль ойноду. Түрктөрдүн арасында «*ишенимди ойготкондугу*» үчүн дин кызматкерлери **«Ики йылтыз ном» (Эки негиздеги ыйык китеп)** деген манихейлик трактатты түрк тилине которушту. Бир экземпляры **IX к. Таразда** көчүрүлгөн. Орто Азиядан Чыгыш Түркстан аркылуу манихейчилик Кытайга да жеткен.

**Уйгур каганатында 762-840-жж.** манихейчилик мамлекеттик дин болуп жарыяланып, көп элге таркаган.Уйгурлар менен согуштун жүрүшүндө кыргыздар манихейчилик менен таанышып, анын үгүттөөчүлөрү, насаатчылары кыргыздардын арасында да пайда болгон. Энесайлык жана таластык эстеликтердин тексттеринде **«отуз оглан»** же **«отуз уул»** деген сөз кездешет (*Караңгылыктын күчтөрү менен күрөшүү үчүн, алгачкы адам тарабынан жиберилген отуз жоокер*).

**IX к.** кыргыз орнаменттеринде манихейлик диний символдор тараган. Түндүк-Батыш Монголиядагы, Тэс дарыясынын боюндагы руникалык жазууларда, айланада төрт нуру бар крест түрүндөгү фигура бар. Түндүк Монголиядагы Суджин-Даван кыргыз жазмаларында, *«ал насаатчыга Мар жүз эркекти жана түнөөчү жайды берди»* деп жазылып, акыркы сабында өз уулун ***Арслан, Арстан*** деп атайт. ***«Мар – диндеги насаатчы»*** деп, Борбордук Азиянын көчмөн элдеринин арасында манихейлик жана христиандык-несториандык дин окууларын тараткан согдалыктарды аташкан. Манихейчиликте ***Арстан – отту – өрттү*** жок кылган караңгы күчтөрдүн бирин билдирет. Арстан Жети-Сууда жана Борбордук Азияда жок. Ошондуктан, аны түрк тилдеринде, кыйла мурда, ортоңку перс ***«шир»*** же ***«шер»*** деген сөз менен билдиришет.

Башкы каарман Манастын мекени берекелүү Талас болгон. Ал рухунун абалы боюнча гана эмес, дене түзүлүшү жагынан да арыстан болгон. Ажыдаардын жүрөгүнөн ооз тийип, анын энеси адаттагыдай эмес чоңдуктагы ажыдаар болуп калды. Манастын кошууну кырк-чоро деп аталган. Алар

ажыдаардын тукумдарынан болгон ***(ажидаар заада).*** Касиеттүү балдар, кырк-бала тобу **(*кырк чилтен*),** Манаска жаштык жылдарында жардам берген.

Манихейство бардык жерде жашоосун токтотсо да, бир катар өлкөлөрдүн диний жана маданий турмушуна белгилүү таасирин тийгизген.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Манихей динин негизги принциби -бул...**
**Манихей динин мааниси – бул…**

**Эсте сакта!** Манихейлик диндин окуулары боюнча, дүйнөлүк тартиптин негизин бир гана чындык **(Жарык)** түзөт, аны жер-жерлерде ***үч улуу пайгамбар – Чыгышта- Будда, Иранда - Заратуштра, Батышта - Иисус Христос*** салтанаттуу жарыялаган.

**Теңирчилик.** Түрк кагандыктары доорунда расмий жалпы мамлекеттик дин болгон эмес. Байыркы түрктөр, кыргыздар, бардык түрк тилдүү элдер сыяктуу эле, Теңирге ишенишкен. **Теңирчилик** – ***бул түрк элдеринин көз карашы жана цивилизациясынын негизи болуп калган философиялык-диний окуу.*** Ал **б.з.ч. II миң** жылдыктын аягында - **I миң жылдыктын** башталышында пайда болгон.

***Теңирчиликтин негизги принциптери жана осуяттары*** - дүйнөнүн картинасынын фундаменти жана аны кабылдоосунун өзгөчөлүгү болуп саналып, бүгүн да түрк элдеринин, ошонун ичинде, кыргыз элинин ырым-жырымдарында, каада-салттарында, тилинде, маданиятында жана жашоо образында жашап жатат.

Кошо-Цайдамдагы Күлтегиндин урматына тургузулган эстеликтеги жазууда, байыркы теңирчилердин арасында таралган дүйнөнүн жаратылышы жөнүндөгү мифте: ***«Жогору жакта көк асман, асты жакта кара жер жаратылды, андан кийин, экөөнүн ортосунда адам уулдары жаратылды»*** деп жогорку ***он жети деңгээл асманды*** же ***Жарыкчылык падышалыгын, жети*** же ***тогуз төмөнкү деңгээлди, жер астындагы дүйнөнү*** же ***Караңгычылыктагы орунду*** аныктаган. Экөөнүн ортосунда жердин үстү туруп, анда адамдар жашаган. Асман жана жер жогорку күчкө баш ийип, ал асмандын эң жогорку деңгээлинде жайгашып, ***Ыйык Асман*** же ***Теңир*** деген ат менен белгилүү болгон. Асман изги жандар турган жай, жер астындагы дүйнө күнөөкөрлөр үчүн орун болгон.




Теңирчиликтин «**Төлгө китеби» (Х к.)** **«үч дүйнө»:** ***жогорку (асман), ортоңку (жер)*** жана ***төмөнкү (жер алдындагы)*** дүйнөлөр деп эскерилет. Булар айрым учурларда ***«ай үстүндөгү», «ай алдындагы» жана «жер алдындагы»*** деген түшүнүктөр менен билдирилет. Аалам ***(жогорку, ортоңку жана төмөнкү дүйнө)*** жана адам ***(дене, жан жана рух)*** үч бөлүктөн турат. Оң каармандын ***(жакшылык)*** түзүүчүлүк, чыгармачылык ишмердиги терс каармандын ***(жамандык)*** аракеттерине каршы турат. Адамдардын ***(дене, жан жана рух)*** жана ааламдык ***(ай үстүндөгү, ай алдындагы жана жер алдындагы)*** дүйнөлөрү, белгилүү бир ой жүгүртүү статусуна ээ болуп, бири-бирисиз жашай алышпайт жана бири-биринин ырааттуу чагылышы болуп саналат. Тигил дүйнөдө укмуштуудай күчтөр жашайт, жердеги дүйнөдө жандыктар дүйнөсү бар, алардын өз ара аракеттенүүлөрүнүн натыйжасында адамдардын дүйнөсү пайда болот.

Тикесинен алганда ***үч кабат бөлүктөргө*** бөлүүнү дүйнөнүн байыркы кыргыздык модели катары кароого болот. Манастын образы дүйнөнүн биримдигинин жүзөгө ашышы, бир эле мезгилде, дүйнөнүн мейкиндик структурасын символдоштурган, анын огу жана борбору болуп саналат:

«Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен јериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй!
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Манаска жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай, күндүн,
Жарыгынан бүткөндөй.

Азыркы мезгилде, байыркы бир нече түрк кудайынын аты белгилүү. ***Үч баскычтуу*** МАНСАП ДАРАЖАСЫНЫН (***иерархия)*** схемасы боюнча:

**1. Теңир асмандын же *үстүңкү дүйнөнүн жогорку* кудайы**

**2. Жер-Суу - жердеги же *ортоңку дүйнөнүн кудайы*** жана

**3. Эрклик - *жер алдындагы же төмөнкү дүйнөнүн кудайы деп талдашкан***

***Тез өлүмдүн кудайы*** – **Мүрт, Эрклик** менен бирге, **«Төлгө китебинде»,** ошондой эле, энесайлык руникалык тексттерде эскерилет.

Теңирдин элчилери: **«Ала атчан жолдордун кудайы»** жана **«кара атчан жолдордун кудайы»** болгон.

Кыргыздарда, башка көчмөн түрк элдердегидей эле, **«Теңир», «Хан-Теңир»** же **«Көкө-Теңир»** – Кудайлардын арасында **Жогорку кудай** болгон. Байыркы кытайлыктардай эле, ***«көк» (асман)*** сөзү, эки ача: ***көмкөрүлүп турган асманды белгилөө үчүн,*** ошондой эле, ***«кудай»*** маанисинде колдонулат. **«Хан-Теңир»** же **«Көкө-Теңир» «Кудай»** деген перс ысымын алган. Ал асмандын кудайы, Ааламдын жаратуучусу гана эмес, асмандын да өзү. Асман анын туруктуу жайы болуп саналат. ***Ал – көк, түбөлүктүү, жогорку, күчтүү, жараткан же жаратпаган.***

*Теңир үч мааниге ээ:*

***1) асман, ааламдын көрүнүүчү бөлүгү;***

***2) кудай;***

***3) түп ата, башкаруучу.***

Мында жогорку кудай **«Аалам»** түшүнүгүнө шайкеш келет. **Теңир** – кудай маанисинде, ал асманга эле эмес, ***күнгө (Күн Теңири), айга (Ай Теңири),*** жана ***жерге (Жер Теңири)*** да колдонулат. ***Теңир адамдын, элдин, мамлекеттин тагдырына кожоюндук кылып, адамдарга кысым көрсөтөт жана өлүмдөн бөлөк жазалоону билбейт.***

***Күнгө сыйынуу,*** Теңирге сыйынуу менен түздөн-түз байланышкан. Кыргыздар **«күндү»** жарыкчылыкка, жашоого окшоштурушкан. Байыркы түрктөр, күн нурларын – өсүмдүктөрдү жаңы күн менен катташтырган аркак деп эсептешкен. Адам каза болгондо, кудуреттүү **«Көк асман»** бийлик кылган, күн жана ай жаркыраган, ***«көк асмандагы күндүн жана айдын жылуулугун сезүүсү»*** токтоп, жарык дүйнө менен коштошуп, тирүүлөрдүн дүйнөсүнөн кетип, жер алдындагы өлгөндөрдүн падышалыгына туш болот. **Күн –** Теңирдин жүзү деп, ага кайрылышып – жалынып-жалбарган сөздөрдү айтышкан. Күн менен учурашып, ага бет маңдайы менен туруп жана бет маңдайында алакандарын жайып, адам асманга кайрылып жыргалчылыкты, бейпилдикти жана тынчтыкты жалынып-жалбарып суранган.

Түрк элдеринин каганы өз мамлекетинин үстүнөн башкаруучу: жерге карата ал, Теңирдин өкүлү жана ишенимдүү адамы, **Теңирге карата** – өз элинин өкүлү, Хунндардын падышасы ***«асмандын уулу»*** же ***«Теңири-кут» (Теңирдин куту түшкөн)*** деп аталган. Эгерде Теңир кааласа, адам тоону да жылдыра алат. Ал гана эмес сезимдер жана сүйүү-күйүүлөр да – абдан күч-кубаттуу Теңирдин эрки менен берилет. Ага түзүүчүлүк, колдоочулук, жазалоочулук жана адамдардын, элдин, мамлекеттин тагдырын башкаруу кызматтары таандык деп эсептешкен. Ал өз каарын түрдүү белгилердин, жаман жышаандардын, мисалы, ***кургакчылыктын, суу ташкындарынын, каатчылыктын, жапырт оорулардын ж.б.*** жардамы аркылуу билдирген.

Теңирдин урматына ***бутканаларды (храмдарды)*** тургузушкан. Теңирге, Кудай-Атага, дүйнөнүн түзүүчүсүнө, Жараткандын өзүнө дубасын, дарымдарын, ыйларын, жакшы каалоолорун арнашып, курмандык чалышкан. Бүгүнкү күндө, Теңир түшүнүгү Кудай түшүнүгүнүн синонимдеринин бири болуп саналат. Азыр да, кыргыздар кыйналып-кысталган учурларда

«Теңирим, колдой көр», ыраазычылыгын билдиргенде-***«Теңир жалгасын» дешет, ал эми эң жаман каргыш болуп «Теңир урсун»*** деген сөздөр бар.

Руникалык тексттерде эскерилген башка кудай – **Умай** – ***жердеги аялдык башталышты билдирип, түшүмдүүлүктүн жана ымыркайлардын, адамзат тукумун улантуунун колдоочусу*** деп эсептелген. Умайга сыйынуу ушунчалык күчтүү болгондуктан, анын аты да, байыркы түрк мамлекеттеринде, ошонун ичинде, кыргыздарда да, көчмөндөр башкаруучусуна колдоочу катары берилген Мисалы, Алтын-Көлдөгү эстеликтеги жазмада ***«тукум улаган эр, баатыр» – Умай-бек*** эскерилет. Ага ылайык, **Барсбек** кыргыздардын байыркы башкаруучу династиясынан чыккан, ал Умай-эненин колдоосу астында турат деп эсептелген, анын туугандары – **Умай-бек** деген наамды алып жүрүшкөн. Кудайлар Теңир жана Умай жубайлар болгондугу тууралуу миф бар, анын жердеги көрүнүшү – падышалык түгөйлөр: ***кагандын өзү Теңирге, ал эми аялы (катун) – Умайга окшош.***

**Теңирчилик** кыргыздардын руханий маданиятында маанилүү орунду ээлеген жана элдин көз караштарынын өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле символикалык жана үрп-адаттык кызматын аткарган. Руханий, адептик баалуулуктарды калыптандыруунун көз карашынан алганда, көктөгү **Теңир кудайына** жана жердеги кудайларга сыйынуу адептик нормаларды өздөштүрүүгө, адамдарды жана коомду баш коштурууга таасирин тийгизген. **Теңирге сыйынуу** - *кылык-жоруктарды, эмоцияларды калыптандыруунун каражатына айланып, адамдын коом менен, табигат менен айкалыш мамиледе болуунун негиздеринин бири болуп калды.*

Теңирчиликте белгиленген баалуулук багыттар, андан аркы өнүгүүсүндө моралдык туруктуулуктун механизмдерин, этностун мезгилдеги, мейкиндиктеги маанилүүлүгүн бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берди. Исламды кабыл алган мезгилден тартып, кыргыздардын руханий табиятынын дүйнөсүндө жана аң сезиминде бир кудайлуулук принциби бекемделди. Ошону менен катар эле, **Теңирдин белеги** катары табият чөйрөсүнө сыйынуу четке кагылган эмес. Азыркыга чейин кыргыздардын аң сезиминде башкы кудайга — **Көк Теңирге баш ийген** кудайларга ишенимдери эстеринен чыга элек. Бул ишенимдер кыргыздардын психологиялык, коомдук-саясий, маданий, демократиялык көз караштарында изин калтырып, элдин рухунун туруктуулугун камсыз кылды.

**Теңирчилик -** улуттук символиканын, майрамдарынын, ырым-жырымдарынын, адамдык өз ара алакаларынын, тиричилик мыйзамдарынын, элдин мүнөзүнүн, психологиясынын сапатына ээ болду.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Теңирчиликтин «Төлгө китебинде» (X к.)- ...**

**Теңир үч мааниге ээ: ….**

**Эсте сакта!** Азыркы мезгилде, байыркы түрк пантеонунун бир нече кудайынын аты белгилүү. ***Үч баскычтуу иерархия*** схемасы боюнча:
**Теңир асмандын же *үстүңкү дүйнөнүн жогорку* кудайы**
**Жер-Суу жердеги же *ортоңку дүйнөнүн кудайы*** жана
**Эрклик - *жер алдындагы же төмөнкү дүйнөнүн кудайы.***
**Теңирге карата** – өз элинин өкүлү Хунндардын падышасы ***«асмандын уулу»*** же ***«Теңири-кут» (Теңирдин куту түшкөн)*** деп аталган.
**Умай** – ***жердеги аялдык башталышты билдирип, түшүмдүүлүктүн жана ымыркайлардын, адамзат тукумун улантуунун колдоочусу*** деп эсептелген.

***Таяныч конспект***

Зороастр – жаңы диндин негиздөөчүсү
Зороастр – “астролог”
Уруулардын биригүү зарылычылыгы
Отко сыйынуу
Митра, Ахурамазда, Ахриман, Анахита
Занд – “Авестого” түшүндүрмө
Жакшылык менен Жамандыктын күрөшү
Сөөк коюу салттары
Оссуарийлер
Мани – манихейчиликтин негиздөөчүсү
Мани алып жүргөн жарыктын чындыгы...
Манихейлик диндин негизги принциби:...
Анын мааниси:...
Манихейлик окуунун негизи китептерин жазуу
IX к. кыргыз орнаменттеринде манихейлик диний
Теңирчиликтин «Төлгө китеби» (X к.)
Вертикаль боюнча үч кабат бөлүктөргө бөлүүнү:
Үч баскычтуу иерархия схемасы боюнча:
Күнгө сыйынуу, Теңирге сыйынуу менен...
Умай – жердеги аялдык башталышты...

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. Зороастризмдин алгачкы үгүтөөчүсү ким болгон?
2. Орто Азия аймагында зороастризм тараган доорду айтып бер.
3. Зороастризм жактоочулары сыйынган жогорку кудайдын аты жана оссуарий деген эмне?
4. Зороастризмди жактоочулардын жашоосунун түпкү маңызы?
5. Манихей динин ким негиздеген?

6. “Манас” эпосунан манихейлик көз караштардан мисал келтиргиле.
7. «Жогору жакта көк асман, асты жакта кара жер жаратылды, андан кийин, экөөнүн ортосунда адам уулдары жаратылды» деген сөз кайсы эстеликте жазылган? Бул сөздө теңирчилик боюнча эмне айтылганын түшүндүргүлө.
8. Теңирчиликтин «Төлгө китебинде» «үч дүйнө» кандайча баяндалган?
9. Азыркы мезгилде кыргыздарда теңирчиликке сыйынуунун кандай белгилери бар?

# 4 ТЕМА. УЛУТТУК ДИНДЕРДИН МАДАНИЯТЫ

## 1.“Улуттук диндер” түшүнүгүнүн өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы

Улуттук диндерге “маданияттын башталышы” менен пайда болгон диндерди же башкача айтканда, класстык коомдук түзүлүштүн пайда болуусунда түптөлгөн диндерди киргизүүгө болот. Улуттук диндерге мисал катары байыркы элдердин диндери: ассириялыктардын, вавилондуктардын, гректердин, египеттиктердин, келттердин, римдимдиктердин ж.б. диндери кирет. Бирок азыркы учурда, алардын ичинен бир азы гана өкүм сүрүүдө: Кытайда даосизм жана конфуционизм, Индияда индуизм, Японияда синтоизм, Израилде жана ар кайсы өлкөлөрдө - иудаизм, Индияда жана Иранда байыркы ирандыктардын уулдарынын арасында зороастризм дини сакталып калган.

Улуттук диндердин кеңири таркалышы диндер менен этникалык чөйрөнүн тыгыз байланышын кыйындаткан, анткени көп учурларда (мисалы, иудаизм, синтоизмде) чоочун адамга диний ырасым жөрөлгөлөрүн иш жүзүнө ашырууга мүмкүнчүлүк берилген эмес.

***Эсиңерге туткула! Качан тектер, уруулар бирдиктүү башкаруу системанын, жалпы көз караштардын, бир идеологиянын негизинде бүтүн эл болуп бириккенде улуттук диндер пайда болот. Кээде алар мамлекеттик да болуп калган, анткени алар улуттук биримдикти сактап турган, коомду бириктирген, мамлекеттик идеологиянын, саясаттын негизин түптөөчү күчтүү каражат катары кызмат кылган.***

***Өзүңдү текшер!***

**Улуттук диндер ….**


Улуттук диндер – жайгашкан орундары боюнча ар түрдүү болгон элдердин маданияттарынын, каада-салттарынын айланасында түзүлгөн, мына ошондуктан ар кандай диний-философиялык системалары, ишенимдерди, ырасымдары, ырым-жырымдары ар түрдүү болуп калган. Аларды бириктирип турган жападан-жалгыз күч – диндин бул түрүнө таандык кылуучу негизги шарты болуп саналган ***улуттук фактор***.

Өзүнүн бир эле жерде камтылганына, жайгашканына карабастан, бул диндердин көпчүлүгү дүйнөлүк руханий маданияттын жана коомдук ой-пикирдин өсүшүндө абдан маанилүү ролду ойногон. Алардын тарыхый мааниси өзүнчө бир башкача болгон маданият, коомдук саясий система жана бул диндерди тутунган элдердин менталитети ушул диндердин таасири аркылуу пайда болгонунда гана эмес, алардын кээ бири дүйнөлүк диндерге айланып кетүүсүндө. Мисалы: индуизм – буддизмдин пайда болуусуна,

иудаизм - христиан менен ислам дининин пайда болуусуна түрткү болду, ал эми Кытайдын моралдык-этикалык окуусу кытай маданиятынын таасиринин алдында баардык өлкөлөргө таралды.

Ошентип, ***Улуттук диндер*** **төмөнкүдөй мүнөздөлөт**:
1) бир мамлекеттин ичиндеги бирдиктүү маданий мейкиндиктин бирдиктүү идеологиялардын, ырасымдардын болушу;
2) жаңы сыйынуучу объекттерге, кудайларга өтүү жана көп-сандуу рухтарды урматтоо менен;
3) бирдиктүү ырым-жырымдарды, үрп-адаттарды жаратуу менен;
4) ыйык текстердин пайда болуусу менен;
5) атайын диний ырым-жырым, сыйынуу менен алектенүүчү адамдардын пайда болушу (кечилдер, пайгамбарлар, ыйык кызмат кылуучулар) менен.

Схема[1]




Биз мындан ары улуттук диндердин кээ бирин кененирээк карайбыз.

## 2. Диний түшүнүктөр жана индуизм маданияты

***Индуизм- Индиянын улуттук дини.*** Орточо эсеп менен Индуизм ишениминин жактоочулары өлкөнүн 83% пайызын түзөт. "Индуизм"- толук комплекстүү диний система, анын негизин касталык бөлүнүү менен индеецтердин жашоо образдары, принциптери, этикалык нормалары, ырым-

[1]Интернет-булак: https://www.google.com/seach?q=сүрөт+таблица

жырым тажрыйбалары түзөт. Мына ошондуктан индус диний кызматчылары айтат: “*индус болуу мүмкүн эмес - индус болуп төрөлүш керек”*.

Жактоочулардын саны боюнча индуизм дүйнөдөгү эң кеңири жайылган дүйнөлүк диндерге кирип, Ислам, Христиан диндеринен кийинки эле орунда турат.

Индуизмдин диний түшүнүктөрү Индияда байыркы жазуу эстеликтери болуп саналган **Веда**ларда (Ыйык билимдерде**)** индустар үчүн ыйык тексттерде баяндалган. Төмөнкү таблицада байкалгандай **Веда** 4 бөлүктөн турат:


| | | |
|---|---|---|
| **Ведалар** | **Ригвед** | Дүйнө жаратылгандыгы жөнүндө жана негизги кудайларынын окуяларын камтыган байыркы гимндеринин жыйындысы |
| | **Самавед жана Яджурвед** | Сыйынуунун жыйнактары –ырым-жырымдардын баяндамасы |
| | **Атхарвавед** | Сыйынуу, кара дуба (сыйкырлоо) ырларынын жыйнагы |

Ведалык динде негизги орунду курбандык чалуу ээлеп, кудай экинчи орунда турат, алардын ишениминде чалынган курбандыктан алган күч-кубаттан кийин кудай өз кудуретин көрсөтөт. Курбан чалган адам өз кудайынан каалаганын суроого акылуу деп эсептелет.

Индуизм окуусунда башкы төрт идеянын же жобонун негизинде түптөлгөн диний концепцияны кароого болот:

1) адамдын жаны;
2) аркы дүйнө;
3) табияттан тышкары жаралгандар;
4) ыйык китептер жөнүндө.

**Индуизмдин идеялык булактары**



Схемадан байкалгандай ведика дининен брахманизм, брахманизмден индуизм пайда болгон.



***Тримурти***

- ***Брахма*** (жасоо, жаратуу башталышы) ааламды жаратуу
- ***Вишну*** (башталгычты сактоо) Брахма жараткан ааламды коргойт;- Миллиарддаган жылдар өткөндөн кийин, дүйнө жок кылына баштайт
***Шиванын бийинде*** (башталышты кыйратуучу);

- Анан Брахма кайта баарын жаратат жана бардыгы кайра кайталанат.

Индуизм отаврамикалык диндерден айырмаланып, анын негиздөөчүсү, бул ишенимдердин бирдиктүү системасы жана жалпы окуусу жок.


Индуизмдин өзгөчөлүгү уламыштуулугунда жана көп кудайлуулугунда (политеизмдигинде). Индуистер Кудай ар кандай үлгүдө, ошондуктан башка формаларды урматтоо менен адам өзүнө жакынына сыйынууга болот деп ишенишкен.

**Индуистердин ишенимдери**

| | |
|---|---|
| Дхарма | Моралдык, адептик, этикалык милдети |
| Сансара | Төрөлүүнүн, өлүүнүн айлануусу, кудай адамдардын өлгөндөн кийин жаныбарларга айланып кетүүсүнө ишенүү |
| Карма | Төрөлүүнүн тартиби өткөргөн өмүрүнүн акыбетине жараша болот |
| Мокша | Төрөлүү жана өлүм айлануусун бошотуу, сансарлар |
| Йога | Анын ар кандай багыттары боюнча |

Индуизм ишениминин маңызы мында: өзүнө кутулууга жакын болгон жолду тандоо аркылуу ар бир издөөчү жердеги кыйынчылыктан кутула алат- **колеса сансарлар**, биротоло эркиндикке жеткен (**макшилер**).

Төмөнкү схеманын негизинде бир индус катары моралдык адеп менен төрт этаптан турган “программаны” аткаруусу зарыл экенин караса болот:




• Биринчи этап *брахмачарья* – окуу, изилдөө убагы бардык ыйык жазууларды окуу жана түшүнүү аракети;
• Экинчи этап *грихастка* – варнанын жазууларына ылайык үйбүлө куруу, эмгек кылуу, бала тарбиялоо;
• Үчүнчүсү *ванапрастха* – дербиштик, активдүү жашоодон алыстоо, үйбүлөлүк салттарды,тажрыйбаны башкаларга жеткирүү;
Төртүнчүсү *саньяси* – аскеза  бул дүйнө менен кош айтышуу. Төртүнчү этапты брахмандар гана өтөт, үчөөнү – кшатрилер жана вайшьилер өтөт, шудралар тек гана экинчи, үчүнчү этептарды өтө алышат.Силерге байыркы дүйнөлүк тарыхтан маалым болгондой, ар бир индус туура жашоо образын, коомдук тартибин, диний ырым-жырымдарды аткарууну баяндоочу “Ману мыйзамдары” **дхарма** деген наам алган.

Индуизмдин ар түрдүүлүгү коомдук касталык системасы катары орнотууларда ачык айкын байкалат. Ар бир индус өз кастасында туулган, бир сектага таандык болот, анан өзүнүн тукумуна, коомдогу даражасына, жаш курагына ылайык сыйынуу жөрөлгөсүн аткарат.



Өзгөчө катмарды "кол тийгисдер" түзөт, алар эч бир варнга таандыгы жок, эң укуксуз коомдун мүчөлөрү.
Бул варндын өкүлдөрүнө чогуу тамактануу, сыйынуу, никелешүү тыюу салынган.
Эгер милдеттүү түрдө **дхарманы** карманса, адам түбөлүкүү төрөлүүнүн жана өлүмдүн айласынан кутула алат т.а. *сансарлар*;

- Ыйык Ведаларды (Ыйык билим) окуу
- Кудайларга (ведаларга) сыйынуу,
- Питарларды окуу- адамга таандык болгон тукум улоо



**Индиянын символу Тадж-Махал**



**Мокша-өзгөчө эмгек сиңирген жол көрсөтүүчүлөрдүн жаны Брахманын жаны менен биригүүсүү**

**Эсиңерге туткула!** ***"Индия — миңдеген диндердин өлкөсү , башка элдердин арасында Индиянын руху диний генийлик деп белгиленген". Г.Гессе***

Индуизмдин башка диний концепциялар менен катташуусу аларды сиңирип алып, өзүн бекемдөө менен буддизм, ислам жана башка диндерге атаандаштык курууда. Индуизм – ар түрдүү тарыхый шарттарда сакталып, өнүгүп келе жаткан, өзүнө байыркы каада-салттарды камтыган маданияттардын символдорунун системасы.

20-кылымдын экинчи жарымында индуизм Индиянын улуттук чегинен ашып, дүйнөнүн ар тарабында жайылган. Ал башка элдердин руханий жашоосуна таасир берүүдө жана *карма, йога, вегетериандык* идеялар индуизм үчүн өнөкөт болуп калды.


Индиянын маданиятынын оргиналдуулугу, уникалдуулугу, өзгөчөлүгү өзүнө диний философиялык окууларды, таңкалыштуу музыкаларды, бий чеберчилигин, сүйүү-махабатты камтып алуусунда жатат.

***Өзүңдү текшер!***

**Индуизм –бул.........**

***Эсиңе тут! Индуизмдин ар кандай багыттарынын ортосунда карама-каршылык жок. Индуизм жактоочулардын ортосунда бир кудайга, негизги булака аны кандай гана деп аташпасын ага алып баруучу көп жолдор бар деген терең ишеним .***

### 3.Иудаизм дүйнөнүн байыркы монотеисттик дини катары



Дүйнөдөгү үч монотеисттик диндердин (иудаизм, христиан, ислам,) эң алгачкысы. Кичине гана өзгөрүүлөрү менен сакталып калган улуттук диндердин бирөөсү.
***Христиан жана Ислам диндеринин түптөлүшүнө зор салым кошкон Иудаизм.*** Иудаизмдин маңызы - бүткүл ааламды жараткан жана аларды башкаруучу, көзөмөлдөөчү жалгыз кудайга ишенүү.

*Иудаизмдин* ыйык китеби –***Танах*** *же Христиан Библиясынын Ветхий завети* иудаизм окуусунун негизи болуп саналат жана дүйнөлүк диндердин арасында ыйык жазуулары менен кадыр баркка ээ.

| **Дүйнөлүк диндердин Ыйык жазуулары** | | |
|---|---|---|
| **Иудаизм** | **Христиан** | **Ислам** |
| Танах | • Ветхий Завет;<br>• Жаңы Завет | Куран |

Таблицада көрүнгөндөй-иудаизмде Ыйык жазуу – Танах, христиандарда ыйык жазуу –*Ветхий Завет* ыйык жазуунун биринчи бөлүгү; мусулмандар үчүн Куран исламга чейинки диндерди камтуучу, чогултуучу китеп.

Танахка: Тора, Невиим, Кэтувим (жазуу) кирет. Ветхий заветинин байыркы бөлүгү б.з.ч. 10-кылымга таандык. Төмөнкү таблицадан алардын мазмунун көрө аласыз:

| | | |
|---|---|---|
| **Т А Н А Х** | **Тоорат (Беш китеп)** | Дүйнөнү, адам баласын Кудай жараткандыгы, бейиштеги биринчи адамдардын жашоосу, бейиште күнөөгө батуу жана ал жактан айдалуу, байыркы тарых, Нух пайгамбар жана анын үй бүлөсү, дүйнөлүк суу каптоо, жөөт элинин ак сөөктөрү, Ибрахим, Исхак, Жусуп пайгамбар жана анын бир туугандары тууралуу, Мусанын жашооосу, ишмердүүлүгү боюнча, жөөтөрдүн Египет кулчулугунан бошотуу боюнча. |
| | **Нэвиим (Пайгамбар лар)** | диний жана саясий, тарыхый жана хронологиялык мүнөздөгү 21 китептен турат |

| | | |
|---|---|---|
| | **Кэтувим (жазуулар)** | ар кандай жанрдагы 13 диний китептерди бириктирет |

Ыймандуу адамдын жүрүм-турум эрежелери, принциптери Сина тоосунда Муса пайгамбарга түшкөн **он осуятка** курулган.

1. “Мен - сенин Кудайыңмын, Менден башка сенин Кудайын болбосун.
2. Өзүңө эч кандай сыйынуу үчүн сөлөкөт, сүрөт кылба жаралган нерселердин эч бирине сыйынба.
3. Жөн эле кажети жок Эгеңдин атын атаба.
4. Тынчтык (сыйынуу) күнүн эстегин, аны жакшы өткөрүү үчүн; алты күн иштеп жетинчи күндү Эгеңе арнап тынчтык( сыйынуу) күнү кылгын.
5. Ата-энеңди сыйлагын өмүрүң узун, жашооң жакшы болуш үчүн.
6. Эч кимди өлтүрбө.
7. Зынаага (никесиз) жолобо.
8. Уурулук кылба.
9. Жалган күбөөгө өтпө.
10. Сага жакын адамдын аялына, үйүнө, таласына деги эле тууганың ээлик кылган баардык нерсеге көз артпа”. (Экинчи мыйзам 5 глава 6-21 б.)

Бул он насаат иудаизмдин, христианчылыктын диний-этикалык негизин түзөт. Бул диндин башкалардан өзгөчөлүгү монотеизмдүүлүгүндө, бир Кудайга ишенүүсүндө жатат.



*Менора, Девиддин жылдызы-иудаизмдин диний символу*



*Ыйлоо дубалы*

**Иудаизмдин диний ырасымдары**. Диний салттарына баланы сүннөткө отургузуу жөрөлгөсү кирет жана бул жөрөлгө байыртадан өзгөчө мааниге ээ. Библия китеби боюнча бул салттын Кудай тараптан Ибрахимге буйрук келгенин кабарлайт *“Бул Менин силер менен болгон келишимим, силер жана силердин тукумуңар сактай турган, эркек аттуунун баары сүннөткө отургузулсун, бул сүннөткө отургузуу силер менен Менин ортомдогу келишимдин белгиси болот. Сегиз күндөн кийин жаңы төрөлгөн баланы сүннөткө отургузгула....”*.

Жөөт ишенүүчүлөрүнүн жашоосунун негизги максаты Кудай тараптан түшкөн насааттарды аткаруу болуп саналат. Ушул 613:248 насааттарга

ылайык кыла албай турган нерсени 365 күн кылыш керек. *Библияга (ыйык китепке) ылайык, Кудай адамды жаратканда «өзүнүн түспөлүнө, кебетелеш» кылып жараткан, мына ошондуктан адамга карата жасалган ар бир күнөө, Кудайдын өзүнө кылмыш кылган болуп саналат.*

Адам тараптан кылынган күнөөлөр тообо кылуу менен кечирилет. Эркек-бала 13 жаштан, кыз-бала 12 жаштан балакатка жетти деп эсептелип, чоң адамдар сыяктуу алардын насааттарын аткаруусу милдет болот.

Диндар жөөт үй-бүлөсүнүн күнүмдүк жашоосунда өтө маанилүү компоненттеринин бири толук эрежелерди сактоо менен тамак даярдоо, тамактануу болуп саналат. Кээ бир деңиз азыктарын, чочконун этин жана эт менен сүттү аралаштырып ичүү тыюу салынат.

**Иудаизм Кыргызстанда.** Жөөттөрдүн Кыргызстанда качан пайда болгондугу боюнча так маалымат жок, бирок Ысык-Көлдүн жээктеринен археологдор тарабынан б.з.1-3 кылымына таандык тыйындар табылган жана алардын айрымдарында “Иудея пала”[2]деген жазуу жазылган.

Убакыттын өтүшү менен жөөттөр менен персиялыктардын ортосундагы мамилелердин себебинен, азиялык, бухаралык жөөттөр сүйлөгөн перс-жөөт диалектиси пайда болду. 10-кылымдарда Таразда (Талас өрөөнүндө) Иудаизм динин тутунган жөөттөрдү камтыган көп Зиммийлер (мусулмандардын арасында жашаган мусулман эместер) болгон.

***Кызык!*** *С.Орозбаковдун вариантындагы“Манас” эпосунда көчмөн кыргыз элинин арасында жөөттөр эскерилет. Ош, Баласагын,Өзгөн, Барскоон шаарларында жана Улуу Жибек-жолунда жергиликтүү соодагер жөөттөр келгенин араб авторлору кабарлайт.*

*Жөөттөр токуучу, тигүүчү, өтүкчү, сүткор, зергер буюмдарды жасоодо чебер болушкан. Буга Кызыл булакта табылган археологиялык буюмдар(коло идиш, жана Девиддин жылдызы чегилген идиш), жана Караханид каганатынан табылган тыйындар далил болот.*

Кыргызстанда жөөт диаспорасынын түзүлүшү 19-кылымдын экинчи жарымында, Орто Азиянын Россия империясына кошулгандан кийин пайда болгон. Бул диаспора жөөттөрдүн жана бухаралык жөөттөрдүн орус тилдүү элдер менен кошо келүүсүнөн баштап түзүлгөн.

***Өзүңдү текшер!***

***Иудаизм –бул…***

***Эсиңерге туткула! Ашкеназим – бул европалык жөөттөр Кыргызстандын түндүгүндө Пишпек, Токмок, Кара-Кол шаарларында жашашкан.***

[2]Дин таануу. Бишкек:КРСУ, 2015

***Яхудим – бул бухаралык жөөттөр, Кыргызстандын түштүк тарабында Ош, Жала-Абад, Кызыл-Кыя шаарларында жашашкан.***

Кыргызстанда жөөттөрдүн отурукташуусу 19-кылымдын аягына туура келет. Совет учурунда этникалык жөөттөр орустар, украиндер, белорустар, кыргыздар, дунгандар тараптан документтерде жазылып калган.

Улуу Ата-мекендик согуш жылдарында качкындардын арасында Кыргызстанга динге ишенүүчү жөөттөрдүн бир тобу эвакуацияланып келген. 1942-жылдын башында Фрунзе шаарында синагог (жөөттөрдүн сыйына турган жайы) ачылып, анын тегерегинде тез арада диний коом түзүлгөн. Кыска мөөнөттүн ичинде Кант жана Жалал-Абад шаарларында синагогалар ачылган.

Азыркы учурда жөөттөрдүн чет өлкөлөргө кетүүсү менен алардын саны дароо азайды. Ошого карабастан Кыргызстанда синагогалар, жөөттөрдүн мектептери иштеп, “Мааян” аттуу газетасы чыгууда жана “Хесед Тива” аттуу кайрымдуулук фонду ишмердүүлүк кылууда.

**4. Конфуционизм этика-философиялык окуу катары**

**Конфуционизм** б.з.ч.6-7-кылымдарда Кытайда пайда болуп, анан кеңири кучак жайып таркаган. Конфуционизмдин негиздөөчүсү “Кун мугалими” ойчул философ Кун-цзы (б.з.ч.551-479), европалыктар аны Конфуций деп аташкан.


Конфуций
ок. 551 – 479 до н. э.


*Конфуций окуусу байыркы Кытай үрп-адатынан, каада-салтынан, жомокторунан өздөштүрүлгөн*. Элдер кедейчиликти, кыйынчылыкты өткөрүп жаткан доордо Конфуцийгы оор заманды башынан өткөргөн. Ак сөөк үйбүлөдөн чыгып кедей болгон ал байыркы акылман башкаруучуларга таянып үстөмдүк баш аламандыка каршы чыккан.

Конфуций Байыркы Кытай философтору сыяктуу эле Асманды ыйык көрүү принцибин бекемдеген. Асман – жогорку күч, бирдиктүү, жогорку табигыйлыктан бийик турган табигый башкаруучу.

Ал жер бетиндеги адилеттүүлүктү көзөмөлдөйт, социалдык тартиптерди коргоону өзүнө алат. Асман – тагдыр, жазмыш. Ал ар бир адамдын коомдогу ордун аныктайт, сыйлайт жана аны жазалайт. Конфуций асман алдында коркуу сезимине, жазалоочу күчүнө, тагдырдын кайталанбастыгына таяныч жасайт.

Конфуций падышаларга кетирген кадыр-барктарын кайтарып, элдин адеп-ахлагын, бактылуулугун сактоого аракет кылган. Ал байыркы даанышмандар ар бир адамдын кызыкчылыктарын коргоо үчүн мамлекеттик институт түзүштү деген түшүнүктөн четтеген.

Конфуций үчүн схемада көрсөтүлгөн беш “туруктуулук” маанилүү болгон:




Конфуций асылзат адам эки маанилүү- адамзатты жакшы көрүү жана милдет сезими менен сыпатталышы керек деп эсептеген.

Идеалдуу мамлекетте тең укутуулук сакталышы керек, бийлик бардык керектүү нерселерди алат ошону менен биргеликте карапайым эл жапа чекпеши керек. Эгер адилетсиздик байкалса эл көтөрүлүш жасоого акылуу.

Конфуцийдин дагы бир көңүл бура турган окуусу адамдар жаратылышы боюнча бири-бирине жакын, адамдардын кыял жоругу боюнча бири-биринен алыс. Адамдар тубаса билимдерге ээ, андан сырткары окуу жана практиканын жүрүшүндө алынган башка билимдердин түрлөрү да бар. Окутуу жана турмуштук тажрыйба адамдарды өзгөртөт. «Бир гана өтө акылдуу жана өтө акылсыздар өзгөрбөйт». Конфуций тубаса билимди барынан жогору койгон.

Конфуцийдин педагогикалык системасы боюнча окуп үйрөнүү сферасына «искусствонун» алты түрү кирет: ритуал, музыка, жаа атуу, жылкыны башкаруу, тарых жана математика. Конфуций тарыхты үйрөнүүгө чоң маани берген. Анын оюу боюнча «жаңыны таанып билүү үчүн өткөндү үйрөнүү керек». Сөз менен иш аракеттин биримдиги жөнүндө айтып, Конфуций окуп эле тим болбостон алган билимди практикада колдонуу зарылдыгын белгилейт.

Үй-бүлөлүк этиканы Конфуций мамлекеттик деңгээлге көтөргөн. Мамлекеттик башчылар, чиновниктер атасы балдарына мээримдүүлүк менен мамиле кылгандай элге мамиле кылуулары керек экенин баяндаган.

**Конфуцийдин окуусу төмөнкү этикалык нормаларды камтыйт**:

- Коомдо, коом үчүн жашоо;
- Бири-бирине көмөк көрсөтүү;
- Жашына, наамына карап улууларды угуу, сыйлоо;
- Императорго баш ийүү;
- Сабырдуу болуу, чектен чыкпоо;
- Адамгерчиликтүү болуу.

***Өзүңдү текшер!***

**Конфуционизм – бул…**

***Эсиңе тут!*** *Коомдогу адамдардын адеп-ахлагы боюнча Конфуцийлик алтын эреже*: "***Озүңө каалабаганды башкаларга да кылба"*** **.**

Ошентип конфуцийчиликтин маңызы-коомдо тартиптүүлүктү түзүү, салтты урматтоо, ата-мекенге, эл-журтка кызмат кылуучу боорукер адамды тарбиялоого багытталган. Конфуционизм Кытайдын расмий дини болуп кабыл алынгандан кийин, бара-бара Конфуцийдин көпчүлүк сунуштары татаал ырым-жырымдуу тышкы формага айланды.

Конфуционизм Кытайда 2000 жылдан ашык 1911-жылы болгон Синьха көтөрүлүшүнө чейин үстөмдүк кылды. 1949-жылы маданий төңкөрүштөн соң Конфуций окуусу толугу менен токтогон. Конфуционизмге болгон жаңы кызыгуу 1970-жылдары башталган. Азыркы учурда анын салттуу нормалары жана институттары Кытайда, Тайванда жана этникалык кытайлардын арасында кеңири тараган.

1985-жылдан бери Кытайда Конфуционизмдин Илимий-изилдөө институту ишмердүүлүк кылууда. Улуу ойчулдун урматына салттуу майрамдык иш-чаралар храмдарда жаңыланган. Конфуцийдин 67-муундагы тууган-туушкандарын Кытайда абдан урматташат.

**Даосизм** - Кытайда пайда болгон диний-философиялык агым. Конфуционизм түптөлгөн доордо (б.з.ч. 6-5-к.) жаралган. Доасизмдин негиздөөчүсү катары улуу ойчул, философ Лао-Цзы саналат. Уламышка ылайык Лао-Цзынын төрөлүшү тоо хрусталынын бир кесимин жутуп алуусу менен кереметтүү байланыштырышат.Уламыш боюнча энеси улуу ойчулду бир нече он жылдык боюнда көтөрүп жүргөнүнө байланыштуу, ал картайган абалда төрөлгөн.

Даосизмдин негизги принциби-тынчтыкка жана жандын сак-саламаттыгына жетүү болуп саналат. Бул диндин артыкчылыгы дербиштик (диний фанатизмдик көз караштa элден алыс жашоо) жана кээ бир атайын көнүгүүлөрдү кылуу менен адамдын каалоосун, кумарын басуу мүмкүндүгү. Чыныгы даос динин тутунган адам өз убактысын, күч кубатын жакшылык кылууга жумшап, маңызсыз дүйнөнү өзгөртүү аракеттерин кылбайт. Даосизмдегии эң жоргорку максат - Даону түшүнүү жана андан соң ага кошулуу, биригүү.

Бoштук түшүнүгү- даосизмде баардык нерсени келечеги жана эң негизги максат ушул боштукка көңүл буруу болуп саналат. Даосизм атеизмге окшоп өлгөндөн кийинки жашоону жокко чыгаруучу жалгыз дин.

Даонун жолун жолдоо- табигый кубулуштарга жана процесстерге кийлигишпөө, табият менен таттуу мамиледе болуу гана ийгиликке алып келерин белгилешкен, бардыгы космостон **инь жана янь** башаттары аркылуу башкарылат, бардык заттар өзүнүн жекече жолу – дао аркылуу жаралат жана өзгөрөт, дүйнөдө өзгөрүлбөс эч нерсе жок, бардыгы тең ошол өзгөрүүлөрдүн жүрүшүндө өзүнүн карама-каршысына айланышат деген философиялык тыянак бар Даого эрчүүгө бир канча принциптер бар:

- Аракетсиздик (увэй) – иш-аракеттен баш тартуу аркылуу натыйжаларга жетишүү;
- Табигыйлык- ар ким өзү менен өзү болуусу жана дүйнөгө этият мамиле кылуусу зарыл;
- Формасыздык-(катуулук-өлүмдүн жолдошу; жумшактык-өмүрдүн жолдошу);
- Нерселердин айлануусу-даанышман адам ар кандай нерсеге айлана алат.


Даос болуп жаткан табигый кубулуштарга кийлигишпейт, четтен көзөмөлдөп турат. Качан гана өзүнө же жакындарына бир нерсе керек болгондо кийлигишет. Даосизмдин негизги концепциясы Конфуционизмге каршы турат.

Бирок тарыхта даосизм тең укуктуулук, коомдогу адилеттүүлүктү кыйынчылык мезгилде негиздегени жөнүндө маалымдалат. Мисал катары, б.з.2-к. аягында даос монахтарынын жетекчилиги астында “Сары таңгычтар” деген ат менен күчтүү элдик көтөрүлүш болгон. Бул көтөрүлүштүн негизги максаты -“Көк асман” деген түзүлүштү кулатуу жана адилеттүүлүктүү орнотуу болгон. Бирок максаттары ишке ашпай, түндүк тарапка качууга мажбур болушуп, ал жактан даос папаларынын мамлекетин курушкан. Бул мамлекет XX кылымдын ортосуна чейин өкүм сүрдү.

Даосизм Конфуцизмден айырмаланып негиз болуучу ааламдын мыйзамдарына көңүл бурган. *Инь* жана *ян* принциптерине ылайык нерселер дайыма өздөрүнүн карама-каршылыгына тынымсыз өтүп турат. *Инь* - бул терстик, түнттүк, аялжандуулук, пассивдүүлүк, начардык. *Янь* - бул оң касиет, жаркын эркекжандуулук, активдүүлүк, күчтүүлүк. *Инь* жана *янь* - булар өзүнчө бир күчтөр, алар бир бүтүндүктү түзөт, бирок ошол эле убакта өз ара аракетте жана карама-каршылыкта турат. Эки карама-каршы күчтөрдүн - *инь* менен *янь*дын күрөшү айлана-чөйрөдөгү дүйнөнүн кыймылынын булагы катарында каралган. *Инь* менен *янь*дын күрөшүндө дао көрүнөт.



**Инь-янь**



**Лао-Цзы**

Даосизмди түзгөн Лао-Цзынын пикири боюнча, адамдын иш аракети аны дүйнө менен карама-каршылыкка алып келет, ошондуктан ал "ар нерсенин өз жолу бар, ага кийлигишпөө керек" деген теорияга үгүттөйт. Күрөштүн кереги жок, алгачкы коомдогу жөнөкөй, табигый турмушка кайрылып келүү керектигин белгилешкен.

***Кызыктуу маалымат!* Кытай салтында батыш адамы үчүн таңкалычтуу көрүнгөн өзгөчө сүрөт тартуу чеберчилиги бар. Тоолор тартылган кытай картинасын карасаң туура эмес пропорцияда тартылган деп ойлойсуң. Бирок тоолордун мындай тартылганынын мааниси-түбөлүктүүлүктүн символу болуп саналат. Кытайлар реалдуу дүйнөнү чагылдыруу бекер, анткени жок болуп кетүүчү, жалган дүйнө дешип, чыныгы чебер жок нерсени жүрөгү менен туюп,көрө алышы керектигин айтышкан.**

Кытайлыктардын цивилизациянын көптөгөн жетишкендиктерин биринчи ачкандыктары менен белгилүү. Мисалы: күкүрт, айнек, фарфор, компас ж.б. көп нерселер. Бул ачылыштардын көпчүлүгү даос монахтары тарабынан изилденген.

Даосизм кытайдын расмий дини катары классикалык дао философиясы менен аралашып, элдик синкреттик (бирикме, бүтүн) окуу катары 20-кылымдын ортосуна чейин сакталып келген. Даосизмди жактоочулардын максаты – дүйнөдө түркүн түрдүү ыкмаларды: атайын мүнөз тамак-аштан тартып, ар кандай дарылоочу дене тарбия көнүгүүлөрүнө чейинки ыкмаларды пайдалануу менен адам өмүрүн узартууга жетишүү болгон.

## 4. Синтоизм - Жапондордун улуттук дини

**Синтоизм** (жапончо синто – кудайлардын жолу) – Жапониядагы дин. Алгачкы коомдук түзүлүштө пайда болуп, өзүнүн өнүгүшүндө көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгон. «Синто» термини алгач ирет XVIII к. Синтоизмди буддизмден айырмалаш үчүн колдонула баштаган. 1868–1945-жылдары. Жапониянын мамлекеттик дини болгон. Бабаларга жана кудайга сыйынуу Синтоизмдин негизин түзөт. Кудайлар менен адамдардын

ортосундагы байланыш күн кудайы Аматэрасунун тукуму болгон император аркылуу ишке ашат. Император Жапониядагы бардык уруулардын башаты, теги катары эсептелинет, ага кудайдын жердеги өкүлү катары сыйынышат. Жапониядагы бардык императорлордун бабасы Аматерасу кудайдын тукуму катары Дзимму эсептелет. Ал 660-ж. 11-февралда такка отурган, ушундан улам ал күн 1873–1948-ж. жана 1967-ж. бери өкмөттүн чечими менен империяны негиздеген күнү катары майрамдалат. Синтонун түпкүлүгүндө ата-бабаларынын сыйынуу ырымдары, табияттын касиеттери жатат. Синтонун окуусунда адам баласы  сансыз рухтардан, кудайлардан жаралган деген ишеним бар. Ошондуктан ар бир адам өзүн аны сактоочу, жакшылык алып келүүчү биринчи рухун, кудайын “удзугами” (“удзи”-жыныс, “ками”-кудай) изилдөөсү керек. Адам өлгөндөн соң өзүнүн эзелки рухуна кошулат же акырындык менен өзү ками болуп калат.

Синто динине камилерге жапон элдеринин кудай ата-бабалары кирет: тоолордун, таштардын, бактардын, шамаалдын, оттун рухтары,айрым жерлердин колдоочу кудайлары, кайрымдуулук кылган адамдар. Камилер бардык жерде бүт иш-чараларга катышышат.

Синтоизмде байыркы кара дуба, тотемизм, фетишизм, анимизм сыяктуу диний ишенимдер сакталып калган.

Башка диндерге салыштырмалуу синтоизм конкреттүү түрдө өзүнүн негиздөөчүсүн атай албайт. Бул динде камий менен адамдын ортосундагы так айырма айтылбайт. Синто ишениминде адамдар камилерден пайда болгон жана өлгөндөн кийин камиге айланып кетет.  Синто ишеними өлгөндөрдүн рухтары дүйнөдөн, элдерден ажырабастан, эч нерседен тосулбастан бир жерде болот деп окутат.





Бул диндин жактоочусунан күнүмдүк ибаадат аткаруу, сыйынуу же храмдарда зыярат кылуу талап кылынбайт. Храмдарда болгон майрамдарга жана маанилүү окуялар менен байланышкан каада-салттарды аткарууга катышуу жетиштүү болот. Жапондор өздөрү синто динин улуттук окуялардын, каада-салттардын жыйындысы деп билишет. Синтоизм жактоочусуна башка динди тутууго же атеист болууга эч нерсе тоскоол боло албайт.

Синтоизм жапон маданиятынын түптөлүшүнө зор салым кошту. Уламыштардын, ырым-жырымдардын, майрамдардын, байыркы адабияттын өнүгүшүнө таасир калтырды.

Синтоизм ишениминде табигый формаларды кудайларга айландыруу, аларга сыйынуу бар болгондуктан, алардын убагында, мисалы бир чоң аянтты тазалап, анын борборуна чоң ташты орнотуп, ошол таш өзгөчө бир нерсени туюнтат деп, көп ырым-жырым аткарган жер болгон.



**Исе Дзингу храмы**



**Императордун үй бүлөсү**

Азыркы замандагы жапондордун диний көз карашы ийкемдүүлүгү менен айырмаланат. Бир эле убакта ал бир канча диндердин элементтерин өзүнө камтып алат: синтоизм, буддизм, конфуционизм, даосизм жана христианнчылыкты. Жапондор айтат “жапон конфуциан катары жашайт, синтоист катары үйлөнөт, буддист катары өлөт”- деп бекер айтпаса керек.

Синто жапондордун мыкты улуттук дини катары эсептелет жана кайсы бир мааниде жапон улутун, үрп-адаттарын, мүнөзүн, маданиятын чагылдырат.Эзелтеден бери негизги идеолгиялык система жана ырым-жырымдардын булагы катары синто дининин өнүктүрүү азыр жапон элинин бир бөлүгү синтонун маданий каада-салттарын, майрамдарын, ырым-жырымдарын диний элемент, улуттук үрп-адат катары катары кабылдашкан. Демек жапон элинин жашоосу, баардык каада-салттары синтоизмден пайда болгон десе болот, бирок жапондор бир азы гана өздөрүн синто дининин жактоочулары деп эсептешет.

Бүгүнкү күндө Жапонияда 80 минден ашык синтоисттик храмдар, синтонун кызматкерлерин даярдоочу эки университет орун алган. Храмдарда майрам күндөрү ырым-жырым жөрөлгөлөрү болот жана чоң, маанилүү майрамдар мамлекеттик деңгээлде абдан кооз көрүнүштө, аскердик параддар, салюттар, оюн-зоок программалардын коштоосунда өткөрүлөт. Маанилүү майрамдарга дин тутунган, тутунбаган жапондор активдүү катышышат. Синтоизмдин бүгүнкү функциясы жапон элинин улуттук каада-салтын сактоо болуп саналат.

***Кызыктуу маалымат!*** *Эреже катары баардык белгилүү жапон үй бүлөлөрүнүн "Кудайлардан" келип чыкканын айтышууда. Императордун династиясын негиздеген тукум Аматэрсу куйдайчасынан келип чыкканы айтылууда. Аматэрсу сыйынуу жайынын ичинде үч ыйык нерсе бар: күзгү, кылыч, яшма асылмалары. Күзгү чынчылдыктын белгиси, кылыч-даанышмандыктын белгис, яшма асылмалар- боорукердиктин белигиси. Император жана анын үй бүлөсү Аматэрсу кудайчага арналган Исэ-Дзингу башкы храмдын негизги кечилдери болуп саналат.*

*Синтоизм системасы ар түрлүү комплекстүү падыша мурасын бөлүштүрүү жөрөлгөсүн аныктаган.Жапониядагы бардык императорлордун бабасы Аматэрасу кудайдын тукуму катары Дзимму эсептелет.*

**ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТИ**

- Улуттук диндердин локалдык жайылуусунун себептери:
- Улуттук диндер маданияттын негизинде түзүлгөн.....
- Индуизмдин философиялык системасы буддизмге ачылыш берди....
- Индуизмдин фундаменталдык абалы негизинде жатат
- Азыркы учурда улануучу улуттук диндер
- Индуизм комплекстүү диний система катары
- Иудаизм – бул диний ишеним...
- Конфуцизм Кытайдын мамлекеттик дини
- Даосизм диний-философиялык агым катары
- Синтоизм-Жапондордун улуттук дини
- Маданияттын өнүгүүсүнө улуттук диндердин салымы

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Индуизмдин негизги багытын, өнүгүүсүн жана түзүлүү себептерин атагыла?
2. Кайсы байыркы адабий эстеликтерде Индия дининин негизги мазмуну камтылган?
3. Эмне үчүн иудаизм улуттук дин болуп саналат?
4. Иудаизмдин негизги принциптери кандай?
5. Христиан жана Ислам дининин түптөлүшүнө иудаизм кандай роль ойногон?
6. Конфуций окуусунун маңызы эмнеде?
7. Синто дининин түзүлүшү кандай болгон? Императордун ырасымы синто ишениминде кандай орунду ээлейт?

**Практикалык тапшырмалар:**

**1. Төмөнкү текстерди окуп, азыркы замандагы адамга канчалык алар актуалдуу экенин аныктагыла? Конфуций менен силер макулсуңарбы?**

Адамдар кандай жашаш керек экенин билүүлөрү үчүн Конфуций өзүнүн кулк-мүнөзүндө өздөштүргөн "жетишкен адамдын" сыпаты аттуу беш сыпатты негиздеген. Булар:

1. Адамдар менен жылуу мамиледе болуу - *көркөм мамиле*.
2. Адамга тиешелүү кулк-мүнөздүү, адеп-ахлактуу болуу, коомдук жайларда этикет эрежелерин билүү. Мисалы: кандай тамактанууну, турууну, маек курууну, жүрүм-турум жана өзүн кандай алып жүрүштү.
3. Толук жетишкен адам-билимдүү, учурдун талабына жооп берген илими, тажрыйбасы бар адам. Адамдуу көркөм кулк-мүнөзгө алып баруучу, кытай классикасын түзүүчү предметтер: тарых, адабият, жарандык укук.
4. Толук жетишкен адам катары ал өзүнүн жакын адамдарына жылуу мамиледе болуусу үчүн руханий дүйнсүн өнүктүрүүсү зарыл. Коомдук тартип жалпысынан адеп-ахлакка, өз-ара мамилеге негизделет.
5. Туруктуулук. Жогорудагы төрт сапатты өзүнө орноткон адам аларды бекем кармайт. Жан дүйнөсүнө жакшылыктын тамырын өзүнө орноткон адам бул дүйнө менен байланышта болуп, бардык мүмкүн болбогон иштерди аткара алат.

**2. Байыркы кыргыздардын “теңирчилик” ишеними менен жапондордун синтоизм ишеними ортосунда кандай жалпы окшоштук бар?**

**3. “Улуттук диндер” деген темада кроссворд түзгүлө.**

**4. Улуттук диндер аттуу таблицаны толтургула.**

| *Диндин аталышы* | *индуизм* | *даосизм* | *конфуционзм* | *иудаизм* | *синтоизм* |
|---|---|---|---|---|---|
| Камтыган территориясы (региону, мамлекет) | | | | | |
| Түзүүчүсү | | | | | |
| Жазма булактар | | | | | |
| Негизги жоболору | | | | | |

## 5-ТЕМА. ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕР: БУДДИЗМ (1 СААТ).

**Буддизм динин пайда болушу**



**Сиддхартха Гаутама**

**Буддизм** (которгондо – акыл-эсине келүү) - анын негиздөөчүсүнүн атынан алган, дүйнөлүк диндердин эң байыркысы. Шакья уруусунун принци **Сиддхартха Гаутама** будда традициясы боюнча **б.з.ч. 624 – 544-жж.,** тарыхчылардын баамында **б.з.ч. 563-560** дан **483-480-жж**. чейин жашаган. Индияда, аны **Будда Шакьямуни *(«Шакья уруусундагы Шоола түшкөн адам»)*** деп чакырышкан. Бала кезинен тартып эле, ал өзүнүн жөндөмдүүлүктөрү менен таң калтырган. Гаутама өзүнүн теңтуштарынын арасынан кыйла эле  айырмаланып турган.  Акылман карыялар, ага адаттагыдай эмес келечеги тууралуу айтышкан. Принц жыргалчылыкта, эч нерседен кам санабай жашаган, мезгили келгенде үй-бүлөлүү болду, балким, качандыр-бир мезгилде атасынын ордуна тактыны ээлемек. Эч нерсе анын бактысын бузган жок. Ал ***29 жашка*** чыкканда, бир жолу карылыгы жеткен  оорукчан абышканы, ала менен ооруган адамды, дервиш-монахты жана өлгөн адамды кездештирип жана жарык дүйнөдө оору, карылык жана өлүм бар экенин билип, принц адамдарды азап чегүүдөн куткарууну чечти жана жалпы жыргалчылыктын дарысын издөөгө аттанды.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Буддизм которгондо..., аны негиздөөчүсү ….**

**Будда Шакьямуни...**

Чачын алдырып, жөнөкөй кийим кийинип, ал жыргалчылыктуу жана бейгам жашаган жаштык жылдарын актоо үчүн, улуу чындыкты таанып-билүүгө аракеттенип, өзүн-өзү уруп кыйноого алып, жер кыдыра баштады. Бул татаал жол ийгилик менен аяктады. Ал өзүнүн үгүт-насыяты менен шаарларды жана айыл-кыштактарды кыдырды, анда окуучулар жана жолун жолдоочулар пайда болду жана аны **Будда** деп атап калышты.

**Будда дининин философиясы, маданияты жана жашоо образы**

Будда өлгөндөн кийин, окуучулары анын окуусун, бүткүл Индия боюнча үгүттөп, тарата баштаышты. Дин сактаган жана өнүктүрүлгөн монахтык жамааттарды түзүштү. Будданын окуусунун өзөгүн **«төрт асыл чындык» түзөт:**

***1. жашоо бул азап чегүү  (“Дукха”);***

***2. азап чегүүнүн себеби – жыргалга умтулуу (“Танах” же байлануу);***

***3. азап чегүүну токтотуу, каалоолорду жок кылуу аркылуу келет;***
***буларга жетүү асыл болгон 8 этаптык жол менен болот:*** *көз караш,ниет,кеп,кыймыл,жашоо түрү,аракет (энергияны туура багытка буруу),эстүү медитация, эс-акылын бир жерге топтоо(концентрация).*

Буддизм growth дининде **эки багыт** бар: **хинаяна - кичи араба** жана **махаяна – улуу араба.**

**Хинаяна** - жарык болууга алып барган жолдун бир бөлүгү болуп эсептелинет. Жандын өз алдынча руханий бир нерсе болгондугун таануу Хинаянанын негизги белгиси болуп саналат. Хинаяна өзүн-өзү жакшыртууга жана инсандын көз карандысыз түзүлүүсүнө болгон жолдун баштапкы этабы катары кабыл алынат.

**Махаяна** – бул жыргалчылыкка жакындатуучу жол. Аталган жол **“Сутра”** жана **“Тантрадан”** турат.

**“Сутра”*(санскриттен-жип)*** Байыркы Индиянын уламыштарында берилген ар кандай диний – философиялык окууларды камтыйт.

**“Тантра”** ***(санскритттен – куулук ушактар, ыйык тексттер)*** алдын ала бир топ чектөөлөрдөн өтүп, бардык нерсени сезе алган, чектелген адамдардын санына гана жеткиликтүү болгон, бошонууга жана эң жогорку сезимге жетүүгө алып барган ыкмаларды колдонуу. **Тантристтер** өздөрүнүн ишенимин бардык адамдар үчүн универсалдуу болгон бир ишеним деп эсептешет. Алардын ою боюнча калган диндер тантрадан чыгып келип, өздөрүнүн руханий күчүн андан алышат.
Буддизмдеги тантралык практика төмөнкү негизги ***үч элементти*** өзүнө камтыйт:

***1. Кудайдын сүрөтүн кароо, анан өзүн кудай менен теңдөө;***
***2. Практика учурунда тигил же бул кудайды түшүндүргөн өзгөчө ритуалдык жаңсоо колдонуу (бул кыймылдар мудралар деп аталат, алар Тибетке Индиядан келген);***
***3. Мантраларды окуу.***

***Өзүңдү сынап көр!***

| | |
|---|---|
| **Хинаяна - бул...** | **Махаяна - бул...** |
| **Сутра – бул...** | **Тантра – бул...** |

**Буддизм -** негизинен адептик чөйрөгө, адамдын жүрүш-туруш нормаларына багытталган. Ой жүгүртүү жана кыялга батуу,ыйык диндин осуяттарын сактоо аркылуу адам чындыкка жетүүгө, туура ылаажы табуугаболот дейт анда. ***Будда дининтуткан киши****эч убакта жамандыкка жамандык менен жооп кайтарууга тийиш эмес. Себеби, касташуучулук жана жапа чегүүчүлүк жоюлмак турсун, кайра күчөйт. Кала берсе, зордук-зомбулук кылгандыгы жана бирөөнү өлтүргөндүгү үчүн да жазалоого жарабайт. Будда дининдегилер жаманчылыкка токтоолук, сабырдуулук менен мамиле жасоо керек, жамандык ишке катышууга болбойт дешет.*

Буддизм Борбордук Азияда **б.з.ч. III к.** пайда болгон. ***<u>Буддизмдин башкы принциби</u> – түрдүү өлкөлөрдүн жана элдердин калыптанган маданий традицияларын бузбоо жана мүмкүнчүлүк болушунча алар менен аралашып кетүү – бардык жерде, жергиликтүү маданияттын бутагына ылдамыраак ылайыкташууга шарт түзүү. Ар бир региондо өзүнүн буддалык символикасын, ыйык жерлерди, календардык майрамдарды, жергиликтүү традициялар менен азыктанган, турмуштук циклдеги буддалы ырым-жырымдарды аздектөө.***

**Будда дининин Орто Азияга жана Кырызстандын аймагына тарашы.** Будданын окуусу **Орто Азияда Кушан мамлекетинин** курамына кирген учурда, кыйла кеңири тарады. Кушандык падышалардын эң улуусу, **Канишка (78-123-жж.)** буддалык соборлордун бирине колдоо көрсөткөн. Кийинчерээк, түрдүү даражада буддизмдин идеяларын кыргыздар, уйгурлар, жана калмактар кабыл алышкан.

**VI к.** аягында Кыргызстандын аймагына, болжолу **Тохаристан** тараптан буддизм кирет. Буддалык храмдардын калдыктары **XI к.Ак-Бешим, Красная речка, Новопавловканын аймактарынан** жана **Бишкек** шаарынын тегерегинен табылган. Ошондой эле,тибеттик буддалык жазмалар **Ысык-Көлдүн түштүк жээгинен,Тамга** жана **Жууку** капчыгайларынан табылган. Дагы бир тибеттик жана монголдук жазуулардын тобу, **Каракол шаарынын** түндүк-чыгышынан 80км алыстыкта, **Арашан** деген жерде таштарга чегилип жазылган. Бул жерден Ысык-Көл аркылуу Чыгыш Түркстандан Орто Азияга кербен жолу өтчүүчү Ал **Үчтурпан – Бедел ашуусу – Жууку – Ыссык-Көл** маршруттары боюнча өтүп, андан ары Боом капчыгайы аркылуу Чүй өрөөнүнө тараган. Бул маршрут боюнча **629-ж. Суябды** карай бара жаткан, атактуу буддалык зыяратчы жана саякатчы **Сюань Цзан** өткөн. Ал биринчи жолу Ысык-Көлдү жана анын айланасын сүрөттөп жазган. Ал эми, Бишкек ш. түштүк-чыгышынан болжолдуу 50 км алыстыкта, Чүй дарыясынын оң куймаларынын бири, ***Ысык-Ата дарыясынын жээгиндеги ташта Будданын*** келбети чегилген.

**I миң жылдыктын** аягында, Будданын окуусу Борбордук Азияда, коомдук жана үй чарба, жеке турмуштун бардык чөйрөлөрүнө кирип, массалык дин болуп калган. Миңдеген *монахтар* жана *монахинялар,* бүткүл Азиядан арабдык басып алуулардан жана ошол мезгилдеги Индиядагы жана Кытайдагы куугунтуктоолордон жана кысмакка алуулардан жан соога кылышып, бул жакка агылып келишкен. Алар бул жерде аймак исламдашканга  чейин баш калкалоо табышкан. Кыргыз ак сөөктөрү буддизм менен кыргыз аскерлери Чыгыш Түркстанга басып киргенде таанышкан. Чыгыш Түркстандагы **Яр-Хото** үңкүрүндөгү кыргыз жазууларында **Будда – Шакьямунинин** аты бар. ***«Кыргыз өлкөсүнүн княздык үйүнүн»*** принци буддалык китептерди окуп-үйрөнүү жана аларды көчүрүү менен алектенген деп айтылат булактарда. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, ***«малдаш токунуп отуруу"*** деген, кыргыздардын этикалык традициясы ***«падмасана»*** позасын ***(лотостун позасын)*** эске салган, анткени ал буддизмге гана таандык жаңылык болуп саналат.

Археологиялык материалдар, **IX –X кк.** энесайлык кыргыздарга **Будда дининин** киришин далилдеп турат. Минусин ойдуңундагы кыргыз аймактарынан **Энесайдын сол жээгиндеги, Батен кыштагынын** тегерегинен, алтын жалатылган, коло алтардык топ белгилүү. Топту түпкүчтөргө орнотулган Будданын, бодисатвалардын жана арстандын фигуралары түзөт. Бул эстелик **Гандхаранын** мотивдеринин сакталышын чагылдырат. Ал кыргыздарга согуштук олжо катары да тийип калышы мүмкүн. Тибет менен байланышы, **IX кылымдагы** Туванын түштүгүндө, Монголиядагы Улуу көлдөр ойдуңунун чектериндеги, – бийик тоолуу **Саглын** өрөөнүндөгү кыргыз жоокерлеринин коргондорун казуу учурунда табылган**«Береста грамоталарынын»** уникалдуу үзүндүлөрү менен далилденет.

Эсте сакта! Будданын окуусунун өзөгүн **«төрт асыл чындык»:**

1. ***жашоо бул азап чегүү  (“Дукха”);***
2. ***азап чегүүнүн себеби – жыргалга умтулуу (“Танах” же байлануу);***
3. ***азап чегүүну токтотуу, каалоолорду жок кылуу аркылуу келет;***
4. ***буларга жетүү асыл болгон сегиз этаптык жол менен болот.***

Алар төмөнкүлөр:
***көз караш;***
***ниет;***
***кеп;***
***кыймыл;***
***жашоо түрү;***
***аракет (энергияны туура багытка буру);***
***эс акылдуу  медитация;***
***акылын бир орунга топтоо(концентрация)***

*Будда  динин туткан киши - эч убакта жамандыкка жамандык менен жооп кайтарууга тийиш эмес. Себеби, касташуучулук жана жапа чегүүчүлүк жоюулмак турсун, кайра күчөйт. Кала берсе зордук-зомбулук кылгандыгы жана бирөөнү өлтүргөндүгү үчүн да жазалоого жарабайт. Будда дининдегилер жаманчылыкка токтоолук, сабырдуулук менен мамиле жасоо керек, жаман иштерге катышууга болбойт дешкен..*

***Муну билүү кызыктуу:***

***Гаутам** – Гималай тоолорунун түштүгүндөгү мамлекеттеринин биринин падышасынын үйүндө туулган. Ал төрөлө электе эле көзү ачыктар падышага **“уулуң белгилүү дин жолундагы адам болот”**- дешет. Бирок, падыша уулунун өзүнүн ордун баскан башкаруучу болушун каалаган. Ошодуктан ал Гаутаманы ашыкча ойлордон алыс кылуу үчүн сарайдан чыгарбоого аракет кылган. Аны дайыма сулуу жана жаш адамдар курчап жүрчү. Бир күнү сарайдын сыртына аң уулоо үчүн чыккан Гаутама чыныгы жашоону көрөт: жүдөгөн абышканы көрүп карылык жөнүндө билди; оорулуу адамга жакындап келген ханзаада адамдарды оору канчалык кыйнашын көрдү; маркумдун көмүү жөрөлгөсүнө күбө болгон Гаутама бардык адамдар өлүшүн билгенде катуу чочуду. Сарайдын ичиндеи турмуш чыныгы турмуш эмес экендигине ынанган, ал сарайдан чыгып кетет. Ошентип, 29 жаштагы ханзада диний дербишке айланып, өзүнө **төрт чындыкты** ачты: **дүйнөндө бардыгы кыйналат; кыйналуунун себеби – жагымдуулукка умтулуусу, каалоосу; кыйналуудан башкы абал – нирванага жетүү; нирванага жетүүнүн жолу-акыл, туура жүрүш-туруш, көңүлдү тазартуу.** Бул чындыктар ачылган кезде ал **Будда** деп аталган.*

***Таяныч конспект***

Сиддхартха Гаутама – буддизм динин негиздөөчүсү

→ Индияда, аны Будда Шакьямуни...

→ Ал 29 жашка чыкканда...

→ Будданын окуусунун өзөгүн «төрт асыл чындык»:

→ Буддизм дининдеги эки багыт: хинаяна - кичи араба, махаяна улуу араба

→ Буддизм - негизинен адептик чөйрөгө...

→ Будда динин туткан киши - эч убакта жамандыкка...

→ VI к. аягында Кыргызстандын аймагына...

→ Минусин ойдуңундагы кыргыз аймактарынан бир буддалык эстелик.

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. Будда динин негиздөөчүсү ким болгон?
2. Будданын окуусунун өзөгүн «төрт асыл чындык» жана ага жетүүнүн жолдорун атагыла?
3. Буддизм дининдеги негизги эки багытты белгилегиле?
4. Буддизмдин башкы принциби?
5. Буддизм дини Борбордук Азияда качан пайда болгон?
6. Окумуштуулардын пикири боюнча «малдаш токунуп отуруу” деген, кыргыздардын этикалык традициясы буддизмдин кайсы позасы менен байланышта болгонун аныктагыла?

# ТЕМА 6. ХРИСТИАН ДИНИ АЗЫРКЫ ДҮЙНӨДӨ


**Христиан дини** – ислам жана буддизм сыяктуу эле дүйнөлүк бир кудайга сыйынуу (монотеисттик) диндердин бири.

«Христианчылык» гректердин «Христос» сөзүнөн келип чыгып, ага сыйынуучу, б.а.«помазанник» дегенди билдирет. Христианчылыктын дүйнөлүк тарыхка тийгизген таасиринин өтө жогору болгондуктан, анын негиздөөчүсүнүн төрөлүүсүнөн тарта жаңы дүйнөлүк эра (жыл санак) башталган.

Азыркы мезгилде Христиан дини – дүйнөдөгү эң ири диндердин бири, аны жактоочулардын саны болжол менен 2.2 миллиардга жакын.

Христианчылык биздин эранын I кылымында, ал учурда Рим империясынын курамына кирип турган Палестинанын иудейлеринин келип чыккан. Христиан дининин негиздөөчүсү болуп Иисус Христос саналат, уламыштарга караганда анын энеси Дева Мариянын Ыйык Рухтан боюна бүтүп, ал Вифлеемде жарык дүйнөгө келген. Иисус 30 жашка чыккандан тарта динге кызмат кылууну баштап, ал 3 жылга созулган жана ал жылдары Кудай эркин таратып, Кудай жөнүндө күбөлөндүргөн, адамдарды айыктырган, өлгөндөрдү кайра тирилткен, Эски Осуяттын Жазмаларын (писания Ветхого Завета) түшүндүргөн, пайгамбарчылык кылган. Ал өзүнө 12 эң жакын шакирттерин тандап алып, алар бардык жерде Иисусту коштоп жүрүшкөн жана Христос крестке керилип өлтүрүлүп, кайра тирилип келип, асманга кайып болуп кеткенден кийин, анын окуусун дүйнө жүзүнө таратышкан.

Христианчылык бардык адамдардын тең укуктуулугун жар салып, адилеттүүлүккө жана дүйнөнү кайра түзүүгө чакырып, тез эле таасирдүү идеялык агымга айланган. Албетте, бул жаңы дин түпкүлүгүндө иудаизмден келип чыккандыктан, анын таасири чоң болчу, бирок көптөгөн идеялары христиандар тарабынан кайра каралып чыккан.



**«Жашыруун кечелер». Леонардо да Винчи. 1495-1498**

Христиандык окуунун калыптанышына байыркы (антикалык) философия да чоң таасирин тийгизген.

Куугунтуктоолорго карабастан, жаңы дин Рим империясынын бүткүл аймагына тез эле тарай баштаган. Христиандык жамааттардын саны күн санап өсүп, II-III кылымдарда христиан чиркөөлөрү Рим империясынын аймагынан тышкары, Сирия, Эфиопия, Персия, Армения, Грузияда пайда болуп, христиан дини Индия, Кытай, Борбордук Азиянын калктарына тараган. IV кылымдан тарта христиан дини бир катар өлкөлөрдө: Арменияда, Грузияда, Византияда, Улуу Карлдын империясында жана башкаларда мамлекеттик дин деп таанылган. 1-миң жылдыктын экинчи жарымында христианчылык

герман, славян, скандинав, финн-угор элдеринин арасына активдүү тараса, Орто кылымдарда Батыш жана Чыгыш Европанын бардыгы христиан мамлекеттерине айланышкан.

Жаңы жана Соңку жаңы мезгилде христианчылык Европадан тышкары Түндүк жана Түштүк Америка, Ыраакы Чыгыш жана Алыскы Түндүк, Түштүк-Чыгыш жана Чыгыш Азия, Африка жана Австралиянын эдерине чейин тараган.

Бардык эле кеңири таралган окуулар сыяктуу, христианчылык да жамааттарга бөлүнүүгө дуушарланган. IV–V кк. Христиан чиркөөсүндө ажырымдар башталган. Алар Иисус Христостун эрки, анын кудайлык жана адамдык табиятынын өз ара катышы, тринитардык (үчилтик) догматтар (Троица жөнүндөгү окуу) сыяктуу маселелерге байланыштуу болгон.Дин ишмерлеринин ортосундагы талаш-тартыштардын натыйжасында, христиан дининин ичинде бир катар жаңы агымдар, окуулар келип чыккан (ариандар, несториандар, монофизиктер, монофилиттер, маркиониттер ж. б.). Алардын баарын бүгүнкү күндө бир эле түшүнүк – байыркы чыгыш чиркөөлөрү бириктирип турат.

Христиан дининдеги эң чоң бөлүнүү 1054-жылы болуп өтүп, ал IV кылымда Рим империясынын Батыш жана Чыгыш болуп бөлүнүүсүнүн кесепетинен болгон. Ошентип дин дагы эки бутакка ажыраган: Батыш же Католик христианчылыгы жана Чыгыш же Ортодоксалдык (Православиелик) христианчылыгы. Батыш чиркөөсүнүн башчысы Рим Папасы жана православиенин формалдуу башчысы – Константинополь патриархы бири-бирин Кудайдын каарына калды (анафема) деп,чиркөөдөн четтетишкен, башкача айтканда, чиркөөнүн каргышына калтырышкан. Христиандардын католик жана православ болуп бөлүнүүсүнүн негизги себеби-алардын чиркөөлүк түзүлүш жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн ар түрдүүлүгү болгон. XVI кылымдагы Батыш католик чиркөөсүнүн кризисинин учурунда дагы бир жаңы багыт – протестантизм дини келип чыккан.

***Өзүңдү текшер!***


**Анафема – бул …**

***Эске туткула!* Апостолдор (грек. “элчи” ) – Иисус Христостун эң жакын делген12 шакирти.**

***Бул кызык:***

*Эң эски христиандык символдук маанидеги сүрөттөр Рим империясында Чиркөөнү алгачкы куугунтуктаган мезгилдерге туура келет. Ал учурдагы символдук белгилер биринчи кезекте криптограмма-жашыруун жазма аркылуу душмандар арасында бирин-бири таануу үчүн колдонулган.*

*Балык – эң байыркы жана эң кеңири таралган христиандык символдордун бири. "Ихтис" (байыркы грек. Ἰχθύς - балык) - Иисус Христостун ысмынын байыркы акроними (монограмма), ал Иисус Христос Кудайдын Куткаруучу Уулу сөздөрүнүн баш тамгаларынан турат, б. а. христиан динин тутунаарын кыскача билдирет.*



**Христиан диний окуусу.** Христиан диний окуусу Чиркөө Аталары тарабынан жазылган Ыйык Жазмалар – Библия жана Ыйык уламыштар, Ааламдык соборлордун чыгарган аныктамалары, ыйык мучениктердин жашоосуна, б.а. азапты, мээнетти көп тарткан киши ж. б. негизделген. Библия жазылуу тарыхы бир жарым миң жылга чукулдап, б.з.ч. XV дан б.з. I кылымына чейин созулган. Библия Эски Осуят (иудейлердин ыйык китеби) жана Жаңы Заветтен туруп, анда дүйнөнүн жаралуусу, алгачкы адамдар, еврей калкынын тарыхы, Мессиянын келүүсү жөнүндө, Иисус Христостун жана анын шакирттеринин жашоосу, окуусу, кереметтери жана пайгамбарчылыгы, алгачкы христиан жамааттарынын жашоосундагы окуялар тууралуу баяндалат. Жаңы осуяттын курамына төрт Евангелиея, апостолдордун ишмердүүлүгү, алардын алгачкы христиан жамааттарына кайрылуулары, Апокалипсис же ыйык Иоанн Богословдун ачылышы кирген. Алардын тексттери куугунтуктоо мезгилинде этияттык менен жергиликтүү чиркөөлөр тарабынан сакталып, өткөрүлүп келген жана алгачкы христиан чиркөөлөрүнүн жалпы макулдугу менен тандалып алынган. Дал ушул китептер бирдиктүү бир калыпка салынып(канонго киргизилип) бардык конфессиялар тарабынан таанылган.

Библияга кирбей калган тексттер бүгүнкү күндө Эски осуятка тиешелүү 100гө жакыны жана Жаңы осуятка кирбей калган болжол менен ушундай эле санда белгилүү. Ал тексттер **апокриф** деп аталат.

***Өзүңдү текшер!***

**Апокрифтер – бул...**

***Эске туткула!* *Евангелие (грек тилинде – «Жакшы кабар») – Иисус Христостун жердеги жашоосун баяндаган эрте христиандык жазмалар. Канондук Матфей, Марк, Лука, Иоанндан (Жаңы осуят кирет) жана апокрифтик болуп бөлүнөт.***

Библиянын жалпы мааниси– эң алгачкы адамдар – Адам менен Еванын күнөө жасоосу менен адамзат баласы Кудай менен байланышын, түбөлүк жашоосун жоготкондуктан, Куткаруучуга, башкача айтканда Кудайдын адамдар менен мамилесин калыбына келтирген мессияга муктаж экендиги тууралуу илим болуп саналат.

Эски Осуяттын китептеринде Израиль элинин Давид падышанын уруусунан чыккан дин кызматкеринин жана падышанын, ушундай мессияны – куткаруучуну күтүүсү тууралуу баяндалат. Жаңы Осуят китептери биздин эранын башында Вифлеемде төрөлгөн Иисус Кудай тарабынан адамдардын күнөөсүн актоо үчүн жиберилген Христостун (грекчеден которгондо –“мессия”, помазанник) дал өзү экендигине ынандырат. Иудейлердин ишенимине салыштырмалуу христиан окуусунда Израиль элин гана эмес, Иисуска ишенген, өз күнөөлөрүн мойнуна алган ар бир адам сакталып калуусу жана ал сактап калган адамдардын катарынан орун алуусу жөнүндөгү окуусу жаңы болуп саналат. Ал эми Иисус Христостун катардагы эле адам эмес, ал кудайадам, толугу менен Кудай-Атага теңата, анын уулу болуп саналаары, Ыйык Рух менен бир бүтүн экендиги тууралуу Жаңы осуяттагы окуу уникалдуу көрүнүш болуп саналат. Кудайдын үчилтиктүү бир бүтүндүгү, б. а. Троицага ишенүү христиан динин башка монотеисттик диндерден, иудаизм жана исламдан айырмалап турат.



**Ыйык Троица. Андрей Рублев**

Биздин эранын алгачкы жылдарында эле христиан диний окуусунун бир нече кыскача аныктамалары белгиленген. Алар – Апостол, Афанасьев, Никео-Константинополь ишеним символдору бүгүнкү күнгө чейин дээрлик бардык христиандар тарабынан тутулат. Алардын ичинен кеңири тараган Никео-Константинополь ишеним символу Биринчи жана Экинчи ааламдык соборлордо кабыл алынып, ага ошол мезгилдеги бардык христиан чиркөөлөрүнүн өкүлдөрү катышышкан. Аталган ишеним символу 12 мүчөдөн туруп, төмөнкү таблицада келтирилет:

| МАЗМУНУ | МААНИСИ |
|---|---|
| **1-мүчөсү. Бир гана Кудай Атага, Баарын кармап туруучуга, Асман менен жердин, бардык көрүнгөн жана көрүнбөгөндүн Жаратуучусуна ишенем.** | **Кудай Ата тууралуу** диний көз караштардын негизги жобосу; конкреттүү тарыхыйшарт менен эсептешпей ишенимге алынган далилсиз жобо **(догмат):** Кудай Ата – ааламдын жаратуучусу; |
| **2-си. Бир** | **Кудай Уулу тууралуу догмат:** |

| | |
|---|---|
| **ганаКудай Иисус Христоско, Кудайдын Уулуна, Жалгыз, баарынан мурун Атадан туулганына,; Жарыктан жаралган Жарыкка, акыйкат Кудайдан жаралган акыйкат Кудайга, туулган, жаратылбаган Ата менен бир жандан жаратылган, жана ал аркылуу баары жаратылганына ишенем;** | Иисус Христос – Кудай Уулу, аалам жаратылганга чейин жаралган Кудай Атадан туулган, Кудай Атага тең ата. |
| **3-сү. Адамдар биз үчүн жана бизди актап калуу үчүн асмандан түшкөн, Ыйык Рухтун жана Дева Мариядан жаралган жана адам түспөлүн алган;** | **Иисус Христостун Ыйык Рухтан бойго Бүтүүсү**,Иисус Христос Дева Мариядан туулгандыгы жана **Кудайга айлануусу тууралуу догмат**: Иисус Христос – Кудайадам (Кудай дагы, Адам дагы) |
| **4-сү. Биздин күнөөлөрүбүз үчүн**Иисус Христос**Понтий Пилаттын тушунда жыгач кресткекерилген, жабыр чеккен жана көмүлгөн.** | **Күнөөсүн жуугандыгы тууралуу догмат**: Крестке керилип азап тартуу менен адамдардын күнөөлөрүн жууган |
| **5-си. Ыйык Жазууларга (пайгамбарлыкка) ылайык үчүнчү күнү кайра жаралгандыгы;** | **Өлүп тирилгендиги тууралуу догмат:** Иисус Христос 3-күнү кайра тирилген; |
| **6-сы. Асманга чыгып кеткендиги жана Кудай Атага жакындыгы ;** | **Иисус Христостун денесинин асманга чыккандыгы тууралуу догмат:** Иисус Христос асманга чыгып кетип, Кудай Атанын оң жагында отурат; |
| **7-си. Тирүү жана өлгөндөрдү кайра соттоо үчүн кайра кайтып келүүсү, түбөлүк падышалыкка кайтуусу** | **Экинчи жолу кайра келүүсү тууралуу догмат:**Иисус Христос тирүү жана өлгөндөрдү соттоо үчүн кайра келип, андан соң өз Падышачылыгын курат жана Кудай аркылуу өз эли менен биргеликте болот. |
| **8-си. Атадан келген, Ата жана Уул менен бир катар да сыйынган жана даңкталган,пайгамбарлар аркылуу сүйлөгөн Ыйык Рухка, өмүр берген Кудайгаишенем** | **Ыйык Рухтан жаралуусу тууралуу догмат**: Православиеде Ыйык Рух Кудай Атадан жаралса, католиктерде Ыйык Рух Кудай Ата жана Уулунан (латынча – «филиокве») жаралат. |

| | |
|---|---|
| **9-су. Бирдиктүү, ыйык собордук Ааламдык жана Апостолдук Чиркөөгө ишенем.** | **Чиркөө тууралуу догмат:** Чиркөө (Иисус Христостун экинчи жолу кайра келишине чейин кайсыл бир мезгилде жашаган, жашап жаткан жана жашай турган бардык христиандар):<br>– бирдиктүү – ал бирөө гана (анын башчысы – Христос);<br>– ыйык – ага Ыйык Рух кирген, Кудай үчүн күнөөдөн тазартылган;<br>– собордук – ааламдагы бардык ишенгендерди камтыйт; андыктан бүткүл ааламдык деп аталат (грекче православдык, «кафоликтик»; латынча – «католиктик»);<br>– апостолдук – апостолдор аркылуу билимди Евангелиялардан алышат жана Христостун окуусун алган (православиялык, католиктик, армян жана башка апостолдук чиркөөлөрдөн айырмаланып, кээ бир протестанттык чиркөөлөр “евангелдик” деп аталат |
| **10-су. Күнөөлөрдөн арылуу үчүн бир гана жолу чокундурулам** | **Чокундуруунун сырдуулугу тууралуу догмат:** күнөлөрүнөн арылуу үчүн бир гана жолу чокундурулат. |
| **11-си. Өлгөндөрдүн кайра тирилишине ишенем** | **Өлгөндөрдүн кайра тирилээри тууралуу догмат.** |
| **12-си. Өлүмдөн кийин дагы жашообар экендигине ишенем. Аминь** | **Христостун падышачылыгы тууралуу догмат:** бардык өлгөндөр кайра тирилип, дүйнө жаңыланып, Христостун соту бүткөн соң, түбөлүк жашоо башталат. |

***Эске туткула!* Ааламдык соборлор – христиан Чиркөөсүнүн епископторунун бүткүл дүйнөлүк чогулушу, анда динге байланышкан маанилүү маселелер талкууланып, доктриналык (догмалык), саясий-чиркөөлүк жана соттук тартипк мүнөзүндөгү чечимдер чыгарылат.**

***Өзүңдү текшер!***

Троица – бул ...

***Эске туткула!* Догмат же дóгма (байыркы грек. δóγμα, δóγματος – пикир, чечим, токтом) – чиркөө тарабынан бекитилген, милдеттүү жана өзгөрбөс чындык катары жарыяланган, сындоого (күмөн саноого) тыюу салынган диний окуунун жобосу.**

**Христиан дининдеги негизги багыттар.**

**Православие** (грек. ortodoxia – туура окуу) – христиан дининдеги негизги багыттардын бири. 1054-жылы христиан дини экиге бөлүнгөндөн кийин, Никео-Константинополдук ишеним символун калтырып кеткен христиан чиркөөлөрү (көбүнчө чыгыш) “православдык” аталышына ээ болуп, алар жети гана Ааламдык соборлордун чечимдерин милдеттүү деп таанышат.

Православдардын жалпы саны болжол менен 300 млн. адамды түзөт. Алардын басымдуу бөлүгү Россияда жашашып, болжол менен 70-80 млн.

адамды түзөт. Мындан сырткары православдар Украинада (30 млн. жакын), Румынияда (20 млн.), Грецияда (9.5 млн.), Беларусияда(5 млн.), Югославияда – Сербия жана Черногорияда (7 млн. жакын), Болгарияда (6 млн.) турушат. Православдык чиркөөлөр ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө, Түркияда, Палестинада, Сирияда, Египетте, АКШда, Японияда, Батыш Европа жана башка дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө, алардын ичинде Кыргызстанда да бар.

**Католицизм**, же католик окуусу (лат. «католицисмус» – жалпы), христиан дининдеги жактоочуларынын саны боюнча эң ири (1.196 млрд. адам) багыттардын бири болуп саналат. I миң жылдыктын башында Рим империясынын батыш бөлүгүнөн келип чыккан. Чиркөөнүн түзүлүшү жана догмалык маселелер боюнча Чыгыш-христиандык чиркөөлөр менен болгон эки кылымдык пикир келишпестиктин натыйжасында, 1054-жылы христиан дини экиге бөлүнүп, католицизм христиан дининин өз алдынча багыты катары толук калыптанган. Эрте христиан чиркөөсүн ажырымга алып келген маселелердин ичинде саясий, социо-маданий жана догматтык маселелер боюнча пикир келишпестиктер болгон.

***Бул кызык!***

*Мартин Лютер каршы чыккан дин үгүттөөчүлөрүнүн бири – Доминикан монастырынын башчысы Иоганн Тецель болгон. Ал индульгенцияларды уятсыздык менен саткандыгы менен белгилүү болгон. **Индульгенция**-("күнөөнүн кечирилгендиги" тууралу Рим папасынын атынан сатыла турган грамота; бул чиркөөнүн таасирин чыңдоо жана динге ишенүүчүлөрдөн акча өндүрүп алуу үчүн иштелген алдоонун бир түрү). Бир жолу Лейпцигде кайсы бир аристократ Тецелге анын келечекте жасай турган күнөөлөрүн кечирүүсүн өтүнүп кайрылат. Тецель индульгенциянын акысын дароо төлөөрү менен макул экендигин билдирет. Тецель шаардан чыгып кетээри менен аристократ аны кууп жетип, катуу сабап салат да, ал дал ушул күнөөсү тууралуу айткандыгын билдирет.*



**Протестантизм** – Жаңы мезгилде Батыш Европада Рим Католик чиркөөсүн реформалоонун жүрүшүндө келип чыккан көп сандагы уюмдарды бириктирген христиан дининин негизги багыттарынын бири. Кийинчерээк протестанттык окуулар андан ары өнүгүп, алгачкы реформаторлор Джон Уиклиф, Ян Гус, Мартин Лютер, Жан Кальвин, Цвингли жана башкалардын идеяларын өнүктүрүп, өркүндөтүп дүйнө жүзүнө таралууда. Бул диний

ишмерлер XV-XVI кылымдарда Католик чиркөөсүнүн окууларын жана практикасын өзгөртүү зарылчылыгын белгилешкен. Реформация идеяларын эң эле так аныктаган католик кечили, теология доктору Мартин Лютер болгон. Ал айрым бир католиктик догматтарга, биринчи кезекте күнөөлөрдү кечирүү тууралуу укук берген индульгенцияларды сатууга каршы чыккан. 1517-жылдын 31- октябрь күнү Ал Виттенберг соборунун эшигине 95 католиктик тезисти сынга алып, илип койгон. Бул күн шарттуу түрдө протестантизмдин түзүлгөн күнү катары саналат.

Алгачкы протестанттык уюмдар XVI-XVII кылымдарда пайда болгон. Алардын ичинен эң ирилери – Лютеран, Реформат, Просвитериан (кальвинизм), Англикан чиркөөлөрү бүгүнкү күнгө чейин жашап келүүдө. Мындан сырткары протестантизмге квакерлердин, методисттердин, баптистердин, адвентисттердин, пятидесятниктердин окуулары да кирет.

Христиан дининдеги багыттардын негизги айырмачылыктары төмөнкү таблицада берилген[3].

| | Православие | Католицизм | Протестантизм |
|---|---|---|---|
| **Ыйык Жазмалар** | Эски Осуятта 50 китеп | Эски Осуятта 50 китеп | Эски Осуятта 39 китеп |
| **Ыйык Предание** | - алгачкы жети гана Ааламдык Собордун чечимдерин таанайт; – толук аягына чыккандыгы жана өзгөртүүгө болбостугу таанылат | - 21 Ааламдык Собордун чечимдерин таанайт; - ишенимдин дайыма өзгөрүп туруучу элементи катары таанылат. | Кээ бирлерин эске албаганда, дээрлик көпчүлүк протестанттык чиркөөлөр таанышпайт |
| **Чиркөөнүн уюштурулушу** | Улуттук өз алдынча: Константинополь, грек, грузин, серб, румын ж. б. чиркөөлөрдү камтыйт | Рим католик чиркөөсү аркылуу Ааламдык Чиркөө | Чиркөөлүк түзүлүштө катуу иерархиядан ыйыктык институтунун жоктугуна чейин орун алган |
| **Башкаруу** | Ар бир улуттук автокефалдык чиркөөнү патриарх жетектейт | Рим Папасы жетектеген бирдиктүү чиркөө болуп эсептелет | Епископ, пастор, пресвитерлер жетектейт |
| **Чиркөө башчысы** | Иисус Христос | Иисус Христос | Иисус Христос |
| **Дин кызматкер-лери** | -епископ, архиепископ, митрополит, патриарх; - “кара” жана “ак” | -епископ, архиепископ, кардинал, Рим Папасы бардык дин кызматкерлери, кечил- | Динге ишенгендердин бардыгы ыйык деп таанылат; - кечилдик жана целибат жоюлган |

[3]Профессор Н.У.Курбанованын материалдары боюнча

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ыйыктык институту орун алган, акыркыларына никеге турууга уруксат берилген. | дер үй-бүлө күтүүдөн баш тартышат (целибат). | |
| **Өз ара мамилелер** | Баары эле бири-бирин чыныгы чиркөө катарында тааный бербейт | Дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү бөлүктөрү бири-бири менен байланышта | Культка, чиркөөнүн тышкы жагдайына байланышкан маселелерде биримдиктин жоктугу |
| **Сыйынуу** | Божественная Литургия | Месса | Жекшемби күнү сыйынышат (Воскресная проповедь) |
| **Богородица** | Кудайдын энеси, Ыйык тутулуп, кадимки эле никеде туулган. | Ыйык Дева Мария, ыйык рухтан боюна Христос бүтүп, аны төрөгөн. | Ыйык Дева Мария Сактоочунун энеси катары аялдардын эң ыйыгы деп абдан сыйлуу орунду ээлейт. |
| **Ишеним символу** | Ыйык Рух бир гана Атадан болот | Ыйык Рух Атадан жана Уулунан болот | Батышта тараган протестанттык агымдар Ишеним Символунун католиктик версиясын карманышса, Чыгышта эреже катары православдык версияны жакташат |
| **Купуя сырлар** | Негизги жети купуя сыр: Чокундуруу, Миропомазание, Причастие(Кудайдын денеси, каны деп ооз тийгизилүүчү нан жана вино), Покаяние(тобо кылуу), Ыйыктык (Священство), Елеосвящение жана Нике. | (Кудайдын денеси, каны деп ооз тийгизилүүчү нан жана вино), Покаяние(тобо кылуу), Ыйыктык (Священство), Елеосвящение жана Нике. Купуя сырларды чечмелдөөгү айырмачылыктардын болгондугу. | Купуя сырлардын саны экиге чейин кыскартылган: Чокундуруу жана Причастие (Кудайдын денеси, каны деп ооз тийгизилүүчү нан жана вино),; |
| **Чистилище (өлгөн кишинин денесин бейишке барганга чейин тазалоочу жер)** | Тазалоочу жайдын бар экендигине ишенишпейт, бирок азап чегүү тууралуу окуулар бар | Тазалоочу жай тууралуу догмат бар | Тазалоочу жай тууралуу окууну жокко чыгарышат. |
| **Нике** | Дин кызматкер- | Ажырашууга тыюу | Ойноштук кылган |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | леринин чечими менен айрым учурларда гана ажырашууга уруксат берилет | салынат | учурларда ажырашууга уруксат берилет. |
| **Чокунуу эрежеси** | Ондон солду карай үч манжа менен чокунушат | Солдон оңду карай чокунушат. | Буларда бардыгына бирдей эреже жок. |
| **Иконалар** | Ыйыктар тескери перспектива салтына ылайык эки өлчөмдүү сүрөттөлүштө жазылат. | Ыйыктар натуралай, көбүнесе статуя түрүндө, түз перспективада жазылат | Иконаларга табынуу жок |
| **Распятие(колу -буту керилип мык менен кадалган Иисустун сүрөтү түшүрүлгөн крест)** | Крест үч жыгачтан турат, анын кыскараагы жыгачка керилген каракчыны көрсөтүп турат, Христостун ар бир бутуна өзүнчө мык кагылган. | Христос табигый көрсөтүлүп, анын денеси азап-тозокту тарткандыгын чагылдырып турат | Бибилиялык такыбаларды ардактоо өзгөртүүсүз сакталган, бирок католиктердеги ыйыктардын культу сыяктуу фетиштик элементтеринен ажыратылган. |
| **Өлгөн адамды узатуу жөрөл-гөлөрү** | Өлгөндөрдүн 3, 9, 40 күндөрүн, андан соң жылдыгын белгилешет. | Өлгөндөрдү 3, 7, 30-күнүндө эскеришет, бирок бул салт бекем сакталбайт. Сөзсүз түрдө дүйнөдөн кайткандарды 1-ноябрда – Өлгөндөр күнүндө эскеришет. | Ыйыктарга, алардын кабырларына сыйынуу, өлгөндөргө дуба кылуу алынып салынган. |

***Өзүңдү текшер!***

**Индульгенция - бул ...**

**Христиан дини Орто Азияда** [4]

Борбордук Азиянын аймагында христиандар б.з. I миң жылдыгынын биринчи жарымында пайда болушкан. Алар апостол Фоманын аркасынан Рим империясынан чыгышка аттанган миссионерлер эле. Чиркөөлүк уламыштарга караганда, апостол Фомага христиан динин Борбордук жана Түштүк-Чыгыш Азияга таратуу тагдыры туш келген. Апостол Фоманын баянында эскерилген “парфиялыктар жана мидиялыктар, перстер, гиркандар жана бактриялыктар” Иранды жана Орто Азияны мекендешкен. Аларга жаңы динди тараткан сириялык дин үгүттөөчүлөрдүн тилдери жакын, түшүнүктүү болгондуктан христиан дини Согдиана, Бактрия, Парфиянын,

[4] «Религиоведение для вузов Кыргызстана» - Бишкек, 2014.

Фергана өрөөндөрүнүн калкына тарай баштаган. Бул аймактардан археологдор христиандарга таандык эстеликтерди – храмдардын жана монастырлардын калдыктарын, фрескаларды, евангелдик көрүнүштөр чагылдырылган керамика жана металл буюмдарды, чиркөө буюмдарын, кресттерди жана медальондорду табышкан. Көрүстөндөргө коюлган крест чегилген таштар, түрк жана сирия тилдериндеги жазмалар жүздөп саналат. Алар VI-XIV кк. таандык деп эсептелет.



**Несторианская надгробная плита с надписью на уйгурском, найденная близ Иссык-Куля (датируется 1312 г.)**

Зороастрийчилер, манихейлер жана буддисттер жашап келген Хорасан (Мерв), Бактрия, Термез, Самаркан, Винкерде христиан чиркөөлөрү, епископтук кафедралар жана монастырлар пайда болгон.

V- VI к. ортосунда Борбордук Азиянын кеңири аймагын ээлеп турган эфталиттер империясында христиан дини мамлекеттик дин деп жарыяланган. Эфталиттерди алмаштырган Түрк каганаттарынын доорунда христиан дини күч алган. Ал доорлордогу конфессиялар ортосундагы жаңжалдар тууралуу эч кандай маалыматтар кезикпейт, христианчылык андан ары бекемделип, б. з. I миң жылдыгынын экинчи жарымында Борбордук Азияда бир катар жергиликтүү чиркөөлөр ачылган, алардын бири – түрк кагандарынын ордосу болгон Навекаттагы Навекат кафедрасы. Учурда ал – Чүй өрөөнүндөгү Красная Речка айылынын тегерегинде жайгашкан шаарчанын калдыгы.

Навекат митрополиясы Жети-Суунун христиан жамааттарын бириктирген (азыркы Кыргызстан жана Батыш Казакстан). XI к. Навекат митрополиясынын таасири кеңири аймакка тараган (азыркы Түштүк Казакстан, Чыгыш Түркстан, Монголия жана Сибирдин айрым райондору), башчысы “Навекаттык жана Кашкарлык митрополит” титулун алып жүргөн.

Навекаттан тышкары VII – XIII кк. Кыргызстандын аймагында көп сандаган христиандар жашаган башка шаарлар да болгон. Мисалы: Суяб (Чүй өрөөнүндөгү Ак-Бешим шаарчасы), Ысык-Көлдөгү Саруу жана Күрмөнтү шаар калдыктары, Тарсакент (Бишкекке жакын Кара-Жыгач шаар калдыгы). «Тарса» – христиандардын перси тилиндеги аталышы, ошондуктан Чүй өрөөнүндөгү “Тарсакент” – бул “христиандардын шаары”, балким, бул жерде алардын саны бир топ көп болсо керек.

Чүй өрөөнүндөгү христиан жамааттарынын көптүгү жөнүндө христиандар көмүлгөн көрүстөндөр да кабар берет. Тянь-Шань тоолорунда да белгисиз монахтар тарабынан Таш-Рабат монастыры курулган, анын имараты Кыргызстандын орто кылымдык маданиятынын сонун архитектуралык эстеликтеринин бири болуп саналат. XIV к. испаниялык Каталон атласында Ысык-Көлдөн анча алыс эмес жерде армян монастыры

жайгашып, айрым маалыматтарга караганда анда белгилүү апостол жана евангелист Матфейдин сөөгү сакталган.

Согдиялыктардын, түрк урууларынын (чичилдер, тепе-уйгурлар, карлуктар) жана монголдордун христиан динин кабыл алышкандыгына карабастан Борбордук Азиянын бир да жеринде христиан дини жалпы элдик динге айланган эмес. Буддизм, манихейчилик, зороастризм, уруулук сыйынуулар, ал эми VIII-X кк. ислам менен да тынчтыкта жанаша жашап келишкен. Эрте орто кылымдарда арабдар христиандарды куугунтукка алган эмес. Араб басып алууларынан кийин христиан епископторунун бири Персиянын христиандарына кайрылып мындай деп жазат: “Бул мезгилдерде Кудай дүйнөгө бийлик жүргүзүүнү арабдарга берди, алар христиан динине каршылык кылбастан, биздин динди макташууда жана биздин Кудайдын дин кызматкерлери менен ыйыктарын урматташат, чиркөөлөр менен монастырларга жардам беришүүдө”.

Борбордук Азиядагы диний кырдаалды монгол-чынгызиддердин басып алуулары кескин өзгөрттү. Чынгыз хандын тукумдарынын бир бөлүгү уруулук сыйынууларга (культтарга) берилгендигин сактап калышса, айрымдары несториан багытындагы христианчылыкты кабыл алган, ал эми XIV к. Тимур жана анын мураскерлеринин мезгилинде алар толугу менен ислам динине өтүшкөн.

## Кыргызстандагы православие

XIX к. ортосунан Түркстандын Россия империясына каратылышы менен Түркстанга орус армиясы жана казак отряддары келип, Орус православиялык чиркөөсүнүн (ОПЧ) иишмердүүлүгү башталат. 1872-жылы ОПЧнын Түркстан епархиясы уюшулат. Жаңы епархиянын башчысы анын кафедрасы Верный (азыркы Алматы) шаарында жайгашканына карабастан “Ташкент жана Түркстан епископу” титулун алган.



**Караколдогу Ыйык-Троицк собору (1895)**

Чүй жана Ысык-Көл өрөөндөрүндөгү алгачкы православиелик жамааттар (приходдор) 1860-1870-жылдары Теплоключенко, Каракол, Түп, Беловодск, Токмок, Пишпек шаар-кыштактарында негизделген. Сыйынуу атайын ылайыкташтырылган имараттарда жүргүзүлгөн. Мындай убактылуу чиркөөлөр чатырчаларда, үйлөрдө жайгаштырылган.

1880-1890-жж. Талас жана Фергана өрөөндөрүндө алгачкы орус православдык храмдары курулган. Мындай чиркөөлөрдүн көпчүлүгү XIX к. аягындагы жер титирөөлөрдө кыйраган.

**Борбордук Азия жана Кыргызстандын аймагында орто кылымдарда католиктер көп санда болгон эмес.** Бир нече католик



**Испанский Каталонский атлас XIV в.**

миссионерлеринин Борбордук Азия боюнча саякаттары жөнүндөгү маалыматтар гана кездешет. Алардын бири – Гийом Рубрук, бул аймактарда католик динин таркатуунун келечеги тууралуу ой жүгүртүп, мындай деп жазат: “Менин оюмча, мен сыяктуу же менден башка үгүт жүргүзгөн бир туугандар сыяктуу кимдир бирөөнүн татарларга келүүсүнүн кажети жок”. Ага карабастан 1338-жылы Жети-Суудагы Алмалык шаарында францискан монастыры жана епископтук кафедра негизделген. 1342-жылы Али хан бул монастырды талкалап, епископ жана алты монахты өлүм жазасына тарттырган. Түркстанда католиктер кайрадан XIX к. ортосунда пайда болушат. Алар Россия империясынын жарандары эле, көпчүлүгү – падыша армиясынын офицерлери болушкан. Алардын басымдуу бөлүгү Закаспий областында жайгашышып, ал жердеги жалпы динчилердин 1% ашыгыраагын түзүшкөн жана негизинен Ашхабад менен Мервде жашашкан.

- **Орто Азии жана Кыргызстандагы протестанттар**

*Лютерандар Орто Азияда* XIX к. экинчи жарымында Россия империясынын бул аймактарды каратып алуусунан кийин пайда болгон. Негизинен алар аскер жана чарбалык кызматтарда иштеген россиялык немистер, финндер, эстондор жана алардын үй-бүлөлөрү эле. 1880-жылдары

***Бул кызык:***

*Христиан салты калып, өлүм алдында кызматкери келип, Кудайдын денеси, каны ооз тийгиздирип, ладан аластачу.Ошонун же араң эле иштеген ладан» деп коюшкан..*



*боюнча ичер суусу аз жаткан адамга дин керээзин айттырып, деп нан жана винодон аталган от менен натыйжасында оорулуу адамды«Дышит на*

Түркстанда алардын саны бир топ көбөйүп, Россиянын ички иштер министринин буйругу менен Ташкентте Түркстан генерал-губернаторлугунда жашаган бардык лютерандар үчүн чиркөөлөрү ачылган. XIX к. 90-жылдарында Орто Азияга россиянын ички губернияларынан, Сыр-Дарыя областтарынан немис колонисттерин көчүрүлүп, лютерандардын бир катар жамааттары пайда болгон.

Кыргызстандын аймагында протестанттардын жамааттары 1882-жылдан тарта жашап келет. Алгачкылардан болуп Россия империясынын түштүк губернияларынан немис келгиндери- менониттер көчүп келишкен.

Алар Чүй жана Талас өрөөндөрүндө өздөрүнчө жашашкан. Улуу Ата мекендик согуш жылдарында протестанттардын ичинен бир гана баптист-менониттерге катталуу укугу жана мыйзамдуу иштөөгө уруксат берилген. Евангелдик христиан баптисттер союзу (ЕХБС) түзүлүп, ага бир катар башка да протестанттык конфессиялардын өкүлдөрү кирген.

Кыргызстандын аймагында адвентисттер ХХ к. башында пайда болгон. Алгачкы жамааты 1915-жылы каттоодон өтүп, ага Орловка айылынын 50 тургуну кирген жана алар негизинен немис-баптисттер болгон. Алар биринчилерден болуп кыргыз тилинде миссионердик радио уюштурушкан (Таласта) жана протестанттардын арасында биринчилерден болуп республиканын кыргыз жана өзбек калкынын арасында үгүттөө иштерин жүргүзүшкөн. 1946-жылы адвентисттердин бүткүлсоюздук кеңеши уюшулуп, ал 60-жылдары таркатылган. Ошондон соң жамааттар каттоодон өткөрүлбөстөн жарым легалдуу иш жүргүзүшө баштаган. Совет бийлигинин жылдарында адвентисттердин бейформал кыймылы Кара-Балта шаарында жайгашкан.

*Пятидесятниктер кыймылы* Кыргызстанда ХХ к. башында немис-баптисттердин арасында пайда болгон. Совет бийлигинин жылдарында бир нече мыйзамсыз жамаатар болгон, бирок алар немистердин Германияга массалык кетүүсүнөн кийин өз жашоосун токтоткон.

**Христиан маданияты**

Чиркөөнүн Чыгыш, борбору Константинополь (азыркы Стамбул), жана Батыш, борбору Рим болуп экиге бөлүнүүсү христиан маданиятынын өнүгүүсүнө да таасирин тийгизди. Батыш Европада жана Византияда христиан маданиятынын калыптануусу бири-биринен кескин айырмаланып турганы менен, дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүнө бирдей зор салым кошту. Жаңы дин өз өнүгүүсүндө чыгыш диндеринин, сыйынуулардын, эллиндик философиянын жана ар кайсы социалдык концепциялардын элементтерин камтыды. Христиан дини жашоосунун алгачкы жыдарында империялык бийликтер тарабынан шектенүүгө жана жактырбоочулукка дуушарланып, III к. ага тыюу салынат, бүткүл Рим империясы боюнча аларды куугунтуктоо башталат. Бирок 313 - жылы император Константин (272-337жж) Медиоланда (азыркы Миланда) ***эдикт*** жарыялап, аны менен христиандарга өз динине сыйынууга, храмдарды курууга, коомдук кызматтарды ээлөөгө уруксат берген. Ошентип, христиан дини тең укуктуу дин катары таанылган жана акырындык менен мамлекеттик динге айланган.



**Ватикандагы Ыйык Петр Собору. 1626г.**

Христиан дининин таркашы жана чиркөөнүн абалынын бекемделиши


анын бардык социомаданий процесстердин борборуна айланып, негизги сфераларды баш ийдире жана жөнгө сала баштаган. Мындай маданяттын гүлдөп өнүгүүсү классикалык Орто кылымдар дооруна туш келет. Маданияттын ар кыл тармактары динге кызмат өтөөгө аргасыз болуп, теология сунуштаган илимий, философиялык же саясий теориялардын жана далилсиз эле негиз кылып алынган жобо же принциптердин (постулаттардын) негизинде өнүккөн.

Ошентип философия дин таануунун биринчи "кызматкерине" айланган. Анын негизги максаты- христиан дининин акыйкат экендигин негиздөө болгон. Албетте, андан тышкары Орто кылымдык философия өзүнө тийиштүү: шарттуу логика, түшүнүк диалектикасын, талашып-тартышуу искусствосу сыяктуу маселелердин үстүндө иштеген.

Батышта да, Чыгышта да дүйнөгө болгон диний көз караштарды таркатууда эбегейсиз ролду *монахтар институту* ойногон. Христиандык такыбалык (аскетизм) идеалдарын бекем карманган, Жаратканга жана жакындарына чексиз берилген, монастырдык турмушка баш оту менен кирген монахтар чарба жүргүзүүдө гана ири ийгиликтерге жетишпестен, монастырларды орто кылымдык маданий турмуштун, билим алуунун, тарбия берүүнүн жана илимдин чыныгы борборлоруна айландырышкан.

Мисалы, Эрте Орто кылымдарда эле 529-жылы *Бенедикт Нурсийский* Монтекассинодо (Италия) Чыгыш монастырларынын үлгүсүндө "Католиктик монах ордени" деген уюмду негиздеп, анын алдына билим жана илимди топтоо жана өнүктүрүү максатын койгон. Бенедикт монастырларынын монахтары көп өтпөй чебер дарыгер жана фармацевт катары таанылышып, дары өсүмдүктөрдү өстүрүүнү жана алардан дарыларды жасоону өздөштүрүшкөн. XIII к. башында жакыр *монах ордендери* пайда болуп, алардын мүчөлөрү күнүмдүк тамак табуунун айынан шаар-кыштактары аралап, элдик маданиятка да таасирин тийгизишкен.

Билим берүү системасынын калыптануусунда негизги ролду V – IXкк. Чиркөөнүн кол астындагы мектептер ойногон. Мектептер чиркөө кызматкерлерин даярдоо максатын көздөп, анда окутуунун программасы түзүлгөн жана ага окуучулар тандалып алынган. Дин таануу илимдерин окуп-үйрөнүү менен катар эле чиркөөлүк мектептерде светтик билим берген антикалык системадан мураска калган сабактар: грамматика, риторика, логиканын элементтерин камтыган диалектика, арифметика, геометрия, астрономия жана музыка сакталып калган. Мындай мектептер менен катар эле чиркөө "тышкы" мектептерди ачып, анда дин жолунда карьера жасоону каалабаган балдар билим алган.



**Лимбург собору, 1206 – 1235-жж аралыгында Роман стилинде курулган.**


1088-ж. Болонья юридикалык мектебинин негизинде *алгачкы университет*(лат. universitas –

жалпылык) ачылган.

Көркөм чыгармачылыкка да чиркөөнүн тийгизген таасири чоң болгон.

Орто кылымдык сүрөтчү дүйнө түзүлүшүн чиркөө канондорунун чегинде гана чагылдырууга тийиш болгон. Эрте Орто кылымдардагы Батыш Европа үчүн X к. аягынан тарта өнүккөн *роман стили* мүнөздүү болгон.

Роман стилиндеги курулуштар формасынын оордугу, кууш терезелери, мунараларынын бийиктиги жана ички дубалдарындагы жазуулар – *фрескалар,* тышында – ачык түстөрдөгү томпок кылып жасалган сүрөттөрү *(рельефтери)* менен айырмаланат. Биздин мезгилге чейин келип жеткен роман стилиндеги курулуштардын негизги түрлөрү – рыцардык замоктор, монастырдык ансамблдар, чиркөөлөр саналат. Роман архитектурасына таандык курулуштарга Пуатьедеги Нотр-Дам собору, Тулуз, Орсинваль, Велеза, Арндагы (Франция) соборлор, Оксфорд, Винчестер, Норичтеги (Англия) соборлор, Станагер (Норвегия), Луидадагы (Швеция), Мария Лах монастырынын чиркөөсү (Германия) жана башкалар кирет.



**Нотр-Дам де Шартр, XI к. Франция. Готикалык стиль**

XII к. аягында роман стили готикалык стиль менен алмашылат. Анын гүлдөгөн мезгили XIII – XV кк. туура келет. Готика доору классикалык Орто кылымдар доорундагы шаардык борборлордун калыптанган жана өнүккөн мезгилине туш келет. Кийинки мезгилдердеги курулуштар үчүн үлгү болгон готикалык стилдеги алгачкы храмдык курулуштар асман тиреген көрктүү колонналары, *витраждар* менен коооздолгон кеңири терезелери жана храмга кире бериштеги “розасы” менен айырмаланган.

Готикалык храмдардын жалпы планынын негизинде латын крестинин формасы жайгашкан. Соборлор ичи жана тышынан статуялар, рельефтер, витраждар, боёк менен тартылган сүрөттөр (живопись) менен кооздолуп, алар готикалык стилге мүнөздүү негизги көрүнүштү – асманга умтулгандыкты өзгөчө белгилеп турат. Париж, Шартр, Бурже, Бове, Амьен, Реймс (Франция) шаарларындагы готикалык соборлорго ушундай көрүнүш мүнөздүү.

Театралдык искусствонун негизги формаларынын бири чиркөөлүк театрлар болгон. Болжол менен XI к. тарта храмдардагы литургия учурунда *мистериялар* деп аталган библиялык мазмундагы драмалык диний оюндар(сценкалар) коюла баштаган. XIII к. мындай оюндар храмдардын алдындагы аянттарга коюла баштаган, алардын катышуучулары шаардыктар болчу. Алардын жүрүшүндө ар кандай кун мурун даярданбаган, аткарган учурдун өзүндө (импровизациялар) пайда болуп, *фарс* деп аталган кадимки турмуштук көрүнүштөр камтылган. Кийинчерээк фарс деп орто кылымдардагы сатирикалык, юмористик, көп учурда эркин (фриволдук)

маанидеги спектаклдерди аташып, алардын каармандары белгилүү бир социалдык типтерди көрсөтүшкөн.

***Өзүңдү текшер!***

**Мистериялар – бул …**

Албетте, культурологиялык процесстеги карама-каршылыктарга карабастан, так мына ошол мезгилдерде христиан дининин кеңири таралышынан улам маданияттын батыш европалык христиандык тибинин эң маанилүү жактары калыптанган деген аныктама талашсыз. Чиркөө институту, христиандык диний окуулар орто кылымдык коомдун маданий турмушунун бардык чөйрөлөрүндө басымдуу орунду ээлеп турган.

Грек-рим жана чыгыш салттарынын аралашуусу Византиянын коомдук турмушунда, мамлекеттүүлүгүндө, диний-философиялык идеяларында, маданиятында жана искусствосунда өз изин калтырган. Бирок, Византия, Чыгыштын да, Батыштын да өлкөлөрүнүн тагдырынан айырмаланган өз тарыхый өнүгүү жолу менен кеткен. Византия империясынын искусствосу өлкөнүн тарыхый өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жараша татаал болгон. Мамлекетти саясий жактан уюштуруунун ыйык мүнөзү жөнүндөгү түшүнүктөрү Византия искусствосунда чагылдырылган жана диний тематикага артыкчылык берүү басымдуулук кылган. Ошол эле учурда искусствонун өнүгүүсү Византия маданиятына мурас катары кирген грек-рим көркөм салттары менен айкалышкан.

Эң эле белгилүү эстеликтерге антикалык көркөм дүйнө таануунун негиздерин камтыган Равеннадагы Галл Плакидийдин мавзолейи саналат.



**Ыйык Софияхрамы. Стамбул. 537г.**


Ошондой эле император Феодосийдин кызы, византиялык ханбийкенин күмбөзүн атаса болот. Византиянын борбору Константинополдо дүйнөгө белгилүү бирдиктүү архитектуралык ансамбль: Ипподром, мозаика төшөлгөн Чоң сарай жана шаардын борбордук имараты – ыйык София храмы (532–537 жж. курулган) салынган.

Бул эстелик бир эле ошол доордун гана эмес, жалпы византиялык тарыхтын да башкы эстелиги катары саналат. Байыркы эстеликтердин биринде да София храмындагыдай аалам менен адамдын улуулугун айкалыштырып даңазалоону көрүү мүмкүн эмес.

Ипподром спорттук оюн-зооктордун гана орду болбостон, элдин

башкаруучулар менен жолугушуучу жалгыз жайы болгон.

Эрте византиялык храмдардын курулушу менен дубал живописи да калыптанган. Анын өнүккөн техникасы болуп антика мезгилдеринен башат алган **мозаика** болгон. Мозаиканын византиялык чеберлери түс берүүнү мыкты өздөштүрүшкөн. IX к. ортосундагы Византиянын монументалдык искусствосунун мыкты үлгүсү болуп **Константинополдук София мозаикасы** саналат. Наристени кармап отурган Мариянын көлөмдүү, шаңдуу фигурасы –жан дүйнөнүн көтөрүңкү маанайын чагылдырып турат. Жанында турган архангел Жабраил periштеге окшоштугу менен таң калтырып, жердеги жана асмандагы сулуулукту чагылдырып тургандай элестейт.



**София Константинопольскаянын храмы**.

VIII – IX кк. Византияда иконалардын культуна каршы чыккан социалдык-саясий диний кыймыл келип чыккан. Алар иконаларды, чиркөө искусствосунун эстеликтерин талкалашкан. Иконага каршы күрөшүүчүлөр өз чыгармаларында диний эмес мотивдерди: храмдарды коздоодо канаттууларды, жаныбарларды, архитектуралык мотивдерди өнүктүрүшкөн, светтик имарат-сарайларда мозаиканы, императорлордун жеңиштерин даңазалоону же сарайдагы салтанаттарды чагылдырышкан. Бирок иконаны ыйык тутуучулардын жеңиши искусствонун чиркөөгө баш ийдирилишин, эркин көркөм ой жүгүртүүнүн жеңилишин билдирген. Элүү жылдык иконага каршы күрөшүү мезгили византиялык коомдун жашоосуна өз таасирин тийгизбей койгон жок. 787-жылы гана борбордо эмес, Никея шаарында Жетинчи Ааламдык собор чогулуп, анда иконага сыйынуу догматы жарыяланган.

***Эске туткула!* Икона – Иисус Христостун, Кудай Эненин же ыйыктардын боёк менен тартылган (живопистик), айрым учурда рельефтик элеси түшүрүлгөн сүрөт, алар сыйынуу буюму катары каралат.**

Византия маданияты кийинчерээк православие таралган өлкөлөрдүн архитектурасынын жана маданиятынын өнүгүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизген. Ири шаардык борборлорду түзүү менен катар эле жергиликтүү көркөм салттар да өнүккөн, анын аркасы менен улуттук өзгөчөлүктөр да чагылдырылган. Архитектуралык эстеликтер Сириянын, Кичи Азиянын, Египеттин, Россиянын ж.б. өлкөлөрдүн монастырларында, айыл-кыштактарында жаратылган.

***Бул кызык***“*Узак жылдар баяны*” *орус жылнаамесинде Х к. Русь жергесин чокундуруу учурунда князь Владимир коңшу өлкөлөргө алардын “ишениминин бекемдигин”сынап көрүү үчүн элчилерди жөнөткөндүгү айтылат. Грек жергесинде элчилер Ыйык Софиянын сыйынуу учуруна катышышып, анын сулуулугуна: “.. жерде же асманда экендигибизди түшүнө албай калдык: анткени жерден биз мындай сулуулукту жана көрүнүштү көргөн эмеспиз... башка өлкөлөргө караганда да алардын сыйынуусу мыкты экен”деп таң калышкан. Балким мындай пикирлер башка жагдайлар менен катар эле Владимир Чокундуруучунун христиан динин тандап алуусуна таасирин тийгизсе керек. Русь жергесинин чокундурулушу аны улуу православдык-византиялык маданиятка жакындаткан.*



**ТАЯНЫЧ КОНСПЕКТ:**

→Христиан дини пайда болгон …

→Иисус ….

→Дин аалымдарынын талаш-тартыштарынын натыйжасы алып келип чыкты …

→Христиан дининдеги эң ири бөлүнүү .......... ал............. менен байланыштуу болгон.

→Анафема – бул ….

→Христианчылыктын ыйык китеби болуп.................., ал ............... турат.

→Ааламдык соборлор – бул.......

→Троица – бул….

→Христиан дининин негизги агымдарына.........

→Каталон картасы – бул….

→Борбордук Азиянын аймагында христиандар .......... пайда болгон.

**СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:**

1. Эмне үчүн христиан дини дүйнөлүк диндерден болуп саналат?
2. Христиандар эмнеге ишенишет? Суроого жооп берүүдө Никео-Константинополь Ишеним символунун пункттарына таянгыла.
3. 5тен кем эмес протестанттык каршылыктарды атагыла жана мүнөздөмө бергиле.
4. Кыргыз Республикасында протестантизмдин тарыхындагы маанилүү окуяларды хронологиялык тартипте жайгаштыруу менен протестанттык деноминациялардын таралышынын таблицасын түзгүлө.

5. Православие, католицизм жана протестантизмдин ар кайсы агымдарынын тарыхый байланышын көрсөткөн кластерди түзгүлө.

**Адабияттар:**

1. Катехизис католической церкви. М., 1998.
2. Католицизм: Словарь. М., 1991.
3. К истории христианства в Центральной Азии (XIX-XX вв). Ташкент, 1998.
4. Озмитель Е.Е. Православные храмы Киргизии. Бишкек, 2011.
5. Рожков В. Очерки по истории Римско-католической церкви. М., 1994.
6. Смирнов М.Ю. Реформация и протестантизм: Словарь. СПб., 2005.
7. Гойтимиров Ш.И. Основы истории религий. Учебник для 8–9 классов общеобразовательных школ – М.,2009.
8. Религиоведение для вузов Кыргызстана. - Бишкек., 2015
9. История мировой культуры. Под ред. А.Н. Макаровой. – М., 2000.

# ТЕМА 7. ИСЛАМ: ТАРЫХ ЖАНА АЗЫРКЫ МЕЗГИЛ

**Ислам** (араб. тил. “өзүн кудайга тапшыруу”, “баш ийүүчүлүк”) – тутунгандарынын саны боюнча 2- монотеисттик дүйнөлүк дин. VII-к. Араб жарым аралында пайда болду. Исламдын түптөлүшүнө Араб жергесинде илгертеден бери жашап келген монотеисттик диндер – иудаизм жана христианчылык, ошондой эле араб урууларынын кээ бир салттуу диний табынуулары таасирин тийгизишти.

**Исламдын пайда болуш тарыхы жана жайылышы**

Исламдын негиздөөчүсү болуп Мекке шаарынын тургуну Мухаммед (570 – 632 гг.) болуп саналат. 610-жылдарга жакын Мухаммед орозо айынын биринде, сыйынуу учурунда ага Джабраил периштенин келип, анын айткандарын кайталоону талап кылгандыгын айткан. Күтүүсүздөн улукманды көргөндө оозунан сөзү түшүп, бирок эсине келип, периштенин сөздөрүн сөзмө сөз кайталап бере алган. Мусульмандар бул кубулушту **«Кудуреттүү түн»** же жол тандоонун түнү деп аташкан.

Мухаммед бул окуя тууралуу аялы Хадижа бинт Хувайлидге билдирген, ал күйөөсүнөпериштенин келгенине дароо ишенип, иудаизмге дагы, христиан динине баш ийбеген, бирок экидиндин тең улуу Жазууларын билген ***ханиф***–монотеист Барак ибн Науфалага айтып берген. Ал Мухаммедге байыркы Моисейге жиберилгендей эле Кудайдан аян түшкөнүн айтып, ага ишенүүгө чакырат. Муну угушкан Мухаммеддин тууганы Али, анын мурунку кулу Зейд, пайгамбардын үч кызы ишенишет.

Үч жылча бул аян тууралуу бир нече эле киши билген, кийин Мухаммед 40 жашында өзүн – жалгыз кудай – Аллахтын, ага өз эркин буйурганын айтып, элчисимин деп жарыялаган. Мухаммед өзүнүн уруулаштарын көп кудайга сыйнуудан баш тартууга, жалгыз Аллахка гана ишенүүгө, туура жашоо жүргүзүүгө жана өздөрүн болочок Кудайдын сотуна даярдоого чакырган. Мекеде анын жолун жолдогондордун саны артып турду, бул жергиликтүү башкарган элитанын наарazычылыгына алып келди. Ушундан улам, Мухаммед 622-жылы өзүнүн жактоочулары менен Меккеден Ясрибге (кийин - Медина) көчүп кетүүгө аргасыз болгон. Аталган көчүш Хижра деп аталат жана бул ислам календарынын башталышы болуп саналат. Ясрибдин дээрлик бардык жашоочулары исламды кабыл алышат жана Мухаммед бул коомдун башчысы болуп калат.

630-жылы Меке ислам дүйнөсүнүн борбору, ал эми Кааба имараты бутпарастык буюмдардан тазалангандан кийин зыярат кылуучу жайы болуп калат. Ошондой эле, бул жыл мусулмандардын феодал-теократиялык, Араб

Халифаты наамын алган, мамлекеттин түзүлүш жылы болуп эсептелинет. Мухаммед бул мамлекеттин диний жана саясий жетекчиси болуп калды. 632-жылы Мухаммед каза болот жана Мединада жерге берилет.Мухаммед каза болгондон кийин анын ордуна халиф, пайгамбардын орун басарына Мухаммеддин жакын сахабасы Абу Бакр шайланат, ал бир катар ири басып алуучу жүрүштөрдү уюштуруп, көптөгөн урууларды жана элдерди каратып алып, кең Араб Халифатынын башчысы болуп калды. Ушинтип, ислам Аравия жергесинде бат таралып, Араб өлкөсүнүн мамлекеттик динине айланат.

Абу-Бакрдын орун басарлары, Омар жана Осман халифтери, аз убакыттын ичинде Жер ортолук деңиз аймагындагы жана Батыш Азиядагы көптөгөн мамлекеттерди басып алышты. VII-IX-кылымдарында эле Испаниядан Орто Азияга жана Индиянын чек араларына чейинки мейкиндик курчаган Халифаттын мамлекеттеринде ислам басымдуу жана жалгыз дин болуп калды. Ошентип ислам улуттук араб дининен улуттуктан өйдө турган дүйнөлүк динге айланды. XI-XVIII-к. басып алуу жолу менен ал Түндүк Индияда кеңири жайылды. XIV-XVI-к. Индонезияда индуизм жана буддизмди дээрлик сүрүп чыгарды (Бали аралынан тышкары). XIV-к. ислам Алтын Ордого, Кара деңизиндеги элдерге, кийинирээк Түндүк Кавказ жана Батыш Сибирдин элдерине да тарады, 14 кылым ичинде Арвиядагы кичинекей топтон ар кандай улуттагы, тилдеги, социалдык катмардагы жана маданий багыттагы миллиондогон элдердин массасына таркады.

Исламдын жайылышынын адат болгон мейкиндиги Жакынкы жана Ортоңку Чыгышты, Түндүк Африканы, Орто Азияны, Орто Орусияны, Тундүк Кавказды жана Закавказьенин бир бөлүгүн камтыйт. Мындан тышкары, мусулман коомчулугу Батыш жана Түштүк Европа, Түндүк Америка, Тропикалык жана Түштүк Африка мамлекеттеринде бар. Бүгүнкү күндө, активдүү миграциялык процесстерге байланыштуу Европада мусулман коомчулу көбөйүүдө. 2010-жылдын маалыматтарына ылайык 1,6 миллиард мусулман бар, бул дүйнө калкынын 23% түзөт. Жыл сайын исламды тутунгандар 2,9% өсүүдө. Мусулмандар 200 жакын мамлекеттерде жашашат.

***Бул кызыктуу:***

*Мусулмандардын көпчүлүгү Ортоңку Чыгышта жашабайт. Эң жыш отурукташкан184 миллиондук калкы бар дүйнөдөгү төртүнчү мусулман мамлекети катары Индонезия эсептелинет, Индиядагы мусулмандардын саны Сириянын, Ирактын, Иорданиянын, Палестинанын жана бардык Араб жарым аралынын калкынын санынан көп*



**Дүйнөдөгү эң ири мечиттердин бири – Джакартадагы Истикляль мечити.**

## Куран жана Сунна – ислам дининин негизги булактары



***Куран*** – мусулмандардын негизги ыйык китеби. Куран 114 сүрөдөн (бөлүмдөн) турат, алар шарттуу түрдө мекелик жана мединалык деп бөлүнөт. Куранда жалпысынан - 30 джуз болуп, алар бөлүмдөргө бириктирилген жана тексттин майда үзүндүлөрү, – бир же бир канча сүйлөмдөрдөн турган ырлар аяттар деп аталат. Курандын азыркы кездеги басылмаларында 6 236 аят эсептелинет.

***Сүннөт*** – бул бардык мусулман коомчулугу үчүн өрнөк жана колдонмо катары пайдаланылган көптөгөн хадистердин топтому – Мухаммеддин жашоосунун тарыхы, анын санат сөздөрү ж.б. Ар бир хадис эки бөлүктөн турат: ***матн***- тексттин өзү жана ***иснада***, тактап айтканда, хадисти берүүчүлөрдүн, хадисти айткан пайгамбардын жолун жолдоочулардан (сахабалардан) тартып хадисти айтуучулардын бүт тизмеси берилет. Бул же тиги хадистердин ишенимдүүлүгү инсандын талдоосуна ( сыноосуна) негизделет.

## Ислам дининин негизги эрежелери

Ислам ишениминин негизинде монотеизм, Аллахтын жалгыз Жаратуучу-Кудай экенине ишенүү жатат. Политеизмди (*ширк*) тануу “Аллахтан башка кудай жок” формуласы менен билдирилет. Кудай бардык жаратылышты жаратты, Ал кудуреттүү, капкайдагыны билген жана бардык жерде болуучу, коомду жана жаратылышты башкарган дүйнөнүн чексиз укуктуу кожоюну. Христианчылыктагы Кудайдын үчтүгүнөн айырмаланып, ислам Кудайдын эч кандай алмаштыруусу жок экенин белгилейт.

Мусулмандар *периштелердин жана жиндердин* бар экенине ишенишет. Периштелер нурдан жаратылып, жынысы жок жана адам баласынын көзүнө көрүнбөгөн денеге ээ, алар асманда жүрүшөт жана Аллахтын буйруктарын аткаруу үчүн гана жер бетине түшүшөт. Периштелерге табынуу жана дуба кылуу, алардан коргоочулукту сурануу тыюу салынат – табынуу жалгыз гана Аллаха болушу керек. Пайгамбарларга жана Мухаммед элчи экенине ынанууда мусулмандардын ишениминин негизи болуп саналат. Куранга ылайык, адам Кудайдын бардык пайгамбарларына жана элчилерине, аларды эч кандай айырмалабай

> Исламдын догмалары (сенек ынанымдары)
>
> 1. Бир кудай жөнүндө окуу (*ат-таухид*).
> 2. Кудайдын акыйкатуулугуна жана адилеттүүлүгүнө ишенүү (*ал-адл*);
> 3. Мухаммеддин жана ага чейинкилердин пайгамбардык миссиясын таануу (*ан-нубувва*);
> 4. Тирилүүгө, Кыямат күнүнө жана тиги дүйнөгө ишенүү (*ал-маад или ал-кияма*);
> 5. Имамат/халифат жөнүндө окуу

ишенмейинче ал динерман инсан катары эсептелинбейт. Алла Тааладан адамдарга жүз жыйырма төрт пайгамбар жиберилген. Мындан тышкары исламда Кыямат күнгө жана жандын түбөлүктүүлүгүнө ишенүүнүн маанилүү орду бар. Мусулмандык ишенимге ылайык, адамдардын акыркы тагдыры Сурак күнү(Судный день) чечилип, бул жагдай кыяматтын келүүсү жана өлгөндөрдүн кайра тирилүүсү менен коштолот.

- Куранда төмөнкүлөр жөнүндө айтылат:
- Ибрагимге түшүрүлгөн Свитки (библ. Авраам);
- Мусага түшүрүлгөн Тоорат (библ. Моисей);
- Давидге түшүрүлгөн Псалтырь (библ. Давид);
- Исага түшүрүлгөн Евангелие (библ. Моисей);

Мухаммедге түшүрүлгөн Куран.

Жазууларга ишенүү мусулман ишениминин негиздеринин бири болуп саналат. Мусулмандар Аллах тарабынан жиберилген бардык Жазуулар чындык деп, эч кандай айырмалабай кабыл алышат. Мусулмандар ар бир Жазуу, андан мурунку Жазууларга каршы келбейт, алардын чындык экени далилденген жана кийинки элчи ким болорун алдын ала айтууну камтып келет деп эсептешкен. Бардык адамдар ишенүүсү керек деген акыркы Жазуу-Куран болуп эсептелинет. Мусулман диний аалымдардын айтуусуна ылайык Жазуулардагы айырмачылыктар коомдун өнүгүү деңгээлине жана чогултулган билимине жараша берилген диний мыйзамдарда көрсөтүлгөн.

**Ишеним шарттары** – бул ар бирмусулмандын аткарышы керек болгон нерсе, мусулмандын жашоосунун мазмуну.

***1. Шахада***– ишенимдин күбөлүгү, исламдын негиз салуучу принциби, бул Куранда негизги орунду ээлейт: “Аллахтан башка кудай жок жана Мухаммед Анын Элчиси”. Арабчада: “Ля иляха илля-Ллах, Мухаммадун расулю-Ллах”. Бул дубанын негизги формаларынын бири болуп саналат, кээде аны исламдын ишениминин символу деп атап коюшат. Шахада эки бөлүктөн турат: биринчиси катуу монотеизмди көрсөтөт, ал эми экинчиси-Мухаммеддин пайгамбардык милдетин кабыл алат. Исламда чоң күнөөлөрдүн бирине Аллахка шерик кошуу *(ширк)* менен ата-эненин тилин албоо жана жалган күбөлүк берүү кирет.

***2. Намаз*** (ар. *салят*) – канонго ылайык келүүчү, эреже катары кабыл алынуучу дуба.

Шариатта намаз деп сыйынууда белгиленген позалардан, кыймыл аракеттерден жана сөздөрдөн турган ырым-жырымдар эсептелет. Белгилүү убакытта аткарылган, күндө 5 жолу сыйынуу милдеттүү болуп саналат. Алар: эртең мененки (ар. фаджр; кырг. багымдат); түштөн кийин (ар. зухр; кырг. бешим); кечки маал (ар. аср; кырг. дигер); кечинде (ар. магриб; кырг. шам) жана күн батканда (ар. иша; кырг. куптан) деп бөлүнүшөт. Мусулмандар адатта милдеттүү намазга чейин же андан кийин кошумча дубаларды окушат. Жума намазы – жума күндөрү түштөн кийинки намаздын убакытында

окулат. Ошондой эле, күнүмдүк намаздан тышкары кээ бир окуяларга: майрамдарга, сыйынууларга, жаназаларга ж.б. байланыштуу намаздар бар.

***3. Орозо* (ар. *саум*)**

Орозо 624-жылы Мухаммед пайгамбар тарабынан киргизилген. Мусулмандарда орозо күндүн жарык мезгилинде тамак, суусундук ичүүдөн, тамеки тартуудан, жубайлык милдеттерди аткаруудан ж. б., башкача айтканда, такыбалык нерселерден карманууну түшүндүрөт. Караңгы кирээри менен бардык чектөөлөр токтотулуп, бирок ашыкча ысырапкерликке жол берилбейт, ал эми убактысын дин жөнүндө ой жүгүртүүлөр, аңгемелешүүлөр, китеп окуу, сооп иштерди жасоо, чыр-чатактарды жөнгө салуу, садака берүү сыяктуу иштер менен өткөрүүнү сунуштайт. Мусулмандардын баары рамазан айында орозо кармоого милдеттүү. Орозо кармоодон жүйөлүү себептери барлар гана бошотулат (сапардагылар, башка өлкөлөрдө жүргөндөр, согуштагылар, туткундагылар, оорулуулар, кош бойлуулар жана башкалар).

***4. Зекет –*** ар бир мусулман милдеттүү түрдө берүүчү садака. Адатта ар бир жашы жеткен жана эркин мусулман мүлктүн төрт негизги түрү боюнча жылына бир жолу зекет берүүгө милдеттүү: накталай акчадан (анын ичинде алтын жана күмүштөн), малдан, дыйканчылык түшүмүнөн (буудай, арпа, курма, жүзүм); соода буюмдарынан жана андан түшкөн кирешеден. Соода-сатыкка чыгарылбаган кыймылсыз мүлктөн, унаадан, техникадан, үй буюмдарынан жана менчиктин башка түрлөрүнөн, тагыраак айтканда, өзүнүн жеке керектөөсү үчүн алынган буюмдардан, мындан сырткары баалуу таштардан, жашылча-жемиштен, балдан, деңиз азыктарынан, зекет алынбайт. Зекет менен катар эле мусулмандар өз эрки менен көрсөткөн жардамдары *садака* деп аталат. Колунда бар бай адамдар акча, жер же кыймылсыз мүлктөрүн (үй) кайрымдуулук фонддору – вакфтарга беришет, алардын мүлктөрү эч кимге өтпөстөн, социалдык муктаждыктарга пайдаланылат.

***5.Ажылык –*** Меккеге зыярат кылуу.

Ажылык ар бир мусулман баласы, мүмкүнчүлүгүнө жараша, өмүрүндө жок дегенде бир жолу милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон милдети. Эгер тоскоолдуктар же башка себептери болсо, өз ордуна "орун басарын" жөнөтө алат. Зыярат мусулман календары боюнча зу-л-хидджа айында ишке ашырылат. Зыяратка барып келген мусулман "ажы" деген ардактуу наам алат. Мусулмандар өз каалоосу боюнча Мединадагы пайгамбардын мечитине, же болбосо Иерусалимдеги Аль-Акса ("Алыскы") мечитине зыярат кылса болот.

***Жихад***-Алла жолунда чын ниеттен кызмат кылуу дегенди түшүндүрөт. Исламда чоң жана кичине жихад тууралуу айтылат. Чоң жихадда ар бир адам өз кемчиликтерин жоюу үстүндө иштеши – "жүрөгүн", "тилин", "билимин", материалдык каражаттарын жаман нерселерден тазалоону түшүндүрөт. Кичи

жихад – колдун жихады – адамдардын өмүрүн жана мүлкүн коргоо үчүн согушка аттанууну, агрессиядан коргонууну түшүндүрөт. Исламда Чоң же Улуу жихад кичүү жихаддан же куралдуу күрөштөн жогору коюлат.

***Өзүңдү текшер!***

**Шахада - бул**

<u>Эске тут!</u> ***Жихад*** *-биринчи кезекте өзүңдүн руханий жана социалдык (мисалы: калп айтуу, алдоо, жаман жолго баруу, караңгылык, билбестик ж. б.) кемчиликтериң менен күрөшүүнү билдирет.*

**Мусулман майрамдары**

***Орозо Айт*** (*ар. ʻид аль фитр; түрк. Ураза байрам*) – орозо айынын бутүшүнүн урматына өткөрүлүп, 3 күн майрамдалат. Орозо айттын ырым-жырымдарына майрамдык тамак-аш, садака берүү, досторго жана туугандарга баруу кирет.

***Курман Айт*** (*ар. ʻид аль адха*) – курмандык чалуу майрамы ажылыктын акыркы күнү аткарылып, үч күнгө созулат. Ибрагимдин (Авраамдын) курмандык чалынуусун эскерүү урматына Мина өрөөнүндө аткарылат. Курмандыкка кой, төө, уй ж.б. союуга болот жана эттин үчтөн бир бөлүгү үй-бүлөгө майрамдык тамак-ашка жумшалса, калганы муктаждарга, жетим-жесирлерге таратылып берилет.

***Бул кызык:***
*Ислам календары айдын фазалары боюнча жүргүзүлөт. Ал болжол менен 365-күндүк григориан календарынан 11 күнгө айырмаланат. Ошентип, майрам күндөрү (Ид-уль-Фитр и Ид-уль-Адха) ар жыл сайын жылышып турат.*

Ошондой эле мусулмандар майрам катары жума күндү, кадыр түндү, Мухаммеддин туулган күнүн да белгилешет. Шииттер аталган майрамдардан сырткары пайгамбардын кызы Фатиманын туулган күнүн, шийит имамдардын туулган жана каза болгон күндөрүн белгилешет.

**Исламдагы негизги багыттар. Ислам азыркы дүйнөдө.**

*Мухаммед пайгамбар: “Жөөттөр жетимиш бир, назаряндар*[5] *жетимиш эки сектага бөлүнүшту. Менин коомум да жетимиш үч сектага бөлүнөт –деп алдын-ала айткан”.*

[5] Назареяне – бул жерде: христиандар

Бирдиктүү мусулман жамаатынын бир катар топторго бөлүнүшүнүн тарыхый себеби – дин маселелери боюнча эмес, биринчи кезекте халифатта бийликти өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндөгү тартыштарга байланыштуу келип чыккан. Диний жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар боюнча талаш-тартыш маселелер дээрлик жокко эсе. Суннилер да, шиittер да исламдын догматтарын кабыл алышат, бир гана имамат/халифат боюнча маселеде ажырым орун алган. Эки агым тең Сүннөттү таанышат, болгону шииттерде ал Ахбари деп аталып, өзүлөрүнүн имамдарынын хадистери менен толукталган. Алар ошондой эле “беш парзды” аткарууну милдеттүү деп санашат, бирок ар бир мусулман үчүн милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү ар башкача аткарышат.

***Хариджизм –*** исламдагы эң алгачкы диний-саясий топ. Пайгамбардын аталаш бир тууганы Али ибн Абу Талибдин 12 миң жоокери алгачкы харижиттерден болушкан. Алар Сириянын башкаруучусу, келечектеги Омеяддар династиясынын негиздөөчүсү Муавия менен жарашууга каршы болушуп, козголоң чыгарышкан жана Басрага кетип калышып ошол жактан халифке берилген шаарларга кол салып турушкан. 661-жылы харижиттер халиф Алини өлтүрүшүп, Муавияны жарадар кылышкан.

Бийлик маселесинде харижиттер халифти анын тегине карабастан, сөзсүз шайлоо керектигин жакташкан. Жамаат башчысын шайлоонун негизги шарты катары Куранды жана Сүннөттү кармануу, уммага берилгендик, тирандарга каршы кылыч кармап согушка чыга алуусу саналган. Бирок харижиттердин ичинде да биримдүүлүк болгон эмес. VII кылымда эле алар ич ара каршылашкан бир катар секталарга бөлүнүп кеткен. Учурда харижиттердин анча чоң эмес жамааттары Оманда, Алжирде жана Ливияда орун алган.

***Суннизм –*** исламдагы эң ири багыт. Арабча суннизм – Ахль ас-Сунна ва’ль-Джамаа - «жамааттын макулдугунун жана сүннөтүнүн адамдары”. Исламга бардыгынан сунниттик ишенимдердин системасы мүнөздүү деп эсептелет. Сунниттик философиялык же саясий теориянын (доктринанын) негизги көз караштары – бир жагынан пайгамбардын Сүннөтүн жана анын негизинде пайда болгон салттарды кармануунү, экинчи жагынан диний жана коомдук маселелерди чечүүдөгү мусулман жамаатынын өзгөчө орду жөнүндөгү идеяны чагылдырат.

IX-X кк. сунниттерге таандык экендикти билдирген шарттуу белгилер калыптанган:

- Биринчи төрт халифтин (Абу Бакр, Омор, Осмон жана Али) башкаруусунун мыйзамдуу экендигин таануу;
- Алты хадистер топтомунун акыйкат экендигин таануу (ал-Бухари, Муслим, ат-Тирмизи, Абу Дауд, ан-Насаи, Ибн Маджинин);
- Төрт диний-укуктук мектептин – маликит, ханафит, ханбалит, шафиит мазхабдарынын бирин кармануу.

***Шиизм,*** кеңири тараган пикирлерге карабастан, мусулмандардын арасынан кийинчерээк эле бөлүнүп чыккан. Үчүнчү халифа Осман дүйнөдөн кайтканда, мусулмандардын көпчүлүгү башкаруучу деп Алини шайлашат. Али дүйнө салган соң, анын уулдарынын бири Хасан халифатты башкарууну Муавияга берүүнү чечет. Мусулман жамааты Муавияны колдогондорго жана пайгамбардын гана туугандарынан халиф болуусу керек деген топко бөлүнөт. Муавия каза болгон соң, Куфада (Иракта) анын мураскерине каршы көтөрүлүш чыгат. Көтөрүлүшчүлөр Алинин экинчи уулу Хусайндын халифатты башкаруусун талап кылышат. Хусайн өлтүрүлгөндөн кийин, көптөгөн мусулмандар Мухаммед пайгамбардын небересинин өлтүрүлүшүнө нааразы болушуп, халифатта жарандык согуш башталат. Шииттер бийликти Алинин тукумуна кайтарып берүү үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүшкөн. Шиизмдеги кеңири тараган агымдарга имамит-иснаашариттер жана исмаилиттер кирет.

Учурда шииттер Иранда басымдуу көпчүлүктү түзүшүп, андан сырткары Айзербайжан, Ирак, Ливан, Йемен жана Бахрейнде турушат.



**Дервиштердин “сама” бийин каллиграфия менен чагылдыруу**

***Суфизм(сопучулук)***– исламдагы мистикалык-аскеттик багыт. VIII к. жакырчылыкты туу тутуп, бул дүйнөнүн”ырахаттарынан” баш тартууга чакырган мусулман-аскеттердин арасында келип чыккан. Суффисттик дүйнө таанымдын негизин Кудайды мистикалык жол менен таануу жана адамдын адеп-ахлактык тарбиялоонун өзгөчө концепциясы түзөт. Суфийлер бул дүйнө жалган, ошондуктан өзүн-өзү чектеп андан кетүү, баш тартуу, руханий устаттын жетекчилиги менен гана Кудайды таанууга жана аны менен сүйлөшүүгө жетишүүгө мүмкүн экендигин, түпкүлүгүндө – экстаз абалында аны менен биригип кетүү керектигин көрсөтүшөт. Суфизмдеги маанилүү теориялык түшүнүктөрдүн бири – жол (*тарик*) концепциясы адамды акыйкатты таанууга алып бараарлыгы жана мистикалык жолдун акырындагы ыйыктык (*вилайя*) түшүнүгү саналат.

Эске тут! **Алгачкы мусулмандардын ар кайсы агымдарга *(харижит, суннит, шиит)* бөлүнүүсү идеологиялык эмес, саясий себептерден улам келип чыккан!**

**Исламдын укуктук системасы**

***Шариат*** («түз, туура жол») – Куран жана Сүннөткө негизделген көрсөтмөлөрдүн жалпылыгы, анда мусулмандардын жүрүм-турум нормалары

жана негизги рухий баалуулуктары (дөөлөттөрү) аныкталган. "Түз жол" укуктук нормалардын системасы же мусулман укугу – *фикх* менен жөнгө салынат. Фикх Куран менен Сүннөттүн сыйынуу (культтук) жана адеп-ахлактык (этикалык) ченемдеринин негизинде иштелип чыккан. Аталган булактарда конкреттүү жана маанилүү болгон жүрүм-турум эрежелери толук камтылган эмес. Ошондуктан Куран менен Сүннөттө конкреттүү суроолорго жооп жок болгон учурларда, мусулман укук таануучу-окумуштуулары *факихтер* окшоштугу – *кийас* боюнча чечим кабыл алууну сунуштайт. Андай чечимдерди толук мыйзамдаштыруу үчүн *ижма* – кадыр-барктуу аалымдардын бирдей пикир берүүсү талап кылынат.

Шариат боюнча адамдардын бардык аракеттери беш категорияга бөлүнөт:

| | |
|---|---|
| *Фарз* (*аткарууга милдеттүү*) | Мусулмандар милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон жүрүм-турум нормалары, эрежелер камтылган диний осуяттар. |
| *Мандуб (сунушталат)* | Милдеттүү болбогон, бирок аларды аткаруу жамаат тарабынан жогору бааланган аракеттер. |
| *Мубах (руксат берилген)* | Тыюу салынбаган, ошол эле учурда колдоого да алынбаган аракеттер (мисалы, электр тогун пайдалануу ж.б у.с.) |
| *Макрух (татыксыз)* | Шариаттын укуктук нормаларын бузбаган, бирок моралдык жактан сынга алынган аракеттер. *Мисалы, коомдук жайда өзүн туура эмес алып жүрүү, каардуулук, текебердик, ысырапкерчилик, үй-бүлөдөгү жана жамааттагы милдеттерин аткарбоочулук, тамеки тартуу ж. б.)* |
| *Харам* (*тыюусалынган)* | Күнөө катары шариат тарабынан тап-такыр тыюу салынган аракеттер |

Куранда "Силерге арам өлгөн малдын, чочконун каны жана эти, Алланын аты аталбай мууздалган, муунтулган, кулап өлгөн, сүзүп өлтүрүлгөн жана жапайы айбанаттар жеген малдын этин жегенге тыюу салынат" – деп жазылган (5:4). Исламда жылкынын, эшектин, пилдин жана дагы бир катар жаныбарлардын эти тууралуу бир пикир жок.

***Өзүңдү сына!***

**Шариат – бул....**

## *Мазхабдар*

*Мазхаб (арабча* ***жол****) – кеңири маанисинде мектеп, ой багыты, тар маанисинде – диний-укуктук мектеп, фикхти талкуулоо же агым.*

Мазхаб – бул Шариатты түшүндүрүү жолу. Мазхабдар ислам дининдеги таанылган диний-укуктук мектептер болуп саналат.

Карманууучулардын саны боюнча эң эле көп болгон төрт сунниттик укуктук ханафит, маликит, шафиит жана

ханбалит мазхабдары бар. Кийинчерээк алардын катарын бешинчи канондук мазхаб – имамит-жафариттер толуктаган, алар бүгүнкү күндө Ирандын мамлекеттик-укуктук системасын түзүшөт.

***Ханафит мазхабы*** – мусулман дүйнөсүндө кеңири тараган багыт. Негиздөөчүсү – кадыр-барктуу перс факихи Абу Ханифа (болжолдуу 696-767- жж.). Ханафит мазхабы жардамчы, бирок көз карандысыз укук булагы катары – адат укугун кеңири колдонууга жол берет, бул ишкер мамилелерди жөнөкөйлөтүүгө, мусулман эместер менен алакаларды түзүүгө, күнүмдүк турмушта бир кыйла жеңилдиктерди алууга мүмкүнчүлүк берет.

XI к. тарта бул мазхаб көптөгөн турмуштук кырдаалдарды жеңилдетип түшүндүрүүсүнүн натыйжасында Балкан жарым аралы, Анатолия, Түндүк Кавказ, Кара Деңиз, Волга боюнда, Орто Азия, Афганистан, Индия, Индонезияга кеңири тараган.

***Маликит*** мазхабы Мединада түзүлүп, аны Малик ибн Анас (713-795 жж) негиздеген. Учурда маликит мазхабы Марокко, Алжир, Тунис, Ливия, Кувейт жана Бахрейнде кеңири тараган.

***Шафиит*** мазхабы VIII-IXкк. чегинде Сирия жана Египетте жашаган имам Мухаммед аш-Шафи (767-820жж.) тарабынан негизделген. Жөнөкөйлүгүн менен шафиит мазхабы тез эле мусулман өлкөлөрүнө тарап, азыркы учурда Сирия, Ливан, Палестина жана Иорданияда басымдуулук кылат.

***Ханбалит*** укуктук мектеби багдаддык окумуштуу Ахмад ибн Ханбала (780-855жж.) тарабынан XI кылымдын башында негизделген. Башка мазхабдардан айырмаланып, ханбалит мазхабы диний-саясий кыймыл катары пайда болуп, кийин гана догмалык-укуктук мектепке айланган. Негизинен, ханбалит идеологиясы шарияттa айтылгандарды бекем кармануусу жана жаңы нерселерге каршы туруусу менен айырмаланат. Жаңы мезгилде алардын идеялары ваххабиттер тарабынан көтөрүлүп, бүгүнкү күндө ханбалит мазхабы Сауд Аравиясында расмий кабыл алынган.

***Дүйнөгө болгон көз караштык мазхабдар***

Сунниттердин ынанымдарынын теориялык негиздери ***матуридит, ашарит жана и салафиттик*** сунниттик *көз караштагы* мектептерде чагылдырылган. Белгилүү бир көз караштa бекем турган(ортодоксалдык) исламдык ойдун аталган үч багыты өз ара бир аз гана айырмачылыктарга ээ болуп, сунниттик исламдын илимин, философиялык же саясий теория, системасын (доктринасын) чагылдырат. Ортодоксалдык исламдын жоболорун белгилүү окумуштуулар Абу Мансур аль-Матуриди, Абу аль-Хасан аль-Ашари, Мухаммед Газали, Таки ад-Дин ибн Теймия өнүктүргөн. Ханафит мазхабынын көпчүлүк өкүлдөрү матуридит, маликиттер жана шафииттер – ашарит, ханбалиттер – салафит болушат.

**Эске тут!Орто Азия калктары ханафит мазхабынын матуридит ишениминде.**

**Исламдагы сабырдуулук**

Исламды чечмелөөдө айрым учурларда карама-каршылыктуу көрүнүштөр байкалат: кээде аны тынчтык жана сабырдуулуктун дини катары аташса, айрым учурларда башка диндегилерге карата агрессивдүү дин катары көрсөтүшөт. Силерге ислам боюнча негизги булактар – Куран жана Сүннөттү пайдаланып, айтылган жоболорду анализ жасап көрүүнү сунуштайбыз.

Исламда адамга анын социалдык абалы, терисинин түсү, улуту же динине карабастан сый мамиле жасоо каралган.

*«Биз Адамдын уулдарын урматтап, аларга кургакта жана деңизде жүрүүсүнө руксат бердик. Биз аларга жакшы нерселерди ыроолоп, көптөгөн башка макулуктардан артыкчылык бердик”.* (Куран 17:70).

Жабир ибн Абдаллахтын айтуусу менен жазылып алынган Аль-Бухаринин хадистер жыйнагында мындай хадис айтылат: *Бир жолу Мухаммед пайгамбар анын жанынан каза болгон адамды акыркы сапарына алып бараткандарга урмат менен карап калса, анын жанындагылары “ бул деген иудей да” деп таңыркап карашат. Ошондо пайгамбар: “Албетте, бирок ал да адам да” деп жооп берген экен.*

Ислам ар бир нерседе, өзгөчө көз караштардагы көп жактуулукту Алланын белеги катары окутат.

*«О адамдар! Акыйкатта, Биз силерди бири-бириңерди билсин деп эркек жана аял, уруу жана эл кылып жараттык, себеби Алланын алдында силердин ичиңерден эң ыймандууңар – эң такыбаңар. Акыйкатта, Алла – Көрүүчү, Билүүчү»* (Куран 49:13).

*“Анын белгиси – асман менен жерди жаратуусу, силердин тилдериңер менен түстөрүңөр (териңер). Акыйкатта – ким билимге ээ болсо, ал үчүн бул белги”* (Куран 30:22).

Ислам дининдеги ар түрдүү көз караштар, пикирлер жана идеология адам жана адамзат үчүн табигый көрүнүш экендигин окутат. Андыктан башкаларды да урматтоону жана ар түрдүүлүктү табигый көрүнүш катары кабыл алууга үндөйт.

*“Эгер Алла каалаcа, баарыңарды бир жамаат кылмак, бирок ал каалаганын өз ырайымына алат, ал эми адилетсиздерге – аларга коргоочу жок”(Куран, 42:).*

*“Эгер сенин Жаратуучуң каалаcа, жердегинин баарын ишентмек. Сен адамдарды ишенгиле деп мажбурлай алмак белең?”* (Коран 10: 99).

Ислам башка бирөөгө өз дининди таңуулабаганга үйрөтөт.

*«Динде мажбурлоо жок» (Куран, 2:256)*

*«Айт: Акыйкат – Жаратуучуңдан. Ким кааласа ишенсин, каалабагандар, ишенбесин». (Куран, 18: 29).*

*«Силер өз диниңерге, мен өзүмдүкүнө сыйынам» (Куран, 109:6).*

Ким туура же ким туура эмес экендигин, бир гана Алла чечет:

*Алла силер өз ара эмне үчүн талашып-тартышканыңарды Кайра тирилип келгениңерде айтат* (Куран, 22: 69)

Куран жана Сүннөт фанатизмге каршы турат.

Сүннөт – ар бир нерсеге каниет кылууну үйрөтөт. Сүннөттүн эң бир маанилүү функцияларынын бири – мусулмандарды ыйык Куранды туура эмес чечмелөөдөн келип чыгуучу адашуулардан, чектен чыгуудан, ашыкча нерселерден сактайт.

*«Биз силерди ар бир нерседе сабыр кылган жана бардык адамдар үчүн күбө болгон жамаат кылып жараттык»* (Куран, 4:143).

Бул көз карашын жана ар кандай аша чабуулардан өзүн тыя билген мусулман адилет жана Алланын күбөсү болоорун билдирет. Дагы бир жерде, мусулман дин иштеринде да, Аллага сыйынууда жана кызмат кылууда аша чабуулардан качуусу зарыл экендиги айтылат:

*«Диниңерге кызмат кылууда да аша чаппагыла" (Куран, 4:171).*

Хадисте, Мухаммед Пайгамбардын мындай дегени бар: "*Ар бир нерсенин чегин билгиле, аша чаппагыла, себеби аша чапкандык силерге чейинкилерди кыйратты*».

Демек, адам баласы белгилүү бир нерседе чектен чыкса, сөзсүз түрдө башка нерседен жаңылаары түшүндүрүлөт. Ошондуктан пайгамбардын өмүр-жолу ар бир мусулман үчүн Аллага сыйынууну үй-бүлө алдындагы, коомдук жана башка милдеттери менен айкалыштырууну үлгүсү болуп саналат. Сүннөттө Пайгамбардын кийим кийүүдө, тамак ичүүдө, шаан-шөкөттөрдө, жада калса Аллага сыйынууда жана жакшы иштерге чакырууда да чектен чыгуунун коркунучтуу экендиги тууралуу хадистер көп кездешет. Мухаммед Пайгамбар айтты:

*«Улуттук фанатизмге чакырган ал бизден эмес. Улуттук фанатизм үчүн күрөшкөн ал бизден эмес. Улуттук фанатизм үчүн жан таслим болгон ал бизден эмес" (Муслим, Абу Дауд, Ибн Мадж).*



Куфа стилинде аткарылган басмала. IXк., Каирдеги Ислам музейи



Насх стилиндеги басмала, IXк., Каирдеги Ислам музейи

Мухаммед Пайгамбар адамды анын жасаган иштери боюнча баалоого үйрөткөн: *«Кимдин иши начар болсо, анын тектүүлүгү анын баасын жогорулатбайт» (Ахмад бин Ханбал, Абу Дауд, Ат-Тирмизи, Ибн Мадж).*

Андан дагы, ислам, иудейлер менен христиандардын диний ишенимдерин кысмакка алууга чакырган эмес. Куранда айтылган:
*«Кудай жолуна тартууда акылмандык жана жакшы иштериңер менен өрнөк болгула, аларга эң күчтүү далилдериңерди көрсөткүлө» (Куран, 16:125).*

Эгер мусулман чектен чыгып өз милдеттерин унутса, эгер ал өзүн актоо үчүн каалагандай Куранды чечмелөөгө аракеттенсе жана да ушул принциптерге фанат катары киришсе, анда ал Сүннөттөн кайткан жана түз жолдон адашкан болуп саналат.

Чындыгында бутпарастарга гана эмес, христиандар менен иудейлерге да каршы согушка чакырган учурлар аз эмес. Бирок алар ислам доктринасынын "агрессивдүү" мүнөзүн эмес, кырдаалга жараша саясий маселелерге байланыштуу түшүндүрүлөт. Христиандар Кудайды Үчбирдиктүү ***(Ата, Уул жана Ыйык Рух)*** деп карашса, ал эми ислам材 дининде Кудай жалгыз деп каралат, бирок маселе анда эле эмес. Кырдаал айрым учурларда иудейлерге каршы христиандар менен союз түзүүгө мажбурласа, кээде тескерисинче, бир эле учурда эки тарап менен тең жоолашууга аргасыз кылган. Меккеден уруулаштары тарабынан куулган Мухаммед Мединага жайгашат, ал жерде мусулман жамаатын түзүп, Меккеге каршы чогуу күрөшүү үчүн бай иудейлер менен биримдик түзөт. Ал мезгилде Мухаммед Эски Осуят менен таанышууга мүмкүнчүлүк алган жана алар Курандын ошол кездеги жазылган аяттарына таасирин тийгизген. Көп өтпөй мусулмандар менен иудейлердин ортосунда тирешүү алардын союзунун кыйрашына алып келген.

*«Сен, албетте ишенгендерди баарынан жек көргөндөр иудейлер менен бутпарастар экендигин табасың, сен албетте ишенгендерге эң жакыны:"Биз –христиандарбыз" деп айткандар экендигин табасың (Куран, 5:85).*

***Бул кызыктуу:***

*Мухаммед пайгамбар Синай монастырына монахтардын өмүрүнө жана динине кол тийбестик, салык жеңилдиктерине кепил болуучу сактоо грамотасын берген. Чындыгында, грамотанын текстиошол эле монастыр менен чектелбей, мусулман мамлекеттердин аймагында жашаган бардыкхристиандарга, тиешелүү болгон. Анда Мухаммед дин кызматкерлерин кызматтан алууга, христиандардын чиркөөлөрүнө жана үйлөрүнө кол салууга, аларды согушууга мажбурлоого катуу тыйуу салып, керек болсо, мусулмандар өзүлөрү колуна курал алып аларды коргоосу керек,бул осуяттарды бузгандар Аллах алдында антбузуучу катары жарыяланат деп жазылган.*



Төмөнкү аяттардагы Мухаммеддин айткандары да жогорудакыдай эле саясий мааниде айтылган:

*«… Эгер алар тоскоолдук кылышса, кайдан да болбосун таап, кармагыла жана өлтүргүлө» (Куран, 4:91). «Жана да силерден алыстабаса жана тынчтыкка келбесе, колдорун албаса, анда аларды кармагыла да сабагыла…» (Куран, 4:93).*

Бул чакырыктардан көрүнүп тургандай эле “жихад” – жаңжалды тынч жол менен чечүүгө мүмкүн болбой калганда гана баруучу аргасыз кадам болгону, анда ал эркектерге гана тиешелүү экендиги эскертилет.

Ага мисал катары:

*«Алла жолунда силерге согуш ачкандар менен гана согушкула, бирок өзүңөр баштабагыла – акыйкатта Алла чектен чыккандарды жактырбайт» (Куран, 2:186(190); 2:245).*

***Өзүңдү текшер!***

**Ислам диний ар түрдүүлүккө кандай көз караште?**

**Мусулман маданияты**

Көптөгөн диндер сыяктуу эле ислам дүйнөлүк маданияттын калыптанышына олуттуу салымын кошкон. Белгилүү болгондой, ислам done динде адамдардын жана жаныбарлардын сүрөттөрүн тартууга тыюу салынган. Бул жагдай мусулман өлкөлөрүндө каллиграфия, поэзия жана архитектуранын дүркүрөп өнүгүшүнө алып келген. Араб каллиграфиясы алгач Куранды көчүрүү зарылчылыгынан улам келип чыкса, мезгилдин өтүшү менен аны мечиттерди жана башка имараттарды, килемдерди жана курал-жарактарды кооздоо үчүн да пайдалана башташкан. Араб каллиграфиясынын бир нече стилдери белгилүү. Эң эле байыркысы - куфа стили, ал эми эң кеңири тараганы Насх стили болуп саналат.

**Эске тут!** **Каллиграфия – бул сулуу жана так жазуу искусствосу**

Мусулман маданиятынын өнүгүүсүнүн алгачкы мезгилинде ар кайсы араб урууларынын поэзиясынын таасири күчтүү болгон. Алардын көркөм чыгармалары башкаларга караганда эллин дүйнөсү менен азыраак аралашып, жаңы өзгөчө маданияттын жаралышын шарттаган. Бедуиндер поэзиясынын жанрларынын бири – “касыда” – ислам өлкөлөрүндө поэтикалык формалардын бүтүндөй бир системасынын калыптануусуна негиз болгон. Дүйнөлүк маданияттын казынасына баа жеткис салымын Рудаки, Фирдоуси, Низами, Омар Хайам жана Навоилер кошушкан.



**Стамбулдагы Ыйык Софиянын храмынын ички жасалгаланышы(Айя София) е. IV к.**

Ислам архитектурасынын өзгөчөлүгү – аларга чейин эле салынган имараттарды пайдаланууда болгон. Басып алган шаарларда арабдар имараттарды талкалабастан, сактап калышып, аларды мусулман стилинде жасалгалашкан. Академик В. В. Бартольд билдиргендей, Дамасктагы мечиттердин биринин түштүк дарбазасында грекче: "Христос, Сенин падышалыгың бардык мезгилдерде сакталат жана да Сенин башкарууң бардык муундарга калат" – деген жазуу сакталып калган. Сириянын Химсом шаарындагы чоң христиан собору мусулмандар басып алышкандан кийин делеайрым маалыматтарга караганда, Х кылымдарда имараттын бир бөлүгү чиркөө боюнча калгандыгы, ал эми экинчи бөлүгүн мусулмандар мечит катары колдонушкандыгы айтылат. Мындай таң калыштуу көрүнүштөрдүн дагы бир мисалы катары Константинополдогу София соборунун тагдырын айтса болот, ал кийинчерээк Стамбулдун эң мыкты мечитине айландырылган.

Араб-мусулман архитектурасынын сыйынууч (культтук) имараттарына мечиттерди, минареттерди (азан чакыруу үчүн мунара), медресе (диний мектептер), күмбөздөрдү (дүйнөдөн кайткандарга арналып салынган курулуштарды) кошсо болот. Имараттардын жасалгалары геометриялык жана өсүмдүктөрдүн сүрөттөрүнүн декоративдүү мотивдери каллиграфиялык ыкмада Курандан алынган үзүндүлөр менен айкалыштырылып дубалга жазуу, оюп түшүрүлгөн сүрөттөр, мозаика түрүндө коздолгон.

Дүйнөгө белгилүү болгон ислам архитектурасынын эстеликтерине – Көк мечит (Стамбул), халиф Умардын мечити (Иерусалим), Ибн Тулундун мечити (Каир), илля-Кары мечити (Самарканд), Улукбектин медресеси (Бухара), аль-Кубра(Дамаск), Тадж-Махал мавзолейи (Агра) Шах-и-Зинда архитектуралык ансамбли (Самарканд) кошууга болот.

Мусулман усталары культтук гана имараттар менен чектелбестен, китепканаларды, мончолорду, көпүрө, ооруканаларды, кербен сарайларды, жабык базарларды шаар ичиндеги чеп, сепилдерди да салышкан. Мечиттердин тышкы жасалгаларында исламды тутунган ар кайсы элдердин улуттук көркөм салттарынын элементтери камтылгандыгы менен айырмаланат.

### Исламдагы билим берүүнүн мааниси

Орто кылымдарда мусулман маданиятынын, илим жана искусствосунун өнүгүүсү дүйнөлүк илимий ойдун өсүшүнө да таасирин тийгизген. Негизи эле мусулмандардын жашоосунда билим алууга олуттуу орун берилээри маалым. Куранда "илим" (билим) сөзү 750 жолу жолугат.

Мусулман салты боюнча адамзатка жөнөтүлгөн биринчи аят “Икра” деп окулуп, араб тилинен которгондо “Оку!” дегенди түшүндүрөт.

Билим алууга умтулуу ар бир мусулмандын ыйык парзы катары саналат. Белгилүү америкалык чыгыш таануучу Ф. Роузенталь өз эмгегинде “ислам билим алууга башка цивилизацияларга караганда алда канча жогору маани берет” – деп жазган. Билим алууга карата болгон мындай мамиле ортокылымдык математика, астрономия, оптика, медицина, география, геология, ботаника жана философиянын жогорку деңгээлде өнүгүшүнө алып келген. Мусулман аалымдары байыркы дүйнөнүн жетишкендиктерин европалыктар үчүн кайрадан ачып берген байланыштыруучу звено болуп калган.



**Египеттеги Аль-Азхар мечити жана Университети. Хк.**



**Бухарадагы Улукбектин медресеси.XVк.**

VIII–XII кк. ислам дүйнөсүндө маданияттын өнүккөн мезгили катары белгиленген. Алгачкы университеттер – Аль-Карауин (Марокко, 859-ж.) жана Аль-Азхар (988-ж., Египет) ачылган. Окуу жайларда эбегейсиз көп илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, алардын натыйжасында көптөгөн ачылыштар жасалган. X—XIII кк. Европада араб кол жазмаларынан 10дук цифралык санак ситемасы белгилүү болуп, ал “араб цифрасы” аталып калган.

**Көңүл бур! Орто кылымдык мусулман адамдар көбүрөөк динчил болушкандыгына карабастан, алар ошол эле учурда окумуштуу болуусуна эч нерсе тоскоолдук болгон эмес.**

***Бул кызыктуу:***

1. *Төмөнкү англис тилиндеги сөздөр араб тилинен алынган: алгебра, ноль, пахта, диван, күрүч, конфета, шафран, балкон. Мындан тышкары “алкоголь (спирт ичимдиги)” сөзү да арабча “аль-куль” сөзүнөн келип, порошок деп которулат. Бул англиялыктардын араб тилинен алган сөздөрдүн аз эле бөлүгү.*
2. *Чечек жана кызылча боюнча биринчи трактатты Абу Бакром Ар-Рази (с.864-925) жазган. Ушуга байланыштуу чечекке каршы эмдөө мусулман мамлекеттеринде көнүмүш адатка айланган.*
3. *Оксфорд жана Кембридждин биринчи студенттери математика, медицина, химия, оптика жана астрономия боюнча мусулмандар тарабынан жазылган китептерден окушкан.*

| |
|---|
| *4.Аделард Батский орто кылымдын көрүнүктүү илимпозу болгон. Мусулман илимпоздорунун иштери араб тилинен латын тилине которгону аны атактуу кылган.* |

**Бөлүмгө болгон суроолор жана тапшырмалар:**

1. Ислам ишениминин негизин эмне түзөт?
2. Исламдагы багыттарды атаңыз. Кайсыл себептерден улам ислам башка багыттарга бөлүндү?
3. Мазхабдардын кандай түрлөрү болот? Негизги мазхабдарды мүнөздөп, алардын ислам ишенимин өнүктүрүүдөгү ордун аныктап бериңиз.
4. Исламда башка диндегилерге болгон мамиле кандай?
5. Орто кылымдагы ислам маданиятынын өнүгүшү эмнеге байланыштуу болгон?
6. Бөлүмдөгү материал жана кошумча адабиятты колдонуп, дептерге салыштырмалуу таблицаны сызып, толтуруңуз.

| Христиан дини | Салыштыруу сызыгы | Ислам дини |
|---|---|---|
| | Негиздөөчү | |
| | Кийинкилерге жол көрсөткөн адам, пайгамбарлары | |
| | Ишенимдин негизги пункттары | |
| | Пайда болушунун жайы жана убакыты | |
| | Улуу Жазуу (курамы) | |
| | Диний китептери | |
| | Ырым-жырым талаптары | |
| | Адеп-ахлактык талаптары | |
| | Багыттары | |
| | Дүйнө маданиятына кошкон салымдары | |

**Сунушталган адабияттар:**


1. Али-заде А. Исламский энциклопедический словарь. Баку, 2007.
2. Ислам. Энциклопедический словарь. М., 1991.
3. Ислам за 90 минут / Сост. У. Булакова. М., 2006.
4. Исламоведение / Под ред. М.Ф. Муртазина. М., 2008.
5. Койчуев А. Педагогический потенциал ислама в светском образовании: теоретическая основа и практический опыт. Нижний Новгород, 2009.
6. Курбанова Н.У. Ислам в современном Кыргызстане. Бишкек, 2009.
7. Основы религиоведения / Под. ред. И.Н. Яблокова. М., 1998.
8. Религиоведение. Энциклопедический словарь. М., 2010.
9. Религиоведение для вузов Кыргызстана. Бишкек, 2014.
10. Яковлев Е.Г. Искусство и мировые религии. М., 1985.

## 8-ТЕМА. КЫРГЫЗСТАНДА ИСЛАМ ДИНИНИН ТАРАЛЫШЫ (2 саат).

**Кыргыздардын исламды кабыл алуусу**

**VIII к.** араб баскынчылары менен бирге Ферганага ***ислам дини*** кирди. Ала-Тоонун түндүк райондорунун түрктөрү жана согдалыктар жаңы динди баскынчылардын дини катары баалап, исламга каршы узакка созулган күрөш жүргүзгөн. Бул мезгилде дин күч колдонуу, перстердин миссионердик ишмердиги аркылуу жүргөн. Алсак, бекем чыңдалган Ош ***«каапыр түрктөргө»*** каршы маанилүү таяныч пункту болгон. Самани эмирлери **IX к.** ортосунда ***Талас өрөөнүн*** басып алышып, ал жердеги христиандык чиркөөлөрдүн ордуна мечиттерди курушкан.

**X к. Тянь-Шанда** ислам салтанат курган кылым жана бурулуш учур болуп калган. Ал караханий каганы **Сатук Богра Карахандын** аты менен байланышкан. Сатук исламды жана **Абд ал-Керим** деген мусулмандык ысымды алды. Ал **955-ж.** каза болгон. Анын уулу **Байташ** өзүн мусулманча **Муса** деп атап **960-ж.*исламды Карахани өлкөсүнүн мамлекеттик дини*** деп жарыялады. Караханилерде ислам мамлекеттик дин катары илимдин жана маданияттын өнүгүшүнө таасир эте баштап, архитектура жана шаар курулушунун дүркүрөп өнүгүшүнө алып келди. Ошол мезгилде, айрым кыргыз уруулары Караханилер мамлекетинин чектеринде жашап, биринчи жолу ислам менен таанышкан болушу керек.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Исламды Караханилер мамлекеттик дин деп жарыялашы ...**

Орто кылымдагы **Ош шаары** акырындап, исламды таратуунун маанилүү борборуна айланды. **Мисалы,** окумуштуу жана акын **Жамаль аль-Карши (1230-31-жж.)*«Мулхакат ас-сурах» («Сурах» сөздүгүнө кошумча)*** деген китебинде, Оштун кызыктуу жерлеринин бири, **Сулайман ибн Дауддун** вазири – **Асаф ибн-Бурхиянын** Сулайман-тоосундагы эстелиги тууралуу мисал келтирет. Оштон өз мезгили үчүн белгилүү инсандар, исламды таратуудагы салымдары үчүн, ***«Дин ишмери»*** деген ат алган**Али ибн Осман, Омар ибн Муса аль-Оши,1125-ж**. каза болгон мыйзамчы **Мансур аль-Ошинин** уулдары **Имран** жана **Масуд, Мухаммед ибн Ахмад ибн Али ибн Хамиз Абу Абдаллах аль-Оши** жана башка көптөгөн мусулмандык окумуштуулар, уламалар, шариятчылар чыгышкан.

Айрым бир кыйынчылыктарга карабастан, кыргыздарды исламдаштыруу процесси монголдук басып алуулар доорунда да өнүгө берди. Монголдор түрдүү диндерге карата сабырдуу мамиле жасашкан, ошондуктан, ***ислам, христианчылык, буддизм*** тынчтыкта жанаша жашай берген. **Берке хандын** учурунан тартып, **Алтын Ордонун**

мусулманчылыкты кабыл алышы, исламдын бекемделишине шарт түздү. Исламдын таасири **XIV к.** экинчи жарымында **Моголистандын ханы Туглук-Тимур** исламды кабыл алганда күчөдү. Кыргыз урууларынын негизги массасынын ислам менен кыйла жакын, тыгыз тааныштыгы, **Моголистан мамлекетинин** курамында турганда болду. **Мухаммед Бабур** да исламга колдоо көрсөткөн. Ал Сулайман-тоосунда өз өжүрөсүн тургузган. Ошол мезгилде ислам кыйла тарады.

***Өзүңдү сынап көр!***

| |
|---|
| **Кыргыздардын исламдашуу процесси ... басып алуу мезгилинде күчөдү...** |

Кыргыздардын ислам динин кабыл алуусу узакка созулганына карабастан, ***«бутпарас»*** бойдон кала беришкен. Андан ары Кыргызстандын аймагында исламдын бекемделиши, араб мамлекеттеринен келген ***дауатчылардын (миссионерлердин)*** ишмердиги аркылуу жүргөн.

**XVI к.** ***кыргыз уруулары өздөрүн мусулмандар*** деп эсептешкен жана ислам алардын маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Буга, мисалы, кыргыз башкаруучусу – **Мухаммед Кыргыздын (Тагай бийдин)** аты далил. **Борбордук Азиядагы** жана **Казакстандагы** көчмөндөрдүн арасында исламды таратуудагы өзгөчө роль, акын жана мистик – **Кожо Ахмат Яссавиге (Хазрет-Султан-аль-Арафинге)** тиешелүү. Ал **Яссавшаарында*****(азыркы Казакстандагы Түркстан шаары) дүйнө салган***. **Ахмед Яссави** – түрк мусулмандарынын арасында Мухаммедден кийинки экинчи ыйык, ал үгүт иштерин жүргүзгөн ***Яссав (азыркы Түркстан) – кичи Мекке*** деп эсептелет. **Ахмед Яссави** ***дервиштик ордендин*** негиздөөчүсү жана жетекчиси болгон. Бул орден түрк урууларынын арасында исламды таркатууда чоң ролду ойноду.



**Кожо Ахмат Яссави**



**Түркстан шаарындагы Яссавинин күмбөзү**



**Бекташи**

Яссавинин окуусу ***Бекташия*** жана ***Накшбандия*** сыяктуу, ири суфийлик ордендердин пайда болушуна негиз болду. Түрк (чагатай) тилинде жазылган, атактуу **«Хикмет» («Акылмандык»)** деген эмгек Яссавинин калемине таандык. **Хазрет-Султандын** рухий кадыр-баркынын жогорулугун, **Түркстан шаарындагы,** анын мүрзөсүндө **Амир Темирдин** буйругу менен тургузулган заңгыраган архитектуралык комплекс далилдеп турат.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Борбордук Азия жана Казакстандагы көчмөндөр арасында исламды таратууда өзгөчө роль ойногон...**

Кыргыздардын исламды кабыл алышы, Борбордук Азиянын мусулман элдери менен бирдикте ***жунгарларга (калмактарга)*** каршы турууга жардам берди. Калмактар ***(дини боюнча буддачы)*** менен күрөш кыргыздардын **«Манас»** баатырдык эпосунда, каапырлар менен ыйык согушу – ***«казат» («газават»)*** катары даңазаланат. Кашгар жана Фергана өрөөнүнүн мусулман калкы менен активдүү экономикалык жана саясий мамилелерге кирген учурдан тартып, ислам кыргыздардын турмушуна кыйла активдүү кире баштады. **XVI к. аягында – XVII к. БашындаМахдум-и-Азамдын** балдары жана неберелери кыргыздардын, казактардын жана калмактардын арасында ***суфизмди*** үгүттөшкөн.

**Суфизм** Борбордук Азияда, анын ичинде, Кыргызстанда жергиликтүү традициялар жана диний ишенимдер аралаша баштаган. ***Суфилер («суф – үстүнө жамынган, жөнөкөй жүн жамынма»*** *сөзүнөн)* – бул бөтөнчө бир мусулмандык монахтар. ***Суфийлердин философиясынын негизинде***: *алардын пикири боюнча Кудай, бүт ааламды, бүт дүйнөнү толтурган. Суфийлерде Кудай менен руханий кошулуу узак мезгилде жетишилет. Жан денеден ажырагандан кийин, жердеги керектүү мыктылыкка жетишип, асманды көздөй кетет.* Ушуга байланыштуу суфийлер кыргыздардын: ***"Кудай бир, бирдиктүү, ал бардык эле жерде, диндер көп",*** - деген диний көз караштык сезимине карама-каршы келген эмес.

**Эсте сакта! Ахмед Яссави** - ***дервиштик ордендин*** негиздөөчүсу жана жетекчиси болгон. Бул орден түрк урууларынын арасында исламды таркатууда чоң ролду ойноду. Яссавинин окуусу ***Бекташия*** жана ***Накшбандия*** сыяктуу, ири суфийлик ордендердин пайда болушуна негиз болду. ***Суфийлердин*** пикири боюнча Кудай, бүт ааламды, бүт дүйнөнү толтурган.

**Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин ислам менен айкалышуусу**

Дал ошол мезгилде элдик ***«кош диндүүлүктүн» (синкретизмдин)*** негиздери түптөлүп,кыргыздардын диний аң-сезиминин бардык деңгээлдеринен көрүнөт. Көчмөн кыргыздардын Орто Азияга исламды биринчи жолу алып келген, көчмөн арабдардын өндүрүш ыкмаларындагы, жашоо образындагы жана тиричиликтеги, ошондой эле, этикалык нормалары менен окшоштуктары, белгилүү деңгээлде кыргыздарда исламдын философиялык, идеологиялык жана этикалык системасы катары бөлүнүп кетпөөсүнө шарт түздү. Кыргыздарга таралган ***суннит багытындагы***

***исламдык салттар*** андан ары жергиликтүү чөйрөгө жуурулушуп кеткен. Анын үстүнө, өзү аларды баш ийген элемент катары сиңирип алып, бутпарастык табынууларды жана диний ишенимдерди, жалпы жонунан коомдук идеологияны кыйла жогорку деңгээлде борборлоштурууга жана структуралаштырууга шарт түзгөн. Ошентип, ***исламдын таасири астында бутпарастык терминдер*** өзгөрүүгө дуушар болду: **Алла,** байыркы түрктөрдөн бери эле ардакталып келген – **Теңирди** же **Кудайды** символдоштуруп, ага окшоштурулуп калды, **арбак** өлгөндүн – ***ата-бабалардын арбагынын лингвистикалык*** синоними болуп калды. Кыргыздар исламдагы **«Аллах Акбар» («Алла улук»)** деген табынуу формуласынын ордуна, **«Кудай»** же **«Теңир»** деген сөздү колдонот.

Кыргыздарда курчап турган жаратылыштын предметтерин ***фетишке*** айландыруу да, ислам тарабынан касиеттүү кылынган ***мазарларды, таштарды, булактарды, бак-дарактарды*** ж.б. ардактоо формасында мусулман динине киргизилген. Ошентип, ислам кыргыздардын арасында кеңири тараган, эң алгачкы ырым-жырымдар жана байыркы үрп-адаттар менен келишип жашоосун уланта берген.

Исламды кабыл алуу менен катар эле, кыргыздар көптөгөн ***мурунку диний көз караштарды*** жана ***үрп-адаттарды*** сактап калган. Аларда ***жаратылыштын түрдүү күчтөрүн*** жана алардын ***көрүнүштөрүн кудайлаштырууга байланышкан*** табынуулар жана үрп-адаттар болгон. **XVI–XVII кк.** чегинде да ыйыкташтырылган ***буттарга*** сыйынуу орун алган. **XVII к.** тиешелүү тарыхый булактарда, кыргыздар дагы эле ***«капырлар»,*** б.а. мусулман эместер же ***«каапыр да, мусулман да эместер»*** деп аталат. **XVII к.** экинчи жарымын жана **XVIII к.** ислам кыргыздардын арасында кеңири тараган мезгил катары баалоого болот. Бул процесс, **Кокон хандыгы** кыргыз жерлерин басып ала баштагандан тартып, кыйла активдүү формаларга өттү. Кыргыз жерлеринде курулган Кокон чептери аскерлердин, салыкчылардын Кокон хандыгынын акимдеринин гана борбору болбостон, ислам дин кызматкерлеринин да борбору болгон. ***Дервиштер, кожолор, молдолор, эшендер*** жана ***калпалар*** – исламды таратууда негизги ролду ойношкон.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Исламдын таасири астындагы бутпарастык терминдер...**

**Ислам динин кабыл алуу менен мурунку диний көз караштар...**

Кыргызстан Россиянын карамагына киргенден кийин, падышачылык жергиликтүү калктын арасында, өзгөчө түндүк региондордо ***христианчылыкты*** таратууга аракет кылган, бирок ал эч натыйжа берген эмес. Ошондо падыша өкмөтү исламды кеңири колдоого алып, натыйжада, ***татар дин кызматкерлери*** кыргыздардын арасына кеңири жайылып кире баштады. Алар кокондук дин кызматкерлеринен айырмаланып, ***мусулмандык***

***ырым-жырымдарды бекем сактоону, садака-секетти төлөөнү*** талап кылышкан эмес. Ошондуктан, алар калктын арасында чоң кадыр-баркка ээ болушкан. Жаңы социалдык-экономикалык жана саясий кырдаал кыргыздардын арасында исламдын киришин тездетти.

Бирок кыргыз калкынын басымдуу көпчүлүк бөлүгүндө ***диний фанатизм*** байкалган жок. ***Исламдын догматтары*** анча белгилүү болбой, диний ырым-жырымдарды бардыгы эле аткарган эмес. Кыргыздардын исламды үстүртөн өздөштүргөндүгүн, алардын арасында сакталып калган көп сандаган ***байыркы диний көз караштар*** далилдеп турат. Булар тууралуу **XIX к. II-жарымында** Кыргызстанга келген саякатчылардын жана окумуштуулардын кабарлары күбө. Кыргыздар исламдын ***«беш түркүгүнүн»*** бирин да толук аткарган эмес. ***Отуз күндүк орозону*** да баары эле жана толук тута беришпей, аны орозонун башында, ортосунда жана аягында үч күндөн, болбосо бир күндөн **(*үч эм*)** кармашкан.

Исламдык буйрук-көрсөтмөлөр канчалык эркин чечмеленгенин, **Ормон-хандын** туугандарынын өтүнүчү боюнча отуз күндүк орозону жайкы мезгилден кышкы мезгилге которууга уруксат бергени далилдейт.

**Чокан Валиханов** бул тууралуу: *«...Исламдык пуританизм бул элдин арасында таралып үлгүрө элек.* ***Буруттар (кыргыздар)*** *өздөрүн мусулман деп аташат, бирок Мухаммед кандай адам болгондугун да билишпейт. Сөөк коюуну, үйлөнүү үлпөттөрүн шамандык ырым-жырымдар боюнча жүргүзүшөт, бирок, ошол эле мезгилде, сабаттуу ортоазиялык же татар табылса, Куран оку деп кыйнашат»* деп жазган.

Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыз урууларынын арасында ислам кыйла кеңири тамыр жайган. Байыркы диний ишенимдер байкаларлык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. **Ош шаары, Тахти Сулайман ыйык тоосу,** диний зыяратчылыктын борборуна айланган. Мындан тышкары, дарылык касиети бар **Азретаюп «ыйык» булагы** ***(азыркы Жалал-Абад шаары)***, азыркы Ала-Бука районундагы. **Сафед-Булан** айылына жакын жердеги **Шах Фазилдин мавзолейи,** Чаткал өрөөнүндөгү **Идрис Пайгамбар күмбөзү ибадатчылыктын** борборлору катары кызмат кылган.

Меккедагы мусулмандык ыйык жайларга баруу ***(ажылык)*** **XIX к. аягында - XX к.** башында айрым манаптардын жана байлардын арасында таралган. Мусулмандык диний майрамдар дагы эл арасында кеңири белгиленген. Аларды майрамдоодо теңирчиликтеги ырым-жырымдар да жуурулушуп кеткен. ***Орозо айт майрамы*** ата-бабалардын арбагы менен байланыштырылган.

***Сүннөткө отургузуу*** мусулманчылыктагы негизги ырым-жырымдардын бири болуп саналат. Эркек балдарды **3, 5** жана **7 жашка** толгондо жана **13 жашка** жеткенче сүннөткө отургузушкан. Отургузуу адатта той менен коштолуп, ага көптөгөн тууган-туушкандары, тойго арнаган белек-бечкектери менен келишкен. Дагы бир маанилүү үй-бүлөлүк ырым-жырым – ***үйлөнүү тою.*** Молдо тиешелүү жөрөлгөлөрдү жасап, аялдын үй-бүлөдөгү жана коомдогу орду, укуктары жана милдеттери тууралуу ***Курандын төртүнчү сүрөөсүн окуп,*** жаштардын никесин кыйган. Күйөөсү

ага акча, буюм же мал белек кылууга тийиш. Бул ***«нике акысы»*** деп аталган. Күйөөсү ***«никеден»*** кача алган эмес, анткени, мындай учурда ал Курандын эрежелерин бузгандыгы үчүн күнөөлөнүп, аялы мыйзамсыз деп эсептелген.

***Ата-бабалардын арбагы*** тууралуу түшүнүктөр менен катар эле, ислам дини менен бирге келген, өзү менен кошо бакыт, байлык, атак-даңк жана башка жыргалчылыктарды алып келген, көзгө көрүнбөгөн, кыдырып жүрүүчү ыйык **Кыдыр атага *(Хызырата)*** ишеним тарай баштады. **Кыдыр атанын образы,** дегеле кыргыз элдик фольклорунда, өзгөчө **«Манас»** эпосунда көп кездешет. Бул ишеним көчмөндөрдүн арасында мусулман дин кызматкерлери тарабынан бекемделген. Кыдыр атаны адамдын жана сөөгү жок жандыктын кейпин кийген, кайрымдуу периште катары элестетишкен.

***Муну билүү кызыктуу:***

***Кожо Исхак*** *жана анын окуучулары кыргыздардын арасында исламды таратууда башкы ролду ойноду.* ***«Зийа ал-кулуб» («Жүрөктөрдүн жаркылдашы»)*** *деген эмгекте, белгисиз автор, бул шейх* ***18 кыргыз*** *жана* ***казак бутканаларын*** *талкалады жана* ***180 миң*** *каапырды исламга киргизди деп жазат.* ***Ходжа Хашим ибн Ходжа Хусайн*** *кыргыздардын арасында болгон учурда төмөндөгүлөрдү көргөндүгүн айткан. Аңгемечи, ушул жердик кыргыздардын башчысы болушу мүмкүн болгон, оорулуу* ***Сериукка*** *барганда, ага кандайдыр-бир идишти алып келгендигин жана ар бир эттин кесиндисинен кесишип, ал жакка салгандыгын байкаган. Андан кийин, ал жердеги бардык эркектер жана аялдар даракты көздөй жөнөштү, анда күмүштөн жасалган кандайдыр-бир* ***идол (бут)*** *илинип турган, анын тегерегинде башка буттар жайгашкан – алардын саны эки миңге жакын болуп, жыгачтан жана таштан жасалган, алар кыргыздардын бутканасы болгон өңдөнөт. Эт салынган идишти чоң* ***буттун (жасалма кудай)*** *алдына жайгаштырышкан жана бутка алынып келинген эттен ооз тий деп чакыруу белгисин жасашкан. Андан кийин, эт салынган бул идишти ары жакка жылдырышып, бир кесим этти сол колуна, экинчисин – оң колуна коюшуп, үчүнчү кесимин майдалап туурап, асманга ыргытышкан. Булактагы маалымат боюнча,* ***Кожо Исхак*** *оорулууну дарылады жана чогулгандар мусулман болуп калышты. Мындан кийин, бардык буттарды талкалашып, күмүштөрүн* ***Кожо Исхактын*** *жолун жолдоочуларга белек кылышты.*

***Кожо Исхак*** *кыргыздарга кайрылып:* ***«О менин досторум, мен Куран окуйм, силер оомийин деп бата кылгыла»*** *деген. Жалпы табынуу учурунда, Куранды бир сабаттуу адам окуп, калгандары аягында кошулушуп, үнүн бийик чыгарышып:* ***«Оомийн»*** *деп бата кылышкан. Бул салт кыргыздарда бүгүн да сакталып калган. Мындай учурда, бардыгы* ***Куран окуду*** *деп эсептелет.*

***Таяныч конспект***

- VIII к. араб баскынчылары менен бирге Ферганага ислам дини кирди
- Карахандар каганы Сатук исламды алды... Анын уулу...
- Монголдор түрдүү диндерге карата сабырдуу мамиле жасашкан, ошондуктан...
- Мухаммед Кыргыз
- Ахмед Яссави (Хазрет-Султан-аль-Арафин)
- Бекташия жана Накшбандия
- Казат -газават
- Суфийлер («суф – үстүнө жамынган, жөнөкөй жүн жамынма» сөзүнөн)
- Синкретизм…
- Исламды кабыл алуу менен катар эле, кыргыздар...
- Кокон хандыгы кыргыз жерлерин басып ала баштагандан тартып...
- Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыз урууларынын арасында ислам...

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. Кыргызстандын аймагында ислам дини кайсы кылымдан баштап тарай баштаган?
2. Ош шаары ислам динин таратуучу борбор болуп калды. Ушул борбордо кандай уламалар жана шариятчылар чыккан?
3. Кожо Ахмад Яссави жөнөнүдө айтып бергиле.
4. Суфизмдин философиялык негизинде эмне жатат?
5. Кожо Ахмад Яссавинин окуусун уланткан ордендерди атагыла?
6. Кокон хандыгы мезгилиндеги ислам динин таратуучу дин кызматкерлери?
7. Исламды кабыл алгандан кийинки кыргыздардын мурунку диний көз караштары жана үрп-адаттарынын сакталып калышы боюнча кыскача эссе жазгыла?

# ТЕМА 9. АЗЫРКЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН

*Ар бир адам ой, ыйман, дин эркиндиктерине укуктуу;*
*бул укук өз динин же ынанымын эркинче өзгөртүүнү,*
*Кудайга сыйынууну жана диндик жөрөлгөлүү*
*ырасымдарды аткарууну камтыйт.*
*Адам Укуктарынын Жалпы Декларациясы, 18-берене*

Мамлекеттин пайда болушуна чейин эле дин көпчүлүк учурда диний ченемдердин жана сыйынуучулу кырым-жырымдардын негизинде биздин ата-бабаларыбыздын жүрүм-турумун жөнгө салып, адеп-ахлак тарбиясына таасирин тийгизип келген. Дин көпчүлүк учурда кечил дагы болгон уруу башчысынын аброюн бекемдеп сактап турган, ага диний салттар аркылуу күч берип турган. Дин маселелери жана сыйкырчылык боюнча атактуу изилдөөчү Д. Фрэзер хандын бийлиги анын кечилдик функцияларынан келип чыккан деп эсептеген. Сыйкырчылар, көз боемочулар жана кечилдер алгачкы бийлик ээлери болгондугу сыр эмес. Кээ бир өлкөлөрдө кечилдик жана дин мамлекеттик түзүлүштөрдүн калыптанышынын аяктоосуна түрткү берген. Бирок, экинчи жактан, дин дагы иерархия жана Чиркөө институтун түзүү менен калыптанып жаткан светтик мамлекеттик түзүлүштөрдү туураган. Ал эми чиркөө бийлиги светтик бийликти өз алдынча жүргүзгөн.

Мамлекет менен диндин өз ара мамилелери дин тарыхынын башталышында кечилдиктин мамлекетке баш ийүүсү жана мамлекеттик бийликтин Кудайга айландыруу (сакрализациясы) менен башталган. Мисалы, Байыркы Кытайда падыша өзү биринчи дин кызматкери (первосвященник) катары эсептелген. Жердеги бийликти асмандан келип түшкөн (диний) деп эсептешкен. Мамлекеттик мыйзамдар жана соттук ишмердүүлүк көбүнесе Кудайдын аты менен ыйыкташтырылган. Көп учурда падышаны кудайлардын урпагы деп жарыялашкан. Башчыга дагы диний сыпаттар берилген.

| | |
|---|---|
| ***Кызыктуу:*** *«Мен, Синаххериб, улуу падышамын, күчтүү падышамын, бүткүл дүйнөнүн падышасымын, Ассириянын падышасымын, дүйнөнүн төрт өлкөсүнүн падышасымын»* | - Ассириялык падыша болгон Синаххериб өзүнүн аскердик жүрүштөрү жөнүндө аңгемелерин мына ушинтип баштайт. Ал усталарга өзү жөнүндө атак-даңк түбөлүккө сакталып калуусу үчүн бул мактануу сөздөрдү ташка түшүрүүнү буюрган... |

Жакынкы убакытка чейин жапон императору Күн Кудайы Аматэрасунун (сөзмө-сөз которгондо «асмандан жаркырап турган») уулу болгон деп эсептелинип келген. Аталган аналогия боюнча, падышанын

культу көбүнесе диний негизде калыптанган (Египеттеги фараондун культу, Байыркы Римдеги императордун культу ж.б.).

Эң негизгиси, дин актоо жана ыйыкташтыруу менен легитимдүүлүктү, т.а. бийликти калыптаган жалпылык тарабынан таанууну камсыздаган. Бул жараянды тастыктоо иретинде байыркы “ыйык китептерде” көптөгөн тексттер жана идеялар камтылган. Чиркөө ал тексттер жана идеяларга таянат. Легитимация көбүнесе тарыхый эстеликке жана байыркы элдик салттарга кайрылуу менен байланыштуу. Ыйыктуулукка-харизмага бөлөнүү өзгөчө мамлекеттик бийлик үчүн абдан пайдалуу болгон, себеби бийликке баш ийгендер анда диний башатты көрүшү керек эле. Көптөгөн мамлекеттик үрп-адаттар, бийлик символдорунун кабыл алынышы, расмий салтанаттар жана параддар, жетекчилерди жерге берүү зыйнаттары ж.б. диний культтун мыйзамдык ырым-жырым мисалдарын чагылдырат.

Бирок мамлекеттердин алгачкы тарыхында эң маанилүү болгон нерсе бул мамлекеттик саясий түзүлүштөрдүн калыптанып жаткан дин институттарын өздөрүнүн ишмердүүлүгүнө өздөрү аралаштырышкандагы. Мындай мамлекетте жашаган жеке жарандар гана эмес, бир дагы социалдык мекеме өзүн саясаттан бөлө албайт. Дин, тагыраак айтканда диний институттар дагы саясий жашоого аралашып мамлекеттик аппаратты түзүүчү бөлүгүнө айланышат.

Мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелердин өнүгүшүнүн тарыхы ***конфессионалдык*** жана ***светтик*** сыяктуу мамлекеттин эки түрүнүн пайда болуу, бекемделүү жана эволюция жараяндарын (процесстерин) чагылдырган.

***Өзүңдү текшер!***

**Дин мамлекеттик бийликти кантип колдогон?**

***Эсиңерге сактагыла! Сакрализация – бул бир нерсени ыйыкташтыруу, ал нерсеге ыйыктуулук статусун ыйгаруу; саясий жана коомдук институттарды, маданиятты жана чеберчиликти, ошондой эле адамдардын өз ара мамилелерин диний таасирге баш ийдирүү.***

Мамлекет менен диндин өз ара мамилелери аныкталган светтик мамлекеттин негиздеринин укуктук жактан бекемделүүсү XVIII-XIX-кк. убагында өткөн адам, жаран укуктары жана эркиндиктеринин өнүгүү жараяны менен байланыштуу. Бул жараян Көз карандысыздык боюнча декларация (1776-ж., АКШ), Укуктар боюнча билль (1789-ж., АКШ), Адам жана жаран укуктары, эркиндиктери боюнча декларация (1789-ж., Франция).

Светтик принцибин карап жатып бул принцип, жалпысынан, диндин мамлекеттик башкаруу жараянынан ажыратылгандыгын, башкача айтканда, диний ченемдердин жана баалуулуктардын мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнүн негизи болбогондугун билдирээрин белгилеп кетүү зарыл.

Саясий-укуктук мааниде светтик ажыратылгандык приниципи мамлекеттин өз жарандарына кайсы бир динди милдеттүү катары белгилөөдөн жана алардын диний ишенимдерин көзөмөлгө алуудан баш тартып, жарандарына тандоо укугун тартуулагандыгын түшүндүрөт. Бул укук абийир жана ***дин тутуу эркиндиги*** түрүндө белгиленип, өзүнүн динин тандоо эркиндиги менен гана чектелбестен, андан дагы кеңири мааниге ээ болгон ***абийир эркиндигин*** (дүйнөгө болгон көз караш, жашоого болгон мамиле, тандоо эркиндиги) түшүндүрөт. Бул укук жеке адамга/жаранга тапшырылган жана мамлекет адамдын/жарандын диний көз караштарына, этникалык же гендердик тиешелүүлүгүнө карабастан мамлекеттин мыйзамдарында бекитилген жарандык-укуктук жоболорго таянып,ал укукту кабыл алууга жана коргоого милдеттүү. Мамлекеттин мындай мамилеси жалгыз гана жарандарга эмес, коомдук (диний) уюмдарга дагы тиешелүү. Муну менен мамлекет өзүнүн ар бир диндин жана диний уюмдун өкүлүнө болгон окшош (бирдей) мамилесин баса белгилейт.

***Эсиңерге сактагыла! Клерикалык, конфессионалдык мамлекетдинге көз каранды болуп, ал дин мамлекеттик дин катары жашоонун бардык чөйрөлөрүнө таасирин тийгизе алат. Светтик мамлекетте дин мамлекеттик бийликтен ажыратылган.***

Мындай мамлекеттин негизин светтик же жалпы коомдук мыйзамдар түзөт. *Конфессионалдык укуктун (диний канондордун)* ишке ашуу чеги диний институттун чөйрөсү менен чектелет. Ал конфессионалдык укуктун ишке ашуусу канчалык деңгээлде динге ишенген жарандардын эркин тандоосу болсо жана жалпы коомдук мыйзамдарга *каршы келбесе*, ошончолук денгээлде таанылат. Светтик мамлекет диний уюмдарга мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын функцияларын жана милдеттерин аткарууну тапшырбайт жана мамлекеттик (муниципалдык) билим берүүнүн светтик мүнөзүн камсыздайт.

Светтик мамлекет, диний эмес дүйнөгө болгон көз караш тандоолордун жана диний / диний эмес мүнөздөгү коомдук бирикмелердин болушун таанып, тең салмактуу саясат жүргүзөт, күчүндө болгон мыйзамдардын негизинде конфессионалдык, этникалык, гендердик жана социалдык тиешелүүлүккө карабастан өлкөнүн баардык жарандарына бирдей мамилени камсыздайт. Дал ушул себептен мындай мамлекеттин саясаты дин тутуу эркиндигин камсыздоо саясаты менен бирдей мүнөздөлүүсү тийиш.

***Кызыктуу экен!*** «Светтик» термини «чиркөө менен байланыштуу эмес», «элдик», «жарандык» терминдерине шайкеш келет.
Орус тилинин түшүндүрмө сөздүгү.Ожегов С.И., Шведова Н.Ю., 1997-ж., М

**Дин тутуу эркиндиги** – адамдын өзүнүн диний ишенимдерин эркин

жолдоо, алар менен байланыштуу ырым-жырымдарды жүргүзүү жана өзүнүн дини жөнүндө ачык-айкын айтуу укугу. «Дин тутуу эркиндиги», «дин эркиндиги», «диний эркиндик» менен тең келет, тагыраак айтканда, бул терминдердин баары бирдей мааниге ээ.

**Дин тутуу:**

Биринчиден, бул дин, табияттан тышкары болгон чындык тууралуу ишенимдер системасы;

Экинчиден, конкреттүү, өзгөчө аталыштагы белгилүү окуу жана практикага ээ болгон багыт (конфессия)




Дүйнөлүк практикада *светтиктин ар кандай моделдери* (мамлекеттин светике болгон көз карашы) бар. Мисалы, Францияда диний уюмдардын ишмердүүлүгү мамлекеттик башкаруудан ажыратылган. Орусияда светтик принцибин сактоо иретинде диндин мамлекеттен ажыратылган принцибинин аткарылышын катуу көзөмөлдөйт, бирок ошол эле учурда салттуу диний конфессиялардын потенциалын диалогду өнүктүрүү жана мамлекеттик саясатты колдоо максатында пайдаланууга аракет кылат. Түркияда дин толугу менен мамлекеттик органдардын көзөмөлүнө алынган жана диний билим берүү программалары ыйгарым укуктуу билим берүү органдары тарабынан бекитилет. Европа жана Американын кээ бир өлкөлөрүндө светтик принцибине карабастан, мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндө диний риторика ачык эле колдонулат.

Ал эми Кыргызстандын светтик модели **Конституциянын** жана учурда күчүндө болгон мыйзамдардын жоболоруна негизделип, Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясында кененирээк ачып берилген.

Конституцияга (2010) ылайык, Кыргыз Республикасы светтик болуп эсептелинет. Бул мамлекет жана диний уюмдар бири биринен ажыратылгандыгын билдирет. Аталган документте светтик принцибине төмөнкүдөй аныктама берилген: «Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес», «Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган», «Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигүүшүсүнө тыюу салынат».

***Эсиңерге сактагыла! КР Конституциясы, 1-берене:***

*1.* Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, демократиялык,

укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык мамлекет

Бирок ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимге абийир жана дин тутуу эркиндигин кепилдейт. Ар ким диний жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу. Эч ким өзүнүн диний жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга (атеизм) мажбурланууга тийиш эмес.

***Эсиңерге сактагыла!*** ***КР Конституциясы, 32-берене:***
1. Ар кимге абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденет.
2. Ар ким өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо укугуна ээ. 3. Ар ким диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу.
4. Эч ким өзүнүн диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес.

Светтик принцибин камсыздоо иретинде Конституцияда диний, этностук негизде саясий партияларды түзүүгө, ошондой эл диний уюмдардын конституциялык түзүлүшүн күч менен өзгөртүүгө, диний касташууну, социалдык артыкчылыкты жана дискриминацияны тутандырууга багытталган ишмердүүлүгүнө тыюу салынган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын башкы мыйзамында диний өкүлдөрдүн саясий партияларды колдоо иретинде агитация жүргүзүүсүнө, ар кандай үгүт материалдарын басып чыгаруусуна жана жайылтуусуна тыюу салынган.

Республикадагы диний жандануу 80-жылдардын ортосунда башталып 1990-жылдары Советтер Союзунун кулашы менен өнүгө баштаган. Совет бийлиги жылдарында диний уюмдар куугунтукка алынып динге ишенген адамдар өздөрүнүн диний көз караштарын ачык билдире алышкан эмес. Өзүнүн көз карандысыздыгын алгандан кийин Кыргызстан мындай репрессивдүү саясаттан баш тартып, эркин дин тутуу укугун мыйзамдар менен бекитүү аракетин көрө баштаган. Мындан ары мусулман болобу, христиан болобу же башка агымдардын өкүлдөрү болобу, динге ишенген адамдар өздөрүнүн ишенимин иш жүзүндө ачык жана эркин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Кыргыз Республикасында эгемендүүлүк алынган күндөн тарта улуттук мыйзамдар топтомунун ырааттуу институционалдаштыруусу башталды, тагыраак айтканда, ой жүгүртүү, абийир жана дин тутуу эркиндиги бекемделди. Албетте, демократиялык, укуктук жана светтик мамлекетти түзүү максатында Кыргыз Республикасы өзүнүн улуттук мыйзамдар топтомун эл аралык принциптердин негизинде түзгөн. Бул документтер мамлекетти адамдардын абийир эркиндиги укугун камсыздоого милдеттендирет, диний ишенимине карабастан бардык адамдардын теңдүүлүгүн, абийир жана ишеним эркиндиги укугун бекемдейт. Тагыраак айтканда, Адам укуктарынын жалпы декларациясында, Жарандык жана

саясий укуктар боюнча эл аралык пактта, диний же ишеним негизиндеги чыдамсыздыктын жана дискриминациянын баардык түрүн жоюу боюнча декларациясында жана башка эл аралык документтерде мамлекет аталган укуктарды камсыздоо милдетин мойнуна алып, диний уюмдарга карата мамилесин эл аралык документтердин негизинде түзөт.

***Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакт, 18-берене***

1. Ар бир адам ой, абийир жана дин эркиндиги укугуна ээ. Бул жаранга жеке өзү же башкалар менен биргеликте коомдук же жекече түрдө динди эркин карманууже кабыл алуу жана өз динин жана ишенимдерин эркин тутуу, ошондой эле диний жана ритуалдык ырым-жырымдарды жана окууларды аткаруу укугун берет.

2. Эч ким өзүнүн тандоосу боюнча динди же ишенимдерди кармануу же кабыл алуу эркиндигин чектеген кыстоого алынбашы керек.

3. Динди же ишенимдерди тутуу эркиндигин чектөө мыйзамда белгиленген жана коомдук коопсуздукту, тартипти, саламаттыкты жана адеп-ахлакты, ошондой эле башка тараптардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн керектелген чектөөлөр менен гана мүмкүн.


4. Бул Пактка катышкан мамлекеттер ата-энелердин жана тиешелүү учурларда мыйзамдуу камкорчунун балдарына өздөрүнүн ишенимдерине жараша диний жана адеп-ахлак тарбия берүү эркиндигин урматтоого милдеттендирилет.

1991-жылы «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзамдын негизиндиний толеранттуулук саясаты жана мамлекет тарабынан жарандардын диний ишенимдерин урматтоо жоболору түзөт. Бул мыйзам мамлекет менен диний уюмдар жана бирикмелердин өз ара мамилелерин жөнгө салуунун негизин түзүп берген. Ошол эле учурда аталган мыйзам республиканын диний чөйрөсүндө болуп жаткан факторлор жана тенденцияларга толук кандуу жооп бере албагандыктан, 2008-жылы «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамынын жаңы редакциясы кабыл алынган.

Мамлекеттик бийлик органдары тарабынан укуктук шарттардын камсыздалышы адам укуктары, абийир эркиндиги жана мыйзам устөмдүгү үчүн бекем негиз болуп берди. Бул Кыргызстандагы эгемендүүлүк мезгили жана демократизация жараянында диндин жана диний уюмдардын толук кандуу өнүгүүсүнө бөлгө түзүп берди. Көз карандысыздык жылдарында Кыргызстанда мамлекеттин демократиялуу саясатынын натыйжасында диний көп түрдүүлүк пайда болду.

Кыргызстан – аймагында ар кандай диндердин жана улуттардын өкүлдөрү жашаган көп улуттуу жана көп конфессионалдуу мамлекет. Ошондуктан мамлекеттин жана мамлекеттик органдардын негизги саясий-укуктук маселелери болуп диний жана улуттук каршылыкты жоюу,

конфессиялар жана этностор аралык ынтымак үчүн шарттарды түзүү жана өлкөбүздө ынтымак жана биримдикти орнотуу эсептелинет.





**Таянуу конспекти:**

**Суроолор жана тапшырмалар:**
1. КР Конституциясынын1-беренесине ылайык Кыргыз Республикасына мүнөздөмө бериңиз
2. Светтик мамлекеттин негизги принциптери кайсылар?
3. Дин тутуу эркиндиги эмнени түшүндүрөт?
4. Кыргыз Республикасынын жараны дин тармагындагы кайсы укуктар жана эркиндиктерге ээ?
5. Дин тутуу эркиндиги тармагында кандай эл аралык документтер бар?

**Сунушталган адабияттар:**
1. Конституция Кыргызской Республики.- Б., 2010.
2. Закон Кыргызской Республики «О свободе вероисповедания и религиозных организациях в Кыргызской Республике» от 30 декабря 2008 года № 282. - www.Religion.gov.kg
3. Энциклопедия религий и религиоведение - ReligioPolis www.religiopolis.org

4. Официальный сайт государственной комиссии по делам религии КР - www.religion.gov.kg
5. Глаголев В.С. Религия и политика / В.С. Глаголев // Писманик М.Г. Религиоведение. Учебное пособие для студентов вузов, обучающихся по направлению «Религиоведение». – М., 2009. - С. 195-208
6. Фрэзер, Дж.Дж. Золотая ветвь. Исследование магии и религии. / Пер. с англ. М.К.Рыклина — М.: Политиздат, 1980

## ТЕМА 10. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ азыркы учурдагы ДИНИЙ КЫРДААЛ



Кыргызстанда байыркы замандан бүгүнкү күнгө чейин ар кандай маданияттардын жана цивилизациялардын катмарлары сакталып келген. Тарыхтан белгилүү болгондой, орто кылымдарда өлкөбүздүн аймагынан Улуу Жибек жолунун бир бутагы өткөн. Бул факт ар кандай цивилизациялардын, өлкөлөрдүн жана элдердин ортосунда бир гана соода-сатыктык эмес, маданий баалуулуктардын дагы алмашуусуна шарттарды түзгөн. Бул жерде кылымдар бою перстер, кытайлар, түрктөр, моңголдор, кыргыздар, орустар ж.б. чоң этностордун кызыкчылыктары жана маданияттары жуурулушкан. Бул аймакта зороастризм, ислам, христиан, буддизм жана башка агымдар ынтымакта, кээде бири бирине катаал каршылык көрсөтүшүп бирге жашашкан. Кыргызстандын Орус империясынын, ал эми кийинчерээк – Советтер Союзунун курамына киргенден кийин динге ишенген калктын көпчүлүгү өзүн, негизинен, эки диний конфессияга таандык деп эсептешкен: ***сунний ислам жана православдык христианчылык.***

Салттуу ислам жана православчылыктан тышкары бул жерде христианчылыктын протестант багытындагы ар кандай агымдары да болгон. Мисалы,

- лютеранчылык, 1880-жылдары Түркстанда бир чиркөөлүк приход негизделген;
- баптисттер жамааты –1882-жылдан баштап;
- жетинчи күндүн күбөлөрүнүн жамааты 1915-жылы каттоодон өткөн;
- элүүнчүлүк XX-кылымдын биринчи он жылдыгында баптист немистер арасында тараган;
- Жахабалар Күбөлөрү мамлекеттик бийлик органдары тарабынан 1956-жылы катталган;
- католиктер – 1969-жылдан баштап.

Муну менен бирге, совет доорунда диний уюмдардын ишмердүүлүгү кыйла чектөөгө алынган. Алардын көпчүлүгүнө тыюу салынган, диний окуу жайлар ачык иштей алышкан эмес, чектелген сандагы адамдар гана Меккеге ажылыкка же умрага бара алышкан. Бул мезгилде чет өлкөлүк диний окуу жайларында аз сандагы адам окуган, өлкөдө миссионердик ишмердүүлүккө тыюу салынган, ал эми диний майрамдарды жана ырым-жырымдарды өткөрүү дээрлик мүмкүн болгон эмес.

Дээрлик жыйырма беш жылдык эгемендик доордон кийин конфессионалдык чөйрөнүн түзүлүшү кыйла өзгөрдү. Диний уюмдардын ишмердүүлүгү үчүн либералдуу чөйрөнүн түзүлүшү жана Кыргызстан тарабынан дин тутуу эркиндигинин жалпы ченемдерин аткарылуусу коомдогу диндешүү жараянынын өнүгүүсүнө өбөлгө түздү. Калктын динге

жана диний уюмдарга карата мамилеси кескин өзгөрүп, өзүн таанытуу жолунун бири катары динге болгон кызыгуу жогорулады. Мунун натыйжасында, Кыргызстандын аймагында көптөгөн диний агымдар, жамааттар жана окуулар пайда болду.



Жарыяланган дин тутуу эркиндиги динге ишенген мусулмандарга активдүү түрдө мечит жана медреселерди куруу мүмкүнчүлүгүн берди. Мисалы, 1990-жылы Кыргызстанда 39 мечит иштеген болсо, азыркы убакта өлкөдө 2000ден ашык мечит иш алып барат. Диний багыттагы объекттердин санынын дүркүрөгөн өсүшүнө калктын активдүүлүгү жана араб (Сауд Аравия, Египет, Кувейт), пакистандык, түрк жана ирандык диний уюмдардын жана ишкерлердин таасири жана каржылык жардамы түрткү болду.

Кыргызстанда эң чоң диний уюм болуп ***Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы (КМДБ***) эсептелет жана ал өлкөдөгү дээрлик баардык мусулман уюмдарын бириктирген жана көзөмөлдөгөн мекеме. Алардын катарына диний уюмдар, коомчулуктар, мечиттер, окуу жайлар, фонддор жана өлкөнүн аймагындагы башка ислам түзүлүштөрү кирет. Уюм **казы** деп аталган диний башчылар тарабынан жетектелген облустук жана республикалык маанидеги Бишкек жана Ош шаарларынын деңгээлинде иш алып барган кеңири казыяттар (өкүлчүлүктөр) тармагына ээ. Ар бир мечитти имам жетектейт.

***Кызыктуу экен!*** *XIX-к. аягында – XX-к. башында Орус империясынын аймагында төрт муфтият –мусулмандардын диний башкармалыктары болгон. Булар: Орто Азия жана Казахстан (борбору - Ташкент), Түндүк Кавказ (Махачкала), Закавказье (Баку) жана Европалык аймак жана Сибирь (Уфа) мусулмандарынын башкармалыктары болгон. Муфтияттар адатынча кичирээк башкаруу бирдиктер – мухтасибаттардан турган. Мындай түзүлүш кийинчерээк СССРге дагы өткөн.*

*1943-ж. башкы кеңсеси Ташкентте жайгашкан Орто Азия жана Казахстанмусулмандарынын башкармалыгы (ОАКМБ) түзүлгөн.*

*Кээ бир изилдөөчүлөр ОАКМБнын бара бара аброй топтоп СССРдин төрт мусулман диний башкармалыктын арасынан эң абройлуусуна айлангандыгын белгилешет. ОАКМБнынар бир жаңы муфтийи бардык советтик мусулмандардын лидери деген расмий эмес наамга ээ болууга болгон аракетин жумшаган. ОАКМБнын түзүлүүсү менен башка диний башкармалыктар бийлик тарабынан «советтик исламдын» жээктерин көрсөткөн экинчи даражадагы мекемелер катары карала баштаган.*

*ОАКМБнынбашчысы чет өлкөдө дагы чоң абройго ээ болгон.*

*40 жылга жакын убакыттын ичинде Кыргызстандын мусулман жамааттары беш өлкөнүн (Узбекистан, Казахстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Туркмөнстан) диний уюмдарынын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөгөн ОАКМБнын башкаруусу алдында болгон.*

*Казахстанда, Кыргызстанда, Тажикистанда жана Туркменистанда түзүлгөн казыяттар ОАКМБнын структуралык түзүлүштөрү болгон.*

*Эки диний окуу жай ОАКМБнын карамагында болгон: Бухарадагы «Мир Араб» диний окуу жайы (медресе, 1945-ж. бери) жана Ташкенттеги Ислам институту (1971-ж. бери). Бул окуу жайлар 1990-ж. чейин СССРде жалгыз окуу жайлар болгон.*

*1943-жылы республикада биринчи казыят ачылып биринчи казылар болуп Шакир Кожо уулу Алимхан төрө жана Шабдан уулу Камал молдо дайындалган. Алардын ишмердүүлүгүнүн убагында өлкөдө расмий түрдө 30 мечит ачылып, ал жакта жума намаздар өткөрүлүп турган.*

*1996-ж.26-декабрында мусулмандардын 1 Курултайы өткөрүлүп, ал жерде Молдо Абдусаттар Мажитов Кыргызстандын алгачкы муфтий болуп шайланган.*



***Орус православ чиркөөсү (ОПЧ)***

1891-жылы 4-май күнү Орус империясынын императорунун жарлыгы менен Ташкент жана Туркестан епархиясы ачылган, ошол күндөн тартып Кыргызстанда провaслав чиркөөсү расмий түрдө түзүлгөн. Алэми 2011-жылдын декабрь айында Орус православ чиркөөсүнүн Бишкек жана Кыргызстан епархиясы Ташкент епархиясынан бөлүнүп чыккан.

Азыркы тапта 49 храм каттоодон өткөн, анын ичинде бүткүл республика боюнча кайрымдуулук менен алектенген христиан-православ багытындагы диний окуу жайлар да бар.



***Католик чиркөөсү.*** Католиктер жамааты Кыргызстанда 1969-жылы тиешелүү советтик мамлекеттик органдар тарабынан каттоого алынган. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2016-жылдын январь айына карата берилген маалыматына ылайык, өлкөдө




католик жамаатына тиешелүү болгон 4 приход жана 1 миссия катталган. Миссионердик ишмердүүлүк Бишкек шаарында жүргүзүлөт, ошондой эле Жалал-Абад шаарында бир приход бар.

***Протестант агымдары,*** жалпысынан,16-кылымдагы Европадагы Реформация учурунда өнүгө баштаган батышчыл (бирок жалгыз гана эмес) христиан конфессиялар жана деноминациялардын тобу менен көрсөтүлөт.

Кыргызстанда протестант диний агымдарынын жайылуусунун экинчи толкуну 1991-жылына дал келет. Бул жылы өлкөгө өзүнүн окуусун жайылтуу максатында алгачкы чет өлкөлүк миссионерлер келе баштаашкан.



***Иудаист жамааты*** 1100дөн ашык (2010-жылга карата маалымат) жөөт жашап жаткан Бишкекте бир синагога өз ишин алып барууда. Кыргызстандын аймагында алгачкы ирет бухаралык жөөттөр Фергана өрөөнүнүн аймагында болжолдуу түрдө 15-к. отурукташкан. 1941-жылдын аягында Фрунзе шаарында алгачкы синагога негизделген. Кыргызстандагы жөөттөр жамааты өз элинин салттарын бекем сактоо менен бирге кыргыз жериндеги этностор жана конфессиялар аралык биримдикти бекемдөөгө катышып келет.

**Буддисттер**

Кыргызстанда буддизм борбордо катталган Чамсен аттуу бир диний жамаат менен көрсөтүлгөн. Бишкекте Пористин храмы иштейт. Ал жерде мезгил-мезгили менен кореялык монах Пубун Сыним кызмат кылат. Бирок уюмдун өзүнүн ишмердүүлүгүн жергиликтүү жашоочулар жүргүзүшөт. Тарыхчылардын айтканы боюнча, махаяна багытындагы буддизм арабдардын жортуулуна чейинки 8-к. азыркы Түркмөнстан, Өзбекстан жана Кыргызстандын аймактарында тараган. Кыргызстанда 6-10-кылымдардагы уйгурлар же батыш түрктөр тарабынан калтырылган буддист монастырларынын калдыктары табылган. Мисалы, Краснореченск шаарында (орто кылымдагы Невакет) боек менен тартылган сүрөттөрдүн жана



скульптуралардын баалуу фрагменттери, ошондой эле уктап жаткан Будданын монументалдык статуясы табылган.

***«Бахаи» ишеними (араб. «даңк, жаркылдоо»).*** Кыргызстанда аталган диний жамааттын жолдоочулары 90чу жылдарда пайда болушкан. Кыргызстандын аймагында бахаизмдин негиздери Бахаи диний бирикменин жактоочуларынын нацизм жана расизмге болгон терс мамилесин чагылдырган ыр-бийлер аркылуу көрсөтүлгөн. Бул ыр-бийлер бардык этносторду жана конфессияларды биригүүгө үндөгөн.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан диний чөйрөдө жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясаттын натыйжасында поликонфессионалдык мамлекет болуп эсептелинет. КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматы боюнча 2016-жылга чейин жалпысынан 2905 диний уюм каттоого алынган. Алардын ичинен:

| | |
|---|---|
| ***Ислам багытындагы*** | |
| Мечиттер | 2324 |
| Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы (КМДБ)<br>КМДБнын структуралык түзүмдөрү:<br>облустардагы жана Бишкек, Ош шаарларындагы казыяттар | 1<br><br>9 |
| Ислам окуу жайлары (медресе) | 92 |
| Ислам окуу жайлары (институты, университет) | 10 |
| Ислам фонддору, бирикмелер | 75 |
| ***Христиан багытындагы*** | |
| Диний уюмдар | 380 |
| ***Башка диний агымдагы*** | |
| Иудаист жамааты | 1 |
| Буддист жамааты | 1 |
| Бахаи жамааты | 12 |

Кыргызстандагы диний чөйрөнүнүн өнүгүшүн карап көрүп бул жараяндын ичиндеги диндин оң таасири жана өлкөдөгү диний ишмердүүлүктүн көйгөйлөрү сыяктуу негизги тенденцияларды баса белгилеп кетүү зарыл. Бирок, бүгүнкү күнү Кыргызстанда жарандардын диний негиздеги радикалдашуусу жана экстремисттик диний көз караштардын жайылуу жараяндары айкын байкалууда. Бул жараяндар мамлекеттин светтик моделине, өлкө жарандарынын укуктары жана эркиндиктерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын коомдук жана улуттук коопсуздугуна потенциалдуу коркунуч туудурушу мүмкүн.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында кайсы диндер жайылган?
2. Алар Кыргызстанда качан пайда болушкан?

3. Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүгүн жүргүзгөн негизги конфессияларды аныктап бергиле.
4. Силердин оюңар боюнча эмне үчүн ханафий мазхабындагы сунний ислам Кыргызстан үчүн салттуу дин болуп эсептелинет?
5. Кыргызстанда ишмердүүлүгүн жүргүзгөн диний конфессиялардын бирөөсү жөнүндө реферат даярдагыла.

**ЛИТЕРАТУРА:**

1. Государственная политика в религиозной сфере и основные религиозные течения в Кыргызстане, Б., 2015 г.,www.Religion.gov.kg
2. Государственная политика в религиозной сфере: законодательыне основы, Концепция и «традиционный ислам» в Кыргызстане, Б., 2015г.,www.Religion.gov.kg
3. Энциклопедия религий и религиоведение- ReligioPolis, www.religiopolis.org
4. Малашенко А. Исламское возрождение в современной России //Моск. Центр Карнеги. М:. 1998. 222– с
5. Архиепископ Владимир. ...А друзей искать на Востоке (Православия и Ислам: противостояние или содружество?) – Ташкент.: 2000. – 60 с.
6. ЯрковА. Очерк истории религий в Кыргызстане. – Б.: 2002. – 96 с.
7. Бедельбаев А. Из истории деятельности европейских миссионеров на севере Кыргызстана в XIX - нач. XX вв. // Материалы международной конференций «Буддизм и христианство в культурном наследии Центральной Азии». Бишкек. 2002

## ТЕМА 11. ЗАМАНБАП КООМДОГУ ДИНДЕР ЖАНА ЧЫР-ЧАТАКТАР

Баардык диндер чыдамдуулукка, сүйүүгө жана сый-урматка чакырат. Исламда Мухаммед Пайгамбар айланасындагы адамдарга карата чыдамдуу мамилеси менен өзгөчөлөнгөн.

Бул кызык! *Мухаммед пайгамбар Меккеде экенинде, Мединага көчө электеу, аны кандайдыр бир тууганы башка таш менен урат, бирок Мухаммед ага кол көтөрбөдү. Башынан жаракат алса дагы, ал чыдап, эч качан жамандыкка жамандык менен жооп кайтарбагандыгы, анын жогорку сабырдуулугу көпчүлүк тарыхый булактарда белгиленет. Мындай чыдамдуулукту өзгөчө балдарга кылган мамилесинде байкалган.Ийилип сыйынуу учурунда неберелери аны минип алаар эле, алардын түшүп кетерин күтүп, андан ары сыйынуусун уланта берүүчү экен.*

Христианчылыктагыжалпысүйүүнүнкүчүндушмандыдагысүйөбилүүтал абынкамтыганынанбилсекболот.

*Менсилерге айтамын: өзүңөрдүн душманыңарды сүйгүлө, силерге наалат айткан кишиге батаңарды бергиле, силерди жек көргөндөргө жакшымамиле кылгыла жана силерди таарынткандар жана куугунтуктагандар үчүн дуба кылгыла. (Мф. 5:44)*

Буддизм менен индуизмге келгенде, бул диндер дагы тынчтыкка чакырышат. Будда башка диндерге карата чыдамдуулук болушу керектигин баса белгилеген. Изилдөөчүлөр М.С.Уланов, В.Н.Бадмаевдин ою боюнча бул аталган принциптин тарыхтагы алгачкы жарыяланышы болуп эсептелинет[6]. Ошондой эле Будда рухий жактан жетиле элек болуп мугалимге өз каалоосу менен келе электерге өздөрүнүн окуусун таңуулоодон алыс болууга чакырган. Будданын ою боюнча ар бир издөөчү рухийликти өз алдынча табуу укугуна ээ.

***Бул кызык!***

*Буддизм өзүнүн жактоочуларына жаныбарларды курмандыкка чалууга тыюу салган жана жандыктарга зыян келтирбөө максатында согуштардын жарыяланышына каршы болгон. Буддизмди кабыл алып колдогон көптөгөн жетекчилер басып алуу жүрүштөрүнөн баш тартышкан. Буга эң белгилүү мисал – Ашока (б.з.ч. III-к.), Маурий индиялык династиясынын үчүнчү императору болгон.*

[6] Уланов М. С., Бадмаев В. Н. Буддийские ценности и проблема толерантности в современном мире // Научная мысль Кавказа. — Ростов-на-Дону, 2013. — № 3 (75). — С. 43—45.

*«Баардык адамдар – менин балдарым».*
*«…Кандай болбосун, башка динге сый-урмат көрсөтүш керек. Мындай сый урмат көрсөтүү менен адам өзүнүн дини игиликке жеткирип башка динге колдоо көрсөтөт. Сый-урмат көрсөтпөө менен ал өзүнүн дининин тамырларын жулуп башка динге зыян келтирет».*


Бирок, ак ниеттердин тынчтыкка, чыдамдуулукка чакырууларга карабастан, тарыхта көптөгөн массалык түрдө өлтүрүүлөрдүн мисалдары сакталган. Аларды кылган адамдар диндин талаптарына ылайык иш аткарып



жаткандыгына ишенишкен. Бул жердеги ишенимдерге сокур, кыңк этпестен баш ийүүдө *фанатизм* деген көрүнүштүн белгилери ачык байкалат, себеби, кайсы бир ойго, көз карашка же ишенимге чектен чыгып берилүү фанатизм деп эсептелинет[7].

Бул берилүү көбүнесе башка көз караштар жана ишенимдерге чыдамсыздык, нерселерди критикасыз кабыл алуу менен коштолот. Диний-философиялык чөйрөдө фанатизм абдан байкалат.

***Чыдамдуулук*** – бул акыл маданиятынын бийик деңгээлинин, дүйнөгө болгон кенен көз караштын, заманбап коомдун көп тараптуулуктугун жана көп маданияттулугун түшүнүүнүн белгиси. Ал башкалардын ойлоруна жана ишенимдерине болгон сый-урмат аркылуу билдирилет. Фанатизм феномени жалгыз гана диний болбойт. Мисалы, саясий партиялар өздөрүнүн принциптерин жактоо максатында оппозициянын ар кандай түрлөрүн басып



салууга даяр болот. Саясий чыдамсыздык диний чыдамсыздыктан эч кем калышпайт. Экөө тең көп учурда ар кандай деңгээлдеги чыр-чатактардын себеби болушу мүмкүн.

***Чырчатак*** түшүнүгү кенен жана күңүрт мааниге ээ. Бул түшүнүк белгилүү бир тармакта колдонулганда гана мааниси аныкталат. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк тажрыйбада чыр-чатактардын ар кандай түрлөрү байкалат. Бул чыр-чатактар эл аралык жана ички болуп бөлүнөт. Эл аралык чыр-чатактардын ичинен эңтаанымалы *согуш* – эки же андан көп өлкөнүн ортосундагы куралдуу күрөш. Дпгы бир түрү болуп чет элдик күчтөрдүн башка бир өлкөдө болуп жаткан ички чыр-чатакта расмий бийликти же оппозициялык күчтөрдү колдоо иретинде катышуусу саналат.

[7]Свободная энциклопедия «Википедия» https://ru.wikipedia.org

Экинчи жактан алып караганда, ички чыр-чатактардагы ар кандай түрлөргө бөлүнөт. Аталган чыр-чатактар жарандык согуштан баштап, белгилүү бир аймакта өтүп жаткан куралдуу көтөрүлүш же каршылык көрсөтүү, баш аламандыктар же зомбулук актыларына (барымтага алуу, массалык түрдөгү өлтүрүүлөр ж.б.) чейин ар кандай деңгээлде болушу мүмкүн. Активдүүлүк деңгээлинен тышкары ички чыр-чатактар ошондой эле расалык, этникалык диний, аймактык ж.б. негиздеги чыр-чатактар болуп бөлүнөт (классификацияланат). Чыр-чатактар саясий тайпалардын, криминалдык топтордун күрөшү болуп же социалдык-турмуштук мүнөзгө ээ болушу мүмкүн. Бул чыр-чатактар зомбулуктуу болбостон коомдо курч чыңалууну жана коркунучту, ошондой эле аларды куралдуу кагылышууга айлантуу коркунучун жараткан социалдык же саясий күрөш катары өнүгүшү мүмкүн. Ошондуктан башында зомбулуктуу эмес, кийинчерээк зордуктуу мүнөзгө ээ болгон чыр-чатактардын себептерин жана шарттарын түшүнүү жана аныктап алуу абдан маанилүү.

***Бул кызык!*** *Норвегиялык изилдөөчүлөр Н. Палмер жана И. Г. Перкинс эсептегендей, с б.з.ч. 3600ж. 20-кылымдын ортосуна чейин адамзат 300 жыл гана тынчтыкта жашаган, калган бардык убактарда согушуп, анынжалпы узактыгы 26 миң жылды түзгөн 14,5 миң согуш болуп, 3,5 млрд. ашык адам өмүрү кыйылган.*

Тарыхый өнүгүүдө саясат менен диндин өзгөчө биригүүсүнүн мисалы *диний согуштар* болгон – ар кайсы диний тайпалардын өкүлдөрүнүн ортосундагы кээде бир мамлекеттин ичинде боло турган куралдуу чыр-чатактар. Мисалы, Франциядагы XVI-к. экинчи жарымындагы католиктер менен кальвинисттердин (гугеноттор) ортосундагы гугеноттук согуш. Заманбап шарттарда мындай маселелер диний аң-сезимди ташуучулар тарабынан жүргүзүлгөн саясий зомбулуктун күчөшүнө байланыштуу актуалдуу мүнөзгө ээ болушат. Бул саясий зомбулук фанатизм формасына айланып, чыдамсыздыкка жана өзүнүн позицияларын күч менен таңуулоого алып барат. Мунун натыйжасында ***диний радикализм, зомбулуктуу экстремизм, терроризм*** көрүнүштөрү пайда болот.

Бүгүнкү күндө ааламдык деңгээлде өтүп жаткан улуттук жана маданияттык окшоштукту издөө жараяны көбүнесе жарандардын диний сезимдерин билдирүү түрүндө өтүп жатат. Биз саясий элитанын алмашуусу көпчүлүк учурда диний мүнөздүү болуп бараткандыгын камтыган ааламдык деңгээлдеги ыңкылаптын күбөсү болуудабыз.

Бүгүнкү күндө деструктивдүү диний топтордун ишмердүүлүгү менен байланыштуу маселелердин актуалдуулугунда шек жок. Экстремизм жана терроризм жалпы дүйнөлүк коомго жана жеке Кыргыз Республикасына коркунуч туудурары бышык. Акыркы мезгилде идеологиялык алдамчылыктын торуна түшкөн жаш өспүрүмдөр жана улан-кыздар радикалдуу көз караштардын жактоочуларынын курмандыгына

айланышууда. Расмий маалыматка ылайык, 500 жакын Кыргызстан жарандары Жакынкы Чыгыш жана Сириядагы согуш иш-чараларга катышууда. Эксперттер Кыргыз Республикасынын аймагында радикалдуу маанайдын таралышын калктын диний баалуулуктар жөнүндө түшүнүгү үстүртөн болгондугу, диний сабатсыздык менен байланыштырышат.

Бул маселени карап жатып деструктивдүү ишмердүүлүктүн бир түрү болгон экстремизм убакыттын өтүшү менен күч колдонулган чыр-чатакка өсүп кете тура алгандыгын баса белгилеп кетүү керек. Экстремисттик ишмердүүлүккө системалуу түрдө мыйзамдардын бузулушун, кылмыштарды, ошондой эле көп учурда диндин, этникалык тууганчылыктын, саясий идеологиянын ж.б. бийик баалуулуктарын жамынган террористтик ишмердүүлүктү дагы мисал келтирүүгө мүмкүн. Мындан улам, ишмердүүлүктүн кайсы түрү потенциалдуу коркунучка ээ болуп, тыюу салынгандардын катарына кирип кирбестигин так аныктап алуу абзел.

Бүгүнкү күндө уюмдардын радикалдуу, деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүгүнө түрдүү түшүнүктөр жана аныктамалар берилип келет. Бул көрсөтүлгөн ишмердүүлүктү анализдөө жана карама-каршылык көрсөтүү жараянындагы теоретикалык, практикалык катыштар менен түздөн-түз байланыштуу. Ошондой болсо дагы бул терминдерди колдонууда жана аны түшүнүүнүн кээ бир чектөөлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот.

Радикализм тууралуу сөз кылууда бул сөздүн түпкү маңызын, анын мелүүн же адекваттуу түшүнүүдөн айырмаланып, кандайдыр бир иш-аракетти чечмелеп берүүдө апыртылган же чектен ашкан кабыл алуу катары түшүнүү керек. Мисалы, айрымдар өздөрүн дин өкүлү катары көрсөтүү менен светтик мамлекеттин принциптерин диний уюмдарга бөгөт катары кабыл алышат жана мамлекеттин мыйзамдары, башка адамдардын пикирлери, коомдук түзүлүш, салттары менен эсептешпей, диний ырым-жырымдарды өтө кылдаттык менен аткарууга далалат кылышат. Мындай учурда адам аң-сезимине баш ийбей, чектен ашып кетет деп айтылат.

Экинчи жактан, кээ бир адистер радикализмди социалдык-саясий ой, ошондой эле коомдо калыптанган түзүмдөрдү чечкиндүү түрдө өзгөртүүгө багытталган иш-аракеттер катары кабыл алышат. Бирок радикалдашуунун деңгээли ар кандай болушу мүмкүн, ал деңгээлге жараша адам, коом жана мамлекетке коркунуч туудурушу же туудурбашы мүмкүн. Адам радикалдуу түрдө ой жүгүртүп талкуулай алат, бирок иш жүзүнө келгенде өтө чектен ашкан чечимдерди кабыл алуудан оолак болушу керек. Коом жана мамлекет үчүн радикалдуу ойлордун практикалык түрдө ишке ашуусу негизги коркунучту алып келет. Бул, өз кезегинде, мыйзамсыз ишмердүүлүктүн башка бир категориясына кирет. Мындай учурларда ойлордун радикалдуулугу идеялык негизди жаратууга шарт түзөт жана аларды иш жүзүнө ашырууга умтулууну пайда кылат. Бул жагдайда биз деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүк тууралуу сөз кыла баштайбыз.

Фундаментализм түшүнүгүнө ылайык адам тигил же бул окууга же практиканын фундаменталдык негизине таянат жана алардын пайда болуу мезгилиндекандай болсо ошондой бойдон, коомдогу жашоо шарттардындагы, салттарындагы өзгөрүүлөрдү эске албастан кабыл алууну жактайт.

Диний фундаментализм тууралуу сөз кылып жатып диний ченемдерди (канондорду) кабыл алууну кароо керек. Мында алар пайда болгон мезгилден баштап өзгөргөн жагдайды эске албастан, ошол мезгилдин шарттарында 1000-2000 жыл мурунку социалдык-маданий, экономикалык, технологиялык жана саясий өнүгүүнү талдап чыгуу керек. Мындай кабыл алуу коомдун өнүгүү жараянын четке кагат жана адамдын жашоо ишмердүүлүгүнүн шарттарында кээ бир фундаменталдык диний принциптердин практикалык жактан иш жүзүнө ашырууда мамлекеттин жүргүзүп жаткан мыйзамын бузууга алып келиши мүмкүн.

**Экстремизм** түшүнүгүн кароодо негизги көңүл радикалдуу же фундаменталдуу ойлордун практикалык иш жүзүнө ашырылуусуна бурулат. Ал коюлган максаттарга аргасыз методдорду же тыюу салынган ыкмаларды колдонуп жетүүгө умтулат. Классикалык түшүнүккө ылайык, ***экстремизм (лат. «extremus» – четтен чыккан)*** коюлган максатка зордук-зомбулук ыкмалары аркылуу жетүү дегенди билдирет. Бүгүнкү күндө экстремизм тууралуу сөз кылып жатып кандайдыр бир максатка, ишмердүүлүккө, максаттарга жетүү үчүн мыйзамсыз иш-чараларды жүргүзүүгө багытталган аракеттерди дагы кошууга болот. Мындай талкуулоолор зордук-зомбулуксуз жана зордук-зомбулук менен коштолгон экстремизм түшүнүктөрүн дагы билдирет, бул учурда мыйзам бузуулар үчүн жоопкерчилик тартуу каралат.

Совет доорунан кийинки мезгилдеги экстремизм түшүнүгүн карап жатып, 2001-жылы 15-июнда Шанхайда болуп өткөн терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы күрөшүү тууралуу Конвенциясынан мисал келтирүүгө болот. Конвенциянын маалыматтары боюнча, *«**Экстремизм** - бул бийликти зордук менен кармап туруу же зордук менен өзгөртүү үчүн, ошондой эле мамлекеттин конституциялык түзүлүштүн зордук менен өзгөртүүгө багытталып, коомдук коопсуздукка зомбулук менен кийлигишүү, анын катарында мыйзамсыз куралданган түзүмдөрдү түзүү жана аларга катышуу дагы кирет».*

Кыргызстадын укук коргоо органдары экстремизм түшүнүгүн коомдо болгон ченемдерди жана эрежелерди четке каккан, чектен ашкан көз караштар жана иш-аракеттер катары кабылдашат. Бул кайсы гана коом болбосун коркунучтуу кубулуш болуп эсептелт. Ал Кыргыз Республикасынын мамлекеттик биримдигин жана коомдук коопсуздугун бузат, конституциялык түзүлүшүнүн негиздерине коркунуч жаратат. Экстремизмдин базалык негизи болуп идеялык маңызга толгон агрессивдүүлүк эсептелет.




Экстремисттик ишмердүүлүктүктүн түрлөрүнө «диний экстремизм», «саясий экстремизм», «улуттук экстремизм» түшүнүктөрүн кошууга болот. Бул шарттуу бөлүштүрүү, ошентсе да маңызында терс көз караштардын катуу идеяларын колдонууга жана коомчулукта дин жаатында салттуу түзүлүшкө карата, калктын




саясий, этникалык курамына негизделет. Кыргызстандагы экстремисттик ишмердүүлүк түшүнүгүнүгүнүн аныктамасы Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамында кененирээк берилген.

Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар экстремисттик ишмердүүлүк жүргүзгөндүгү үчүн Кыргыз Республикасы мыйзамдарына ылайык бекитилген тартипте кылмыштуулук жоопкерчиликке тартылат. Кыргыз Республикасынын Жаза кодексинин 299-беренесине ылайык: 1.«Улуттук, расалык же диний кастыкты козутууга, улуттук ар-намысты басмырлоого багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын динге карата мамилесинин, улуттук же расалык таандуулугунун белгилери боюнча өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын эл алдында же массалык маалымат каражаттарын пайдалануу менен пропагандаласа-эсептик көрсөткүчтүн жүздөн беш жүзгө чейинки өлчөмүндө айып салынат же болбосо алты айга чейинки мөөнөткө камакка алынат, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2) Ошол эле жосундар зомбулук кылуу же зомбулук кылам деп коркутуу менен, өзүнүн кызмат абалынан пайдаланган адам тарабынан, уюмдашкан топ тарабынан жасалса, үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Экстремизмге байланыштуу дагы бир категория болуп ар кандай мааниге ээ болуп жалпы аныктамасы болбогон **терроризм** түшүнүгү эсептелет. Террористтик актылардын өзү эле экстремизмдин категориясына кирет. ***«Терроризм»*** термини (*террор-коркутуу сөзүнөн келип чыккан*), ал «террористтик актты ишке ашыруунун объектисин коркутууга багытталган зордук-зомбулук методу» катары аныкталат. Ошентип, терроризм дагы

зордук-зомбулук саясаты же тактикасы болуп саналат. Бүгүнкү күндө ***саясий терроризм*** жана ***эл аралык терроризм*** деген түшүнүктөр бар. Алар саясий максаттын, ошондой эле бул жараянда чет өлкөлүк компоненттердин (максаттарда, объекттерде, катышуучуларда же терракт өтүүчү жерде) болгондугу же болбогондугу менен мүнөздөлөт. Терроризм жаатында белгилүү англиялык эксперт Пол Вилкинсон саясий терроризмге «өз саясий талаптарынын мүдөөлөрүнө жетүү үчүн адамды, бир нече адамдардан турган топторду, коомду коркутуу аркылуу жасалган кыйратуулар, коркутуу, өлтүрүүлөр жана системалык актылар» деген аныктама берген. Жөнөкөй сөз менен айтканда, **терроризм** – бул зордук-зомбулук көрсөтүү аркылуу мамлекетти же коомду коркутуунун тактикасы – «күч колдонулган коркутуу (*coerciveintimidation*)». Зомбулуктун бул түрүндө объект аныкталбайт жана ал каалаган адам болуп калышы мүмкүн. Терроризм тактикасынын негизги максаты коомдо башаламан абалды жаратып, социалдык-саясий жагдайды бошоңдотуп, мамлекетти репрессияны күчөтүүгө мажбурлоо, мунун натыйжасында, куралдуу чыр-чатакты өнүктүрүү үчүн жагымдуу жагдай түзүү болуп эсептелет. Ошондуктан, көптөгөн экстремисттик уюмдар дал терроризмдин тактикасын өз максаттарына жетүү үчүн колдонуп келет. Террористтик аракеттер ар дайым коомдук мүнөздө болуп коомду же бийликти коркутууга багытталган. Бүгүнкү күндө террордун эң тараган жана эффективдүү ыкмалары болуп тынч, алсыз жарандарга карата жасалган зордук-зомбулук саналат жана бул иш-аракеттердин натыйжалары сөзсүз түрдө жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырылат.

***«Экстремизм»*** жана ***«терроризм»*** аныктамаларынан сырткары деструктивдүү ишмердүүлүк түшүнүгү бар. Ал сөз кеңири мааниге ээ болуп, экстремисттик жана террористтик уюмдардын деструктивдүү ишмердүүлүгүн камтышы мүмкүн. Ошентсе дагы көпчүлүк учурда деструктивдүү ишмердүүлүк түшүнүгү экстремизмдин жана терроризмдин деңгээлине жетпеген социалдык-саясий абалды туруксуздаштырууга багытталган күч колдонулбаган ишмердүүлүк катары кабыл алынат. Мисалы, деструктивдүү, экстремисттик же террористтик уюмдардын ишмердүүлүктөрүнө тыюу салуу боюнча соттук чечимдерди негиздөөдө айырмачылыктар бар. Мындан улам, Кыргызстанда жаңы кабыл алынган диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясынын алкагында деструктивдүү диний уюм төмөнкүдөй аныкталат: **деструктивдүү диний уюм** - мындай ишти диний жүйөө боюнча жасаган уюм жана ал адамдын жана жарандын негиз болуучу укуктары менен эркиндиктерине, коомдо орун алган жаратуучу каада-салттарга жана ченемдерге жана коомдун бүтүндүгүнө коркунуч жаратат.

### Экстремисттик агымдардын идеолдогиялары: чындыкпы же жалганбы?

Саясий аренада ар бир партиянын өзүнүн максаттары бар. Ал максаттарга жетүү үчүн партия тарабынан ар кандай ыкмалар колдонулат. Бүгүнкү күндө динди бурмалаган көптөгөн радикалдуу агымдар бар. Тилекке

каршы, алар өздөрүнүн керт башынын пайдасын ойлогон иштери үчүн исламдын баалуулуктарын колдонуп келишет. Дүйнөдө болуп жаткан акыркы окуялардын натыйжасында исламды экстремизм жана терроризмге теңеген ар кандай ойлордун таралышы өкүндүрөт.

Чындыгында, ислам – тынчтыктын, биригүүнүн, чындыктын жана акыйкаттын дини. Ислам деген сөз «салам» деген араб сөзүнөн келип «тынчтык» деген маанини билдирет. Ошондуктан Мухаммед пайгамбар өзүнүн осуят сөздөрүнүн биринде «Бири-бириңерге салам айтып жүргүлө» деп айткан. «Вассалоом алейкум» деген сөз араб тилинен «Сизге тынчтык болсун» деп которулат. Ал эми дагы бир башка осуятында «Мусулман – бул башкаларга тили жана колу менен тынчтык жасаган адам» деп айткан.

Исламдын коомдогу ордун талкуулап жатып, анын ар бир мусулман үчүн эң биринчиден тынчтыктын, коомдук ынтымактын, чыдамдуулуктун жана бейпилдиктин дини болгондугун белгилеп кетүү абдан маанилүү. Дал ушул себептен радикалдуу иделогиялар, экстремисттик жана террористтик кыймылдар тарабынан колдонулган аргументтер исламдын чыныгы диний ченемдерин жана баалуулуктарын бурмалагандыгы бышык. Төмөндө ал уюмдар колдонгон кээ бир негизги аргументтер берилет:

1. *Мусулман жана мусулман эместерге каршы күрөштүн негизин түзгөн каапырчылык күнөөсүн койгон (такфиризм) ою.* Ислам тынчтыктын дини болуп толеранттуулукка таянгандыгын жана көп улуттуу жана көп конфессионалдуу коомдо жашоого мүмкүнчүлүк берээрин эстен чыгарбоо керек. Мындай туура эмес идеология бардык адамдарга каапырчылык күнөөсүн койгон «такфириттерге» мүнөздүү. Экстремисттик агымдар дагы каапырчылык ойлорун таратышат. Ошентип, өзүн мусулман эсептеген, бирок намаз окубаган, орозо кармабаган жана башка диндин өкүлдөрү менен мамиле түзгөн адамга каапырчылык күнөөсү тагылат. Ислам дининде бир мусулман башка мусулманды каапыр деп айтууга укугу жок. Мындай өкүмдү чыгарууга Жараткан Алла Тааланын гана укугу бар. Тилекке каршы, Мухаммед пайгамбардын башканы каапыр деп айтууга тыюу салган осуяттары унутта калды.

2. *«Жихадка чакыруу».* Жихаддын эки түшүндүрмөсү бар. Биринчи тушүнүк боюнча, «чоң жихад» же негизги жихад бул мусулмандын өзүнүн жаман адаттары, кемчиликтери жана напсиси менен күрөшүүсү. Жакшы мусулман болуш үчүн адамдарга жакшылыктарды жасап, өзүңдүн кемчиликтериң менен күрөшүүң керек. Экинчи түшүнүк боюнча, «кичи жихад» өзүндүн мекениңди, үйүңдү, үй бүлөңдү жана мусулмандарды куралдуу агрессиядан коргоо максатында душмандар менен согушууну билдирет. Бирок, ойлоп чыгарылган жалгандын жана өздөрүнүн туура эмес тушүндүрмөсүнүн негизинде экстремисттер дүйнөнүн бардык булуң-бурчунан бойго жете элек жаштарды жихадка чакырып, өздөрүнүн катарын толукташууда. Алардын четтен ашкан ойлорун бөлүшпөгөн башка мусулмандар, алардын ою боюнча, «исламдын душмандары» же каапырлар болуп эсептелет. Мындан улам, экстремисттер жана террористтер аларга «ыйык согуш» - жихад жарыялашат. Бул жихад түшүнүгүн түп тамырынан

бери туура эмес талкуулоо жана аны өзүлөрүнүн кызыкчылыгы үчүн бурмалоо.

3. *Халифат ислам мамлекетин түзүүгө чакыруу.* Мусулмандарга Мухаммед пайгамбардын мезгилинде болгон Халифатта жашоо талабы коюлбайт. Мухаммед пайгамбар анын өлүмүнөн кийин мусулмандардын 30 жыл Халифатта, андан кийин Султанатта (монархия) жашай тургандыгын алдын ала айткан. Мындан тышкары, мусулман мамлекетине коюлган ар кандай талаптар бар. Алардын кээ бирөөлөрү азыркы демократиялык мамлекеттерде бар деп айтсак болот. Буга мусулмандарга каршы репрессиялар же басым болбогон мусулман демократияларын же мамлекеттерин мисал катары келтирсе болот.

Бүгүнкү күндө тыштан келген экстремисттик уюмдардын негизсиз идеологиялары кылымдар бою муундан муунга өткөрүлүп келе жаткан рухий баалуулуктарга терс таасирин тийгизүүдө. Ошондуктан, коомубуздун учурдагы негизги маселелери - маданий баалуулуктарды жана салттарды бекемдөө, өлкөбүздүн тандаган демократиялык, светтик жана укуктук мамлекеттик өнүгүү жолунан жазбоо болуп эсептелет. Ошондуктан, мамлекет тарабынан колдоого алынган жергиликтүү маданий баалуулуктарды жана салттарды эске алып,өлкөбүздө динди светтик принципке каршы койбогон ханафий мазхабы менен матуридий акыйдасын сактап калуу- алдыңкы милдеттерден болуп олтурат. Мындай жол өзүбүздүн индивидуалдуулугубузду жана өзгөчөлүгүбүздү сактап калуу менен бирге фанатизмдин чектен ашкан ойлоруна жана чоочун иделогиялардын терс таасирине каршылык бере алабыз.

***Кызыктуу экен!***

***БУУнун Жобосуна Киришүүсүндө төмөнкүдөй кереметтүү сөздөр бар:***

*Биз, бириккен улуттардын элдери*

- *жашообузда эки жолу адамзатка чексиз кайгы алып келген согуштун балекетинен келечек муунду арылтууга, жана*
- *адамдын негизги укуктарына, инсандын намысына жана баалуулугуна, эркектердин жана аялдардын теңдигине, ошондой эле чоң жана кичи улуттардын укуктарынын бирдей болгонуна ишенүүнү жандандырууга, жана*
- *келишимдердин жана эл аралык укуктун башка булактарынын негизинде келип чыккан милдеттерге болгон акыйкаттуулук жана урматтоо сактала турган шарттарды түзүүгө, жана*
- *чоң эркиндиктин ичинде социалдык өнүгүү жана жашоо деңгээлин жакшыртууга көмөктөшүүгө*

*ТОЛУГУ МЕНЕН УМТУЛУП ЖАНА БУЛ МАКСАТТА*

- *чыдамдуу болуп жакшы кошуналар сыяктуу ынтымакта бирге жашоону жана*
- *эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо үчүн күчтөрүбүздү*

*бириктирүүнү жана*
*• куралдуу күчтөр бир гана жалпы кызыкчылык үчүн колдонулушун камсыздоо үчүн принциптерди кабыл алып, ыкмаларды белгилөөнү; жана*
*• бардык элдердин экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү үчүн эл аралык аппаратты колдонууну*

*ЧЕЧТИК.*

Экстремизмдин жана терроризмдин алдын алуу, деструктивдүү мүнөздөгү салттуу эмес агымдардын ишмердүүлүгүнө бөгөт коюу – мамлекеттин эң маанилүү милдеттеринен болуп эсептелинет. Баардыгыбыз бир коомдо жашайбыз. Ар биринин өзүнүн принциптери, кызыкчылыктары, ойлору, каалоолору жана максаттары болгон миң түркүн адам тегеректеп турушат. Заманбап дүйнө дал өзүнүн көп түрдүүлүгү жана көп кырдуулугу менен керемет. Бирок муну бардык адамдар түшүнүп кабыл ала алышпайт, ошондуктан чыдамсыздык жана агрессия ойлору пайда болот. Бирок ар бирибиз бул кыйроого бөгөт болуп бере алабыз. Эгерде биз алган билимибизди туура колдонуп, аны күн сайын байытып турсак, бул бириккен, мамлекеттик жана коомдук түзүлүштү жакшыртуу ойлору үстөмдүк кылган күчтүү коомду түзүүгө шарт түзүп берет.




Адамдардын баалуулуктары жана принциптери аларга берилген артыкчылыкка жараша болот. Алар өз ара байланыштуу болуп бири бирисиз боло алышпайт. Биздин милдетибиз – биз үчүн биринчи кезекте маанилүү болгон максаттарды жана аларга жетүүнүн ыкмаларын аныктай билүү. Бүгүнкү күндө дал жаш муун тарабынан динге жана мамлекетке болгон көз карашына карабастан, Кыргызстандын ар бир жараны уникалдуу болуп эсептелине турган шарттардын түзүлүүсү зарыл. Анткени анын өзүнүн тагдырын издөөсү ар дайым көркөм адабиятта, окуу китептеринде жана ыйык китептерде жоопторду издөө менен коштолот. Бул натыйжада келечектин прогрессивдүү адамынын өкүлүн тарбиялап чыгат.

***Эсиңерге сактагыла!***

**<u>КР Конституциясы, 4-берене</u>**

**4.** Кыргыз Республикасында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

5) иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине.

**Таяныч конспект:**

→Чыдамдуулук -…

→Кайсыбиройго, көз карашка же ишенимге чектен чыгып берилүү- бул…

→Чыр-чатак – бул ...

→Чыр-чатактардын классификациясы: эл аралык/ички

→Диний согуштар - …

→Радикалдуу мүнөздөрдүн таралышы … менен байланыштуу

→... түпкү маңызын анын мелүүн же адекваттуу түшүнүүдөн айырмаланып, кандайдыр бир иш-аракетти чечмелеп берүүдө апыртылган же чектен ашкан кабыл алуу же түшүндүрүү.

→Фундаментализм –…

→Диний фундаментализм - …

→Кандайдыр бир максатка, ишмердүүлүккө, мыйзамсыз максаттарга жетүү үчүн мыйзамсыз иш-чараларды жүргүзүүгө багытталган аракеттер - бул…

→Экстремизм – бул…

→Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар экстремисттик ишмердүүлүк жүргүзгөндүгү үчүн КРнын мыйзамы тарабынан бекитилген тартипте...

→Терроризм – бул…

→Деструктивдүү ишмердүүлүк- ….

→Экстремисттик уюмдар тарабынан колдонулган аргументтер:

Такфириттер –

→Мусулмандын өзүн менен, өзүнүн жаман адаттары, кемчиликтери жана напсиси менен күрөшүү. Жакшы мусулман болуш үчүн адамдарга жакшылыктарды жасап өзүндүн кемчиликтериң менен күрөшүү керек…

→Исламда «кичи жихад» … коргонуу позициясын түшүндүрөт

→Мусулман демократияларын жана мамлекеттерди мисал катары келтирсе болот …

→Биздин коомдун негизги маселесиболуп…саналат

→Крнын Конституциясынын 4-беренесине ылайык …

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1.Силер чыр-чатактардын кандай түрлөрүн билесиңер?

2.Диндер чыр-чатактарга кандай карайт?

3. «Фанатизм» жана «радикализм» терминдери эмнени түшүндүрөт?

4. «Чыдамдуулук», «толеранттуулук» терминдерин аныктап бергиле?

5.Экстремизге аныктама берип анын түрлөрүн атап бергиле?

6. Терроризм деген эмне, анын кандай максаттары бар?

7. Экстремисттик диний уюмдардын идеологиялык аргументтеринде диндин баалуулуктары кантип бурмаланат?

**ЛИТЕРАТУРА:**

1. Государственная политика в религиозной сфере и основные религиозные

течения в Кыргызстане, Б., 2015 г.,www.Religion.gov.kg2. Государственная политика в религиозной сфере: законодательные основы, Концепция и «традиционный ислам» в Кыргызстане, Б., 2015г.,www.Religion.gov.kg
3. Энциклопедия религий и религиоведение- ReligioPolis, www.religiopolis.org4. Куприянова Г.М. Взаимодействие религиозной и политической сфер общества: история и современность/Вестник БДУ, 2011г., сер.3, №2
5.Политология: Лексикон. Под редакцией А.И. Соловьева. М.: Российская политическая энциклопедия (РОССПЭН), 20076. Уланов М. С., Бадмаев В. Н. Буддийские ценности и проблема толерантности в современном мире // Научная мысль Кавказа. — Ростов-на-Дону, 2013. — № 3 (75). — С. 43—45.
7. Свободная энциклопедия «Википедия» https://wikipedia.org

# МАЗМУНУ

Кириш сөз ........................................................................................................ 3
1-тема. ДИН МАДАНИЯТЫНЫН ФЕНОМЕНИ ............................................... 4
2-тема. Алгачкы диний ишенимдер (1 саат). ..................................................... 15
3-тема. Байыркы диний ишенимдер .................................................................... 24
4-тема. УЛУТТУК ДИНДЕРДИН МАДАНИЯТЫ ............................................ 36
5-тема. Дүйнөлүк диндер: Буддизм (1 саат). ...................................................... 54
6-тема. ХРИСТИАН ДИНИ АЗЫРКЫ ДҮЙНӨДӨ .......................................... 59
7-тема . Ислам: тарых жана азыркы мезгил ....................................................... 79
8-тема. Кыргызстанда ислам дининин таралышы(2 саат). ................................ 96
9-тема. АЗЫРКЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН .......... 103
10-тема. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ азыркы учурдагы ДИНИЙ КЫРДААЛ ..... 111
11-тема. ЗАМАНБАП КООМДОГУ ДИНДЕР ЖАНА ЧЫР-ЧАТАКТАР ... 117

# Дин маданиятынын тарыхы

Көлөм 8,125 уч.изд.л.
Тираж 100 экз. Заказ № 91

ЖЧК «Алтын Принт» басмаканасы
720000, Бишкек ш., Орозбеков көч. 44
Тел.: (+996 312) 62-13-10
e-mail: altyntamga@mail.ru